Бишкек шаары, Өкмөт Үйү
2008-жылдын 13-февралы № 47

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын 2008-2010-жылдарга карата улуттук энергетика программасы жана отун-энергетика комплексин өнүктүрүүнүн 2025-жылга чейинки стратегиясы жөнүндө

Отун-энергетика комплексинин натыйжалуу иштешин камсыздоо жана республиканын энергетика тармагын өнүктүрүү максатында, "Энергетика жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын 2008-2010-жылдарга карата улуттук энергетика программасынын жана отун-энергетика комплексин өнүктүрүүнүн 2025-жылга чейинки стратегиясынын тиркелген долбоору жактырылсын.

2. Кыргыз Республикасынын 2008-2010-жылдарга карата улуттук энергетика программасынын жана отун-энергетика комплексин өнүктүрүүнүн 2025-жылга чейинки стратегиясынын долбоору Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине жактырууга жиберилсин.

3. Кыргыз Республикасынын өнөр жай, энергетика жана отун ресурстары министри Кыргыз Республикасынын 2008-2010-жылдарга карата улуттук энергетика программасынын жана отун-энергетика комплексин өнүктүрүүнүн 2025-жылга чейинки стратегиясынын долбоору Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде каралганда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн расмий өкүлү болууга дайындалсын.

4. Күчүн жоготту деп эсептелсин:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2001-жылдын 16-июлундагы № 353 "2005-жылга чейин Кыргыз Республикасынын Улуттук энергетикалык программасынын долбоору жөнүндө" токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 15-февралындагы № 71-б буйругу;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 10-июнундагы № 310-б буйругу.

5. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын энергетика жана минералдык ресурстар бөлүмүнө тапшырылсын.

Премьер-министр И.Чудинов

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн
2008-жылдын 13-февралындагы
№ 47 токтому менен
жактырылган

Кыргыз Республикасынын 2008-2010-жылдарга карата улуттук энергетика программасы жана отун-энергетика комплексин өнүктүрүүнүн 2025-жылга чейинки СТРАТЕГИЯСЫ

Кыргыз Республикасында энергетикалык ресурстардын запастары жетиштүү. Ошондой болсо да, отун-энергетика комплексинин (мындан ары - ОЭК) потенциалдуу мүмкүнчүлүктөрү жетиштүү ишке ашырылбай, тармак айрым финансылык-экономикалык кыйынчылыктарга учуроодо. Республиканын энергия булактарын импорттоого көз карандылыгы, анын үлүшү жалпы керектелүүчү энергиянын 50%ин түзөт, ОЭКтин жана экономиканын башка тармактарынын абалына терс таасир тийгизүүдө.

ОЭКтин натыйжалуулугун арттыруу, энергетика тармагын техникалык жактан кайра жабдуу жана энергетика тармагын өнүктүрүү үчүн Кыргыз Рес-

публикасынын Өкмөтү "Кыргыз Республикасынын 2008-2010-жылдарга карата улуттук энергетика программасын жана отун-энергетика комплексин өнүктүрүүнүн 2025-жылга чейинки стратегиясын" (мындан ары - УЭК) иштеп чыгуу жөнүндө чечим кабыл алган.

ОЭК Кыргыз Республикасынын өлкөнүн ОЭК ишин жөнгө салуучу мыйзамдарына ылайык, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 15-февралындагы № 71-б жана 2006-жылдын 10-июнундагы № 310-б буйруктарынын негизинде иштелип чыкты жана өздүк энергетика базасын көтөрүүнүн негизинде керектөөчүлөрдү энергия менен толук жана ишенимдүү камсыздоону, инновациялык технологияларды киргизүүнү, ОЭКтин ишинин натыйжалуулугун орчундуу жогорулатууну жана сапаттык жаңы абалга жеткирүүнү көздөйт.

УЭК мамлекеттин орто мөөнөттүк жана узак мөөнөттүк энергетика саясатынын максаттарын, милдеттерин жана негизги багыттарын аныктоочу жана аны ишке ашыруунун механизмдерин белгилөөчү документ болуп эсептелет.

УЭКтин максаттык багыттары төмөнкүлөрдү камтыйт:

- УЭКтин натыйжалуу, коопсуз жана туруктуу иштеши үчүн жолдорду илимий негиздөө жана шарттарды түзүү;

- рыноктук мамилелердин калыптануусундагы реалдуу шарттарда УЭК субъекттеринин, керектөөчүлөрдүн жана мамлекеттин өз ара мамиле системасын түзүү;

- өлкөнүн экономикасын туруктуу өнүктүрүүгө жана коомду социалдык туруктуулуктун жолуна алып чыгуу үчүн шарттарды түзүүдө энергетиканын ролун жана ордун дайындоо.

УЭКтин башкы максаттарын ишке ашыруу өлкөнүн ресурстук жана технологиялык мүмкүндүктөрүн, долбоорлорду ишке ашыруунун мүмкүн болуучу терс натыйжаларын, мамлекеттик бийлик органдарынын, финансылык жана чарбалык структуралардын өз ара мамилелерине таасир этүүчү макроэкономикалык жана геосаясий факторлорду эске алуу менен экономиканын бардык тармактарына байлаштырып ишке ашырылууга тийиш.

УЭКтин максаттарына жетүүнүн жана артыкчылыктуу милдеттерин ишке ашыруунун башкы каражаты нормативдик укуктук базаны өркүндөтүүнүн негизинде цивилизациялуу энергетикалык рынок түзүү жана анын субъекттеринин экономикалык мамилелерин түзүү болуп эсептелет.

1. УЭКти стратегиялык өнүктүрүүнүн артыкчылыктары жана мамлекеттик энергетика программасынын негиздери

Кыргыз Республикасынын экономикалык стратегиясынын эң башкы артыкчылыгы табигый отун-энергетикалык ресурстарды, ОЭКтин колдо болгон техникалык, илимий жана кадрлык потенциалын өлкөнүн энергетикалык коопсуздугун, экономиканын туруктуу өнүгүүсүн жана элдин жашоо-турмушунун сапатын жогорулатууну камсыздоо үчүн сарамжалдуу жана натыйжалуу пайдалануу болуп эсептелет.

Артыкчылыктуу милдеттерди аткаруу орто мөөнөттүк жана узак мөөнөттүк мамлекеттик энергетика саясатына негизделүүгө тийиш.

Орто мөөнөттүк энергетика саясатынын негизги максаты - ОЭКти (финансылык жактан жакшыртуу жана техникалык жактан кайра жабдуу.

2008-2010-жылдарга карата энергетика саясатынын негизги түзүүчүлөрү болуп төмөнкүдөй биринчи кезектеги маселелер блогу болууга тийиш:

- энергияны баарынан мурда ички керектөөчүлөргө ишенимдүү жана үзгүлтүксүз берүүнү камсыздоо;

- керектүү институттук алкактарды жана нормативдик укуктук база түзүү жолу менен башкаруу системасын түп-тамырынан реформалоо, ошондой эле ОЭКте структуралык реформаларды аяктоо;

- энергетика компанияларынын чыныгы чыгымдарын жабууну камсыздоочу жана керектөөчүлөрдү кайчылаш субсидиялоону болтурбоочу тең салмактуу тарифтик жана баа саясатын ишке ашырууну камсыздоо;

- энергиянын коромжулугун азайтууга жана уурдалышын болтурбоого жетишүү;

- энергиянын альтернативдүү булактарынан алынчу энергиянын тармак-

тарына жеткиликтүүлүктүн жана сатуунун эрежелерин жана аларды субсидиялоонун механизмдерин иштеп чыгуу;

- ОЭКти финансылык жана корпоративдик башкарууну жакшыртуу, коммерциялык жана финансылык тартипти жакшыртуу жана тармактын субъекттеринин рентабелдүүлүгүнө жетишүү;

- тармакты техникалык жактан кайра жабдуу программасын иштеп чыгуу;

- ОЭКти өнүктүрүү үчүн инвестицияларды тартуу шарттарын өркүндөтүү;

- электр энергиясынын региондук рыногунда Кыргыз Республикасынын атаандаштык артыкчылыгын өнүктүрүү боюнча чараларды ишке ашыруу;

- Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигине катышкан мамлекеттер менен макулдашуулар боюнча милдеттенмелерди эске алуу менен энергетикалык натыйжалуулук жана энергияны үнөмдөө боюнча программаны иштеп чыгуу;

- импорттолчу энергиялык ресурстарга көз карандылыкты азайтуу жана парник газдардын чыгарылышын кыскартуу максатында углеводород отунду энергиянын жергиликтүү альтернативдүү булактарына алмаштыруу программасын иштеп чыгуу;

- электр энергия секторунда квазифискалдык тартыштыктын (мындан ары - КФТ) максаттык көрсөткүчүн жыл сайын ички дүң продуктунун (мындан ары - ИДП) 1-2%инче азайтуу максатында электр энергетикасындагы финансылык абалга мониторингди камсыздоо.

Кыргыз Республикасынын узак мөөнөттүк мамлекеттик энергетика саясаты жарандардын жана чарбакер субъекттердин укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоого, мамлекеттин коргонуусун жана коопсуздугун камсыздоого, мамлекеттик менчикти натыйжалуу башкарууга, ОЭКтин сапаттык жаңы абалына жетишүүгө багытталган жана мамлекеттин энергетиканы өнүктүрүүнүн маанилүү стратегиялык багыттарын жана энергетика объекттерин менчиктештирүү боюнча аракеттеринин ырааттуулугу принциптеринде ишке ашырылат.

Энергетика саясатын ишке ашыруунун башкы каражаты болуп мамлекеттик экономикалык жөнгө салуунун: баалык (тарифтик), салыктык, бажылык жана монополияга каршы чаралардын комплекси кирет.

Мамлекет энергетика саясатын жүргүзүүдө өзүнүн жер казынасына жана ОЭКтин активдерине менчик ээси катары укуктарын толук көлөмдө пайдалануга, ошол эле учурда ОЭКтин система түзүүчү секторлорунда жана опурталдуулук жогору объекттеринде (гидроэнергетика ж.б.) иштиктүү мамлекеттик контролду сактоо менен мамлекеттик менчиктин реструктуралоого тийиш.

Энергетикалык коопсуздук - Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздугунун маанилүү курамдык бөлүгү, ал ишенимдүү отун-энергетикалык жабдууну камсыздоого тийиш.

ОЭКте пайда болгон абал бул коркунучтар реалдуу экенин далилдеп турат. Отун алуучу секторлордо орчундуу техникалык жана технологиялык артта калуу бар, ал көмүр, нефть жана газ казып алуу кескин азайганы, углеводород сырьену импорттоого туруктуу көз карандылык менен коштолууда. Электрдик энергетикада генерациялоочу кубаттуулуктардын структурасында жана жайгашуусунда диспропорция, система түзүүчү электрдик тармактардын өткөрүү жөндөмдүүлүгүн чектеген жана керектөөчүлөргө опурталды көбөйтүүчү жетишсиз өнүккөндүк байкалат. Абал электр энергиясы үчүн төлөбөөгө жана уурдоого, тармактын натыйжасыз башкарылышына, ошондой эле жылуулук жана энергия менен камсыздоонун учурдагы практикасына альтернативанын жоктугуна байланышкан финансылык-экономикалык кризис менен татаалдашууда.

Энергетикалык коопсуздук саясатынын максаты анын төмөнкүдөй негизги касиеттерин ырааттуу жакшыртуу болуп эсептелет:

- ОЭКтин тышкы жана ички керектөөнү тийиштүү сапаттагы жана алгылыктуу баадагы энергия булактары менен экономикалык жактан негиздүү ишенимдүү камсыздоого жарактуулугу;

- экономиканын керектөөчү секторунун коомдун өзүн энергия менен

камсыздоо үчүн сарамжалсыз чыгымдарга учуроосун болтурбастан энергия ресурстарын натыйжалуу пайдаланууга жаракту улугу;

- энергетика секторунун тышкы жана ички экономикалык, техногендик жана табигый коркунучтурга туруктуулугу, ошондой эле ар кандай бүлүнтүүчү факторлордон улам болгон зыянды минималдаштырууга жаракту улугу.

Энергетикалык коопсуздукту камсыздоонун эң маанилүү принциптери төмөнкүлөр болот:

- өлкөнүн экономикасын жана калкын кадимки шарттарда энергия менен толук көлөмдө жана ар кандай мүнөздөгү өзгөчө кырдаалдар жаралуу коркунучу болгондо минимум керектүү көлөмдө камсыздоонун гарантиялуулугу жана ишенимдүүлүгү;

- мамлекет жана жергиликтүү башкаруу органдары тараптан мамлекеттин коопсуздугун камсыздоочу объекттердин энергия менен ишенимдүү камсыздалышын контролдоо;

- отундун жана энергиянын пайдаланылчу түрлөрүн диверсификациялоо;

- экологиялык коопсуздуктун, айлана-чөйрөнү коргоонун жана энергиянын кайра калыбына келүүчү булактарын (мындан ары - ЭККБ) пайдалануунун талаптарын эске алуу;

- энергия ресурстарын сарамжалсыз пайдалануну болтурбоо (энергетикалык натыйжалуулук саясаты менен өз ара байланыш);

- тышкы жана ички рынокторго энергия ресурстарын бирдей берүүнү жана экспорттун структурасын рационалдаштырууну камсыздоочу экономикалык шарттарды түзүү (баарыдан мурда салыктык жана бажылык чаралардын эсебинен);

- атаандаштыкка жаракту ата мекендик энергетикалык жабдууларды түзүү жана өндүрүү, ОЭКке экологиялык коопсуз жана экономикалык натыйжалуу технологияларды тартуу.

Энергетикалык коопсуздукту камсыздоо үчүн ОЭКтин көп жагынан моралдык жана физикалык жактан эскирген технологиялык базасын модернизациялоо жана анын иштеп чыгаруучу ресурстук базасын жаңылоо, ошондой эле отун-энергетикалык ресурстарды керектөөнүн жана жумшоонун структурасын өзгөртүү зарыл. Мында гидроэнергетикалык ресурстарды жана энергиянын кайра калыбына келүүчү булактарын пайдалануну көбөйтүү каралууда.

Бюджеттин майнаптуулугунда мамлекеттик энергетика саясатынын негизги принциптери төмөнкүдөй:

- энергетика секторунун уюмдарынан бюджетке тике киреше алууда мамлекеттин керектүү божомолдук көлөмдөрдү аныктоосунун туруктуу келечеги;

- мамлекеттик менчиктин (ОЭКтеги мамлекеттик активдердин) структурасы жана наркы өзгөргөндө учурдагы жана келечек натыйжаларды комплекстүү баалоо;

- энергетика секторун капиталдаштыруунун өсүшүндөгү жана аны менен камсыздалуучу бюджеттик түшүүлөрдүн көлөмүндөгү баланстуулук;

- мамлекеттик каражаттарды, ошондой эле мамлекеттин контролунда ишке ашырылчу инвестицияларды пайдалануудагы ырааттуулук жана даректүүлүк.

Мамлекеттик энергетика саясаты жана аны ишке ашыруунун механизмдери социалдык багыттардын талаптарына ылайык болууга жана төмөнкүдөй негизги принциптерде ишке ашырылууга тийиш:

- керектөөчүлөр үчүн энергия булактарынын бирден жеткиликтүүлүгүн камсыздоо;

- баа реформасын жүргүзүүдө энергия булактарына баалардын (тарифтердин) керектөөчүлөр үчүн жеткиликтүү деңгээлдеги паритетин кармоо;

- баалар (тарифтик ставкалар) кымбаттатылганда калктын аз камсыз катмарлары үчүн даректүү колдоо көрсөтүү;

- ишканаларды реформалоодо (ишканаларды жабууда, санын кыскартууда) ОЭКтин кызматкерлерин социалдык коргоону камсыздоо;

- калктын энергия объекттерин курууга байланыштуу зыяндарын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык компенсациялоо.

2. Кыргыз Республикасынын ОЭК тармактарынын абалы жана келечекте өнүктүрүүнүн негизги багыттары

2.1. Электр энергетика

ОЭКтин электр энергетика сектору (ЭЭС) структуралык жактан акцияларында мамлекеттин контролдук пакети бар жети, анын ичинде бир генерациялоочу ("Электр станциялары" ААК), бир электр берүүчү ("Кыргызстандын улуттук электр тармагы" ААК), төрт электр бөлүштүрүүчү ("Түндүк электр" ААК, "Чыгыш электр" ААК, "Ош электр" ААК жана "Жалалабат электр" ААК) жана бир жылуулук тармактык акционердик коомдон ("Бишкектеплосеть" ААК), ошондой эле жеке капиталдуу акционердик коомдордон - "Чакан ГЭС" ААКдан, Быстровка жана Калинин ГЭСтеринен турат.

ЭЭСтин өндүрүштүк базасына суммалык белгиленген кубаттуулугу 3680 МВт 17 электр станция, анын ичинде 15 ГЭС (2950 МВт жана кубаттуулугу эки ТЭЦ (730 МВт), чыңалуусу 0,4-500 кВ 70 миң км ашык электр өткөрүү линиялары кирет, анын ичинде 546 км - 500 кВ линия, 1714 км - 220 кВ линия жана 4380 км - 110 кВ линия, ошондой эле чыңалуусу 35-500 кВ, суммалык кубаттуулугу 8000 МВА ашык 490дой трансформатордук подстанция бар.

Азыркы учурда өндүрүү, өткөрүү жана бөлүштүрүү системасы бар ЭЭС электр энергиясын өндүрүүнүн туруктуу көлөмүн сактоо менен 2006-жылы 14,486 млрд. кВтс жана 2007-жылы 14,601 млрд. кВтс чейин деңгээлде энергия өндүрүп, өлкөнүн электр энергияга жана Бишкек, Ош шаарларынын борбордоштурулган жылытууга болгон керектөөсүн жалпысынан камсыздап жатат.

ЭЭС улуттук экономиканын абалына жана өнүгүү келечегине аныктоочу таасир этет; анын үлүшүнө ИДПнын 3,9%и жана өнөр жайлык өндүрүштүн көлөмүнүн 16%и, республикалык бюджетке түшкөн кирешенин 10%и туура келет. Өнүккөн электр энергиялык тармак калктын дээрлик басымдуу көпчүлүгүнүн электр энергияга жеткиликтүүлүгүн камсыздайт. Ошол эле учурда республика калктын адам санына карата электр энергиясын пайдалануу (1351 кВт.с) боюнча жалпы дүйнөлүк көрсөткүчтөн (бир адамга 2343 кВт/адам), ошондой эле коңшу мамлекеттерден артта турат: Казакстанда (3312 кВт/адам), Тажикстанда (2172 кВт/адам) жана Өзбекстандан (1796 кВт/адам).

Кийинки жылдарда ички магистралдык электр тармактарын жана генерациялачу булактарды өнүктүрүүнүн эсебинен өлкөнүн энергетикалык көз каранды эместигин чыңдоо боюнча иштер жүргүзүлдү. Электр энергиянын коммерциялык эсебин алуу системасын техникалык жактан кайра жабдуу жана өнүктүрүү боюнча электр кубаттуулугунун жана энергиянын дүң рыногун түзүүнү камсыздоочу орчундуу көлөмдөгү жумуштар аткарылды. Чарба жүргүзүүнүн рыноктук методдоруна ыңгайлаштыруу максатында ЭЭСтин өндүрүштүк структураларына функциялык негизде реформа жүргүзүлдү, ишканаларда акциялаштыруу жана айрымдарына менчиктештирүү жүргүзүлдү. Акционердик коомдорду корпоративдик башкаруу функциясын Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик комитетине өткөрүү жана жөнгө салуучу органды - 2007-жылдан тартып Өнөр жай, энергетика жана отун ресурстары министрлигинин алдындагы Отун-энергетика комплексин жөнгө салуу боюнча мамлекеттик департамент түзүү менен ЭЭСтин ишин мамлекеттик жөнгө салуунун рычагдары, рыноктук экономикага тийиштүү шарттар түзүлдү.

ЭЭСтеги өз ара мамилелерди жөнгө салуучу бир катар маанилүү мыйзамдык жана нормативдик укуктук актылар кабыл алынды, энергия үнөмдөө саясатын ишке ашыруу үчүн нормативдик укуктук базаны түзүү башталды.

Бирок бул иштер жетишсиз болуп, тармак төмөнкүдөй кыйынчылыктарга учурап жатат:

- 2001-жылы жүргүзүлгөн монополиялуу электрэнергиялык компанияны функциялык негизде вертикаль-интеграциялуу реструктуралоо керектүү рыноктук механизмдердин жана тийиштүү мыйзамдык базанын жоктугуна байланыштуу күтүлгөн жакшы натыйжаларды берген жок;

- энергетикалык компаниялардын, айрыкча бөлүштүрүүчү компаниялардын финансылык абалы кыйын бойдон калууда; керектелген энергия үчүн коюлган эсептер боюнча акыларды чогултуу 2007-жылы 85,7%ти түздү; керектөөчүлөрдүн РЭКке дебитордук бereселери 3528 млн. сомго жетти, бул энергетикалык компаниялардын иштерин жана алардын башка субъекттер менен өз ара мамилелерин солгундатып, республиканын бюджетинин алдындагы кредиттик жана салыктык милдеттенмелерди жөнгө салууда проблемаларды жаратууда;

- бөлүштүрүүчү тармактарда электр энергиянын системадагы коромжулугун азайтуу камсыздалбай жатат, бул кийинки жылдарда өндүрүлгөн электр энергиянын 40% деңгээлинен туруктуу ашууда, мында бөлүштүрүүчү компаниялар орчундуу чыгымга учуроодо, 2007-жылы коромжулуктар РЭКке келген энергиянын 36,2%ин түзгөн;

- коммерциялык эсепке алуу системасына менеджментти жакшыртуу жана механикалык жабдуу боюнча чечкиндүү чара көрүлбөйт, электр энергиясын коммерциялык эсепке алуунун автоматташтырылган системасын (АСКУЭ) түзүүгө жетиштүү көңүл бурулбайт;

- мамлекеттик органдар жана энергетикалык компаниялар энергетикалык рынокту түзүү жана рыноктук механизмдерди киргизүү боюнча максаттуу жана ырааттуу иш жүргүзүшпөйт;

- абал электр энергиясына тарифтер арзандыгы менен татаалдашууда, алар электр энергиясын өндүрүүгө, өткөрүүгө жана бөлүштүрүүгө кеткен чыгымдарды жаппайт;

- электр энергиясынын реалдуу керектелишин эсепке алуунун жетик эместиги жана "Электр станциялары" ААКны кайчылаш субсидиялоо практикасы энергетикалык тармакка инвестиция тартууну жана атаандаштыктын өнүгүүсүн татаалдатууда;

- арзан тарифтер шартында электр энергиясын керектөө такай көбөйүп жатканы бөлүштүрүүчү тармакка нагрузкаларга жана жабдуулар бузулушуна алып келүүдө; электр энергиясын иштеп чыгаруу боюнча тартыштык 10 млн. кВтс жакын, мында республиканын түндүгү боюнча эле - 200-300 МВт;

- кийинки 15 жылда тармакты модернизациялоо жана техникалык жактан кайра жабдуу үчүн Кыргыз Республикасынын энергетикасын каржылоо көлөмү такай азайып келгени менен мүнөздөлөт; азыркы учурда электр станцияларынын жана тармактарынын негизги жабдууларынын эскириши 50%ке жетти;

- инвестиция жоктугунан мындан 15 жыл мурда башталган келечектик генерациялоочу булактардын (Камбарата ГЭСтери, Бишкек шаарындагы ТЭЦ-2) эмгиче бүтүрүлө элек;

- энергетикалык компаниялардын финансылык-экономикалык иштеринде болуп жаткан стабилсиздик жалпы өлкөнүн макроэкономикалык коопсуздугуна терс таасир тийгизүүдө;

- энергетикалык коопсуздукту бузган ички негизги себептер: финансылык менеджменттин жана коммерциялык эсепке алууну прибордук камсыздоонун төмөн деңгээли; электр энергиясын уурдоолор; электр энергиясын керектөөчүлөрдө төлөм тартиби начарлыгы; жабдууларды калыбына келтирүү жана реконструкциялоо үчүн чыгымдарды жабууга ишенимдүү финансылык булактардын жоктугу болууда;

- мамлекеттер аралык энергетикалык байланыштарды өнүктүрүү жана өлкөнүн ЭЭСин Борбордук Азия (БРА) регионундагы мамлекеттердин түзүлүп жаткан бириктирилген электрдик кубаттуулук рыногуна интеграциялоо тармагындагы саясатта тең-салмактуулуктун жетишсиздиги региондо суу жана электр энергетикалык ресурстардын компромиссиз бөлүштүрүлүшүн камсыздабай жатат жана бул Кыргыз Республикасын электр энергиясын экспорттонун региондук рыногунан сүрүп чыгарышы мүмкүн;

- жаңы кубаттуулуктарды ишке киргизүү үчүн электр энергетикасына инвестицияларды тартуу аракеттери мамлекеттик инвестициялар программасынын алкагындагы чоң эмес көлөмдөгү капиталдык салымдардан жана компаниялардын өндүрүштү өнүктүрүүгө өздүк каражаттарынан башка каалагандай натыйжа бербей жатат.

2025-жылга чейинки мезгилде электр энергетикасын өнүктүрүүнүн башкы максаттары:

- Кыргыз Республикасынын энергетикалык коопсуздугун жана энергия ресурстары менен өзүн өзү камсыздоосун гарантиялай турган генерациялоочу кубаттуулуктардын жана өткөрүүчү магистралдык электр тармактарынын структурасын түзүү жана жайгаштыруу;

- экономиканын жана өлкөнүн калкынын ички керектөөлөрүн электрдик жана жылуулук энергия менен ишенимдүү жабдууну камсыздоо;

- зарыл мыйзамдык жана нормативдик укуктук актыларды кабыл алуу менен энергетикалык саясаттын жаңы жоболоруна ылайык ЭЭСтерди рыноктук экономиканын толук баалуу элементи катары реформалоону аяктоо;

- электрдик жана жылуулук энергияларды өндүрүүнүн, өткөрүүнүн жана бөлүштүрүүнүн, айлана-чөйрөгө зыяндуу таасирдин негизги индикаторлорун дүйнөлүк көрсөткүчтөргө жакын деңгээлге жеткирүү;

- жаңы технологияларды пайдаланууунун, башкаруунун автоматташтырылган системаларын киргизүүнүн жана күч келүү графиктерин оптималдуу жөнгө салуунун негизинде ЭЭСтердин өндүрүштүк потенциалын модернизациялоо жана майнаптуулугун арттыруу;

- гидроэнергетикалык ресурстарды жана өлкөнүн көмүр кендерин пайдаланууунун базасында көбүнчө электр энергиясын экспорттоого жана энергияны көп талап кылуучу ири өндүрүштөрдү электр менен камсыздоого багытталган, тармактын натыйжалуулугу жогорулашына жана Кыргыз Республикасынын экономикасынын туруктуу өнүгүүсүнө өбөлгө болуучу генерациялоочу кубаттуулуктардын жана өткөрүүчү линиялардын комплексин түзүү;

- ЕврАзЭстин алкагында жана эки тараптуу негизде электр энергетикасы тармагында интеграциянын электр энергиясынын бирдиктүү атаандаштык рыногун даярдоо жана түзүү боюнча мамлекеттер аралык процесстерине активдүү катышуу.

ЭЭСте стратегиялык максаттарды ишке ашыруунун темптери жана ага байланыштуу маселелерди чечүү жалпы өлкөнүн экономикасынын өнүгүшү, болгон инвестициялык мүмкүнчүлүктөр, сектордо 2025-жылга чейин болуучу диспропорцияларды жоюунун натыйжалуулугу жана энергетикадагы процесстердин салыштырмалуу жогору инерциялуулугу жана капитал сыйымдуулугу менен аныкталат.

Биринчи этапта (болжол менен 2008-2010-жылдар) структуралык реформалар тереңдетилет жана финансылык-экономикалык иште сектордун туруктуу өнүгүүсүн калыптандыруучу рыноктук негиздер чыңдалат. Бул мезгил энергия булактарына тең салмактуу баалык жана тарифтик саясаттын жүргүзүлүшү, чектелген инвестициялык мүмкүнчүлүктөр, колдо бар өндүрүштүк, технологиялык жана кадрлык потенциалды пайдалануу зарылдыгы жана структуралык кайра куруунун салыштырмалуу жай темпи жана натыйжалуулуктун көрсөткүчтөрү жогорулашы менен мүнөздөлөт. Бул мезгилдин ичинде жеке капиталдын катышуусунун эсебинен инвестиция тартуудагы жана бөлүштүрүүчү энергиялык компанияларды башкаруучулук "ноу-хау" проблемалары негизинен чечилүүгө тийиш.

Кийинки жылдарда (2011-жылдан 2025-жылдарга чейин) акционердик энергия компанияларында структуралык жана рыноктук реформалар аякташы менен инвестициялык потенциал түзүү мүмкүндүгү жаралат, ал өндүрүштүк техникалык кайра жабдууга жана реконструкциялоого, ошондой эле секторду өнүктүрүүгө жумшалат.

ЭЭСтердин өндүрүштүк базасын өнүктүрүү темптеринин кескин өзгөрүшү тышкы ири инвесторлордун келиши менен байланыштуу болот жана биринчи этапта да, кийинки мезгилдерде да болушу ыктымал.

2008-2010-жылдардагы мезгилде экономиканын ЭЭСтеги биринчи кезектеги милдеттери:

- энергетика секторунда башкаруу системасын ресформалоо, керектүү институттук алкактарды жана нормативдик укуктук базаны түзүү, сектордо структуралык реформаны аяктоо;

- энергетика компанияларынын электрдик жана жылуулук энергияларды өндүрүүгө, өткөрүүгө жана бөлүштүрүүгө кеткен иш жүзүндөгү чыгымдарын жабууну камсыздоочу, керектөөчүлөрдү кайчылаш субсидиялоону болтурбоочу жана экономиканын реалдуу секторунун өнүгүшүнө шарт түзүүчү баланстуу тарифтик саясат жүргүзүү; энергияны уурдоону жана коромжулугун болтур-

боочу иштиктүү чараларды иштеп чыгуу жана жүргүзүү;

- энергетика секторунун субъекттерин финансылык жана корпоративдик башкарууну жакшыртуу, сектордо коммерциялык жана финансылык тартипти күчөтүү жана тармактын субъекттеринин рентабелдүүлүгүнө жетишүү; энергетикадагы квазифискалдык тартыштыкты жыл сайын ИДПга карат 1,3% азайтуу жолу менен ЭЭСте финансылык абалды чыңдоо;

- АСКУЭ түзүүгө өтүү менен коммерциялык эсепке алуу системаларынын менеджментин жана техникалык жабдылышын түп тамырынан бери жакшыртуу;

- 2009-жылдын аягына чейин пландаштырылган 3,5 млрд. көлөмдегү бюджеттик ассигнование бөлүү менен Камбарата ГЭС-2 курулушун бүтүрүү;

- чакан ГЭСтерди жана башка альтернативдүү энергия булактарын куруу жолу менен электр энергиясын иштеп чыгаруу жана сатуу тармагында атаандаш чөйрөнү камсыздоо менен толук мүмкүнчүлүктүү энергетикалык рынокту түзүү;

- электр энергиясынын региондук экспорттук рыногунда Кыргызстандын атаандаштык артыкчылыгын сактоо жана региондук энергетикалык ачык рынокту түзүүнүн негизинде экспорттук потенциалды өнүктүрүү боюнча чараларды көрүү;

- тармакты өнүктүрүүнүн илимий-техникалык негиздерин иштеп чыгуу жана электр энергетикасынын келечектүү объекттеринин техникалык-экономикалык негиздемелеринин (ТЭН) маалыматтык базасын түзүү;

- секторду өнүктүрүүгө жеке инвестицияларды тартуу үчүн шарттарды өркүндөтүү.

Азыр иштеп жаткан генерациялоочу кубаттуулуктарды реабилитациялоо, биринчи кезекте, Бишкек ТЭЦ-1, Үчкоргон ГЭСин жана Атбашы ГЭСин реконструкциялоо, 3,08 млрд. сом же 75 млн. АКШ долл. көлөмүндө инвестиция тартуу жолу менен электр энергиясын иштеп чыгуунун көбөйтүлүшүн бул маселелерди чечүүгө негиз катары эсептөө керек. 2008-2012-жылдар мезгилинде белгиленген кубаттуулугу 360 МВт Камбарата ГЭС-2 куруу, 2009-жылдын аягында биринчи агрегатын ишке киргизүү, 2012-2020-жылдарда Камбарата ГЭС-1 - 1900 МВг, 2010-2020-жылдарда ГЭСтердин Нарындын баш жагындагы каскадын куруу, ошондой эле Бишкек ТЭЦинде кубаттуулукту жана электр энергиясын иштеп чыгарууну көбөйтүү жолу менен Нарын дарыясынын гидроэнергетикалык потенциалын өздөштүрүү каралууда. Белгиленип жаткан объекттер, кубаттуулуктарды ишке киргизүүнүн жана электр энергиясын чыгара баштоонун белгиленген мөөнөттөрү 2.1 жана 2.2-таблицаларда берилди. Мындан тышкары, болжолдонгон мезгилде чакан гидроэнергетика объекттери курулуп, алардын энергия иштеп чыгаруусу 85тен 1,6 млрд. кВтс чейин көбөйөт.

2.1-таблица

2025-жылга чейинки мезгилде
генерациялоочу булактрды ишке киргизүү
БОЖОМОЛУ

Аталышы	Белг. кубаты МВт	Куруу мөөнөтү (жылдар)	2009-ж.	2015-ж.	2020-ж.	2025-ж.
Камбарата ГЭС № 1, № 2	1900	2013-2023			475	1425
	360	2007-2011	120	240		
Жогорку-Нарын ГЭСтер № 1, 2, 3	180	2012-2020			180	
Акбулуң	200	2016-2024				200
Сары-Жаз ГЭСтери	1200	2012-2025				

Кара-Кече ТЭС	1200	2016-2015				
Бардыгы			120	240	655	1625

2.2-таблица

Кыргыз Республикасында 2025-жылга чейинки мезгилде иштеп жаткан жана келечектеги электр станциялардын электр энергиясын иштеп чыгуусуна БОЖОМОЛ
(млрд. кВт.с)

	2000-ж.	2005-ж.	2006-ж.	2010-ж.	2015-ж.	2020-ж.	2025-ж.
Жогорку Нарын ГЭСтер каскады	13,557	13,88	13,642	12,294	14,547	14,547	14,547
ТЭЦ	1,164	1,367	0,890	1,077	2,350	2,350	2,350
Чакан ГЭСтер		0,0846	0,0846	0,18	0,78	1,1	1,6
Энергиянын кайра калыбына келчү булактары		0,015	0,015	0,02	0,025	0,03	0,045
Камбарата ГЭС № 1						1,2	5,6
№ 2				0,7	1,1	1,1	1,1
Жогорку Нарын № 1, 2, 3						0,75	0,75
Ак-Булуң							0,75
Бардык чыгарылчу энергия	14,721	15,3466	14,6316	14,271	18,60	21,075	26,742

Инвестициялык шарттар жакшы болсо 2020-2025-жылдарга карата белгиленген суммалык кубаттуулугу 1200 МВт болгон Сары-Жаз ГЭСтерин курууга мүмкүн. Энергия системасынын базалык кубаттуулугун күчтөндүрүү үчүн альтернативдүү варианттар: кубаттуулугу 400 МВт Бишкек ТЭЦ-2 жана Кара-Кече көмүр кенинде кубаттуулугу 1200 МВт болгон жылуулук Каракече жылуулук электр станциясын куруу болмокчу.

Келечекте кубаттуулук жана энергия берүү өлкөнүн 500 кВ Түштүк-Түндүк энергия системасынын байланышын күчөтүү проблемасын чечүүнүн эсебинен 220-500 кВ магистралдык электрдик тармактарды тийиштүү өнүктүрүүнү талап кылат. Республиканын түндүгүнө электр энергиясын берүүнү көбөйтүү үчүн келечекте Камбарата ГЭСтеринин кубаттуулугуна кошууга жана энергиясын берүүгө мүмкүндүк түзүүчү жаңы 500 кВ азыктандыруучу борбор - 500/220 кВ "Кемин" подстанциясын, 500 кВ Түндүк-Түштүк ЛЭП куруу зарыл. Республиканын түштүгүнүн магистралдык электр тармактарын өнүктүрүү жана коңшу өлкөлөргө энергиядан көз карандылыкты жоюу

үчүн 500/220 кВ "Датка" подстанциясын куруу белгиленип жатат. "Датка" подстанциясын куруу менен жалпы узундугу 360 км болгон 220 кВ тармакты реконструкциялоо белгиленүүдө. 2008-2010-жылдарда "Баткен облусун энергия менен жабдууну жакшыртуу" долбоорун аяктоо белгиленди (ЖвЛ-110 кВ "Айгүлташ-Самат" подстанциясын куруу). Мындан тышкары Түштүк Азия өлкөлөрүнө электр энергиясын экспорттоо үчүн ЛЭП-500 кВ "Датка-Худжанд" (Тажикстан) куруу зарыл.

Энергияны керектөөчүгө жеткирүү бөлүштүрүүчү тармактарды реконструкциялоону жана жаңыларын курууну талап кылат, бул үчүн биринчи кезекте электр энергиясына акы төлөбөгөндүккө жана коромжулугуна байланыштуу жаралган финансылык-экономикалык абалдан чыгууну камсыздоо зарыл. Бул жеке секторду жана инвестицияларды тартуу менен толук масштабдуу реструктуралоо жана менчиктештирүү аркылуу бөлүштүрүүчү компанияларды тезинен оңоого арналган кечиктирилгис чараларды талап кылат, бул натыйжада алардын иштеринде башкаруучулук потенциалдын деңгээли жана натыйжалуулугу жогорулашына алып келүүгө тийиш.

2008-2010-жылдарга жана 2025-жылга чейинки электрдик баланстын болжолдуу баасы (3.2-таблица) электр энергетикасын өнүктүрүүнүн белгиленген стратегиясы экономика тармактарынын энергия керектөөсүнүн келечектеги өсүшүн жабууну камсыздаарын көрсөтүүдө, ал өлкөнү стратегиялык өнүктүрүүнүн программасына ылайык келет жана тармактын экспорттук потенциалын 2025-жылга карата 4,2 млрд. кВтс көлөмдө көбөйтүүгө мүмкүндүк берет.

Өлкөнүн электр энергетикалык экспорттук потенциалын арттыруу реалдуу мүмкүн экенине жана келечекте Афганистанга жана Пакистанга Тажикстандан жана Кыргыз Республикасынан электр энергиясын импорттоонун инвестициялык долбоорун ишке ашыруу белгиленгенине байланыштуу "Электр станциялары" ААК жана "Кыргызстандын улуттук электр тармагы" ААК бул долбоорго катышуу боюнча конкреттүү чараларды көрүшү зарыл.

2.2. Көмүр өнөр жайы

Кыргыз Республикасында негизги 70 көмүр кенинин болжолдуу запасы 2,2 млрд. тоннадан ашат, ал эми баланстык запастар - 1317 млн. тонна.

Көмүр өнөр жайынын азыркы структурасында ачык типтеги акционердик коом болуп эсептелген 23 көмүр компаниясы бар ("Көмүр" мамлекеттик ишканасынын башкаруусуна бириктирилген), ошондой эле күз-кыш мезгилдерде көмүр казуу боюнча сезондук жумуштарды жүргүзүүчү 7 чакан ишкана бар, алардын өндүрүштүк иштерин лицензиялык аянттын чегинде казуу иштерин жүргүзүү укугуна лицензия берүүчү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Геология жана минералдык ресурстар боюнча мамлекеттик агенттик жана Улуттук статистика комитети контролдойт.

Көмүр өнөр жайындагы эксплуатациялык жумуштардын убагында эң көп казууга 1979-жылы жетишилген - 4508 миң т. 1980-жылдан баштап көмүр казуу бара-бара азая баштап, 1991-жылы 3148 миң т. түшкөн. 1992-жылдан тартып өндүрүш кескин төмөндөп, 1942 миң тоннадан 2006-жылы 321,1 миң тоннага түшкөн, ал эми казуунун күтүлгөн көлөмү 2009-жылы 402,5 миң т. өсүүгө тийиш. Ошол эле убакта, 1991-2006-жылдарда көмүрдүн импортунун көлөмү 3 эсе азайып, 2006-жылы 907,4 миң тоннаны түзгөн.

Мындай абал көмүр ташууга чыгымдар көптүгү, казуу технологиясынын артта калгандыгы, негизги өндүрүштүк фонддордун 95%ке жеткен абдан эскиргендиги, көмүргө суроо-талап азайып жаткан шартта көмүр компанияларынын көпчүлүгүнүн майнапсыздыгы жана керектөөчүлөр өз убагында төлөбөгөндүгү менен байланыштуу. Мындан 40-50 жыл мурда ачылган көптөгөн көмүр шахталары жана разрездер дүйнөдө жалпы таанылган критерийлер боюнча технологиялык эмес деп таанылган көмүр запастарын иштетишет (табы аз, тик, күлү көп ж.у.с). Шахталык фонд эскирген, пайдаланылып жаткан жабдуулар негизинен бүгүнкү күндүн технологиялык талаптарына ылайык эмес. Темир жол тарифтеринин кескин кымбатташы жана көмүргө суроо-талаптын азайышы көмүр казуу азайышына, аны өндүрүүгө жалпы чыгымдын көбөйүшүнө алып келди.

Көмүр өнөр жайындагы кризистин түпкү себеби майнаптуу менчик ээси жоктугунда жана менеджмент деңгээли төмөндүгүндө.

Экономиканын тармактары жана калк үчүн көмүргө муктаждыкты казууну 2010-жылы - 460 миң тоннага чейин көбөйтүп, 2025-жылга карата 1700 миң тоннага чейин жеткирүүнүн эсебинен камсыздоо белгиленип жатат. Кара-Кече ТЭСи ишке киргизилсе көмүр казуу 2025-жылга карата 3 млн. тоннага чейин жетет (3.3-таблица).

Көмүр өнөр жайын реформалоонун негизги максаттары төмөнкүдөй:

- атаандаштыкка жарактуу, алыскы келечекте өзүн өзү каржылоону камсыздоочу көмүр ишканаларын түзүү;
- атаандаш көмүр рыногун түзүү;
- көмүр өнөр жайындагы эмгек шарттарын жана иштин коопсуздугун жакшыртуу;
- көмүр казуучу региондорду социалдык-экономикалык жана экологиялык жактан оңдоо.

Тармакты андан ары өнүктүрүү үчүн төмөнкүдөй шарттар бар:

- көмүрдүн өнөр жайлык запастары орчундуу;
- кендерди иштетүү үчүн даяр база бар;
- өндүрүштүк персонал бар;
- "Кара-Кече" кенинин көмүрүн пайдаланып жылуулук электр станцияларда электр энергиясын чыгарууну көбөйтүү;
- көмүрдү өндүрүштүк, коммуналдык керектөөлөр жана эл үчүн кененирээк пайдалануу.

Көмүр казуу көлөмүн "Кара-Кече", "Беш-Бурхан", "Жыргалаң", "Сүлүктү" жана "Таш-Көмүр" күрөң көмүр ишканаларында ачык казуу ыкмасын кеңейтүүнүн эсебинен жетишүү белгиленүүдө.

Узак мөөнөттүк келечекте "Кара-Кече" разрезинин кубаттуулугун 1500дөн 3000 миң тонна көмүргө чейин көбөйтүү курулушу белгиленип жаткан Кара-Кече ТЭСин отун менен камсыздоого, ошону менен республиканын түндүгүн базалык электр энергиясы менен камсыздоого, Бишкек шаарынын ТЭЦинде электрдик күч келүүнү азайтууга жана кымбат газ жана мазут импорттоону чектөөгө мүмкүндүк берет. Бул жумуштарды чет өлкөлүк инвестицияларды тартуу менен ишке ашырса болот.

Кубаттуулугу 1200 МВт Кара-Кече ТЭСин Нарын облусунун Жумгал районунда, Кабак күрөң көмүр бассейнин иштетүүчү көмүр казуучу ишканалардын жанына куруу пландалып жатат.

Кабак бассейнинде көмүрдүн толук чалгындалган запасы 279,3 млн. тоннаны түзөт, анын ичинде ачык казуу үчүн "Кара-Кече" кенинде - 192,5 млн. тонна бар.

Кара-Кече ТЭСин камсыздоо жылына 2,5 млн. тоннадан кем эмес көмүр казууну талап кылат. Калдыктарды төгүү, кендин чектеринде карьердик жолдорду салуу жана селден-суудан тосуучу тосмолорду куруу, рекультивациялык жана жаратылышты коргоочу чараларды жүргүзүү маселелери 2015-жылга чейинки мезгилге карата көмүр өнөр жайын өнүктүрүү программасынын алкагында чечилет. Ушуну менен катар эле азыркы учурда "Кара-Кече" кенин иштетип жатышкан көмүр ишканаларынын базасында бирдиктүү көмүр казуучу ишкана түзүү маселеси каралып жатат. Көмүр казуучу ишканалар Нарын, Ысыккөл, Талас жана Чүй облустарынын элине, өнөр жай ишканаларына жана уюмдарына көмүр берүүгө тийиштигин эске алганда, казуунун жалпы көлөмү жылына 3 млн. тоннадан кем болбоого тийиш.

Биринчи кезекте иштеп жаткан көмүр казуучу ишканаларда казууну көбөйтүп, деталдуу чалгындоо жүргүзүлгөндөн кийин башка кендерди да иштетүүгө киришүү пландалууда.

Кара-Кече ТЭСи толук өндүрүштүк кубаттуулугуна чыккан учурда көмүр казуунун көлөмүн бөлүштүрүү төмөнкүдөй болмокчу: "Кара-Кече"" кени - 2 млн. тонна, "Миң-Куш" кени - 900 миң тонна, калган кендер - 300 миң тонна.

Кавак кенинде көмүр казуу көлөмүн көбөйтүү үчүн азыркы 39 км узундуктагы "Дыйкан-Кара-Кече" автожолун, Арал айылынан Миң-Куш поселогуна чейинки 35 км жолду, ошондой эле поселоктордон ачык жумуштардын участокторуна чейинки технологиялык баруучу жолдорду реконструкциялоо боюн-

ча жумуштарды аткаруу зарыл. Жумуштардын болжолдуу наркы - 139,43 млн. сом (3,4 млн. АКШ долл).

2.3. Нефти-газ казуу өнөр жайы жана нефтигаз менен камсыздоо

Божомол баа берүүлөр боюнча боюнча Кыргыз Республикасында нефтинин жана газдын чалгындала элек ресурстары 289 т.у.т. жакынды түзөт. Жалал-абат, Ош жана Баткен облустарынын аймактарында 15 нефтигаз кендери бар, аларда 11,6 млн. тонна нефтинин жана 4,9 млрд. куб.м газдын өнөр жайлык запастары иштетилип жатат. Нефти жана табигый газ казуунун көлөмдөрү көп эмес жана 1991-2007-жылдарда нефти боюнча 2,2 эсе жана газ боюнча 6,4 эсе азайды.

Кыргыз Республикасынын нефти-газ тармагын "Кыргызнефтегаз" акционердик коому (мындан ары - "Кыргызнефтегаз" АК) камтыйт.

Бардык нефти-газ кендери 70 жыл мурда ачылган, иштетүүнүн акыркы стадиясында турат жана дээрлик 70%и иштетилип бүткөн. Нефтинин калган 80% запасын казып алуу кыйын. Аларды иштетүү үчүн кошумча чыгым жана атайын технологияларды талап кылак "Кыргызнефтегаз" АКнын эксплуатациялык скважиналар фонду негизинен 60-70-жылдардагы бургуланган скважиналардан куралган. 1992-жылы бургуланган эң жаңы нефти скважиналарынын амортизациясы 30%ке жетип калды. Мына ушул факторлордун натыйжасында казуу көлөмүнүн табигый азайышы жыл сайын 5 миң тонна нефтини түзөт. Казуунун көлөмү 1991-жылы 142,7 миң тонна болсо, 2007-жылы 68,2 миң тоннага чейин азайган. Нефти казуунун андан ары азайышын токтотуу үчүн күчөтүлгөн технологиялык иш-чаралар жүргүзүлүп жатат. Жыл сайын 5ке чейин жаңы скважинаны ишке киргизүү пландалууда, бул нефти казууда жаңы технологияларды пайдалануу менен катар нефти казуунун көлөмүн көбөйтүүгө жана жылына 80 миң тонна деңгээлде турукташтыруу менен 2010-жылдан кийин 95 миң тоннага жеткирүү келечеги бар.

Табигый газды казып алуу деңгээли кендер иштетилип бүткөндүктөн, жабдуулар эскиргендиктен, ошондой эле каржылоо жоктуктан азаюуда. 2006-жылы 19,4 млн. куб.м газ алынса, 2007-жылы - 14,9 млн. куб.м алынган. Божомол боюнча 2010-жылга жана андан кийинки мезгилге карата жыл сайын 25 млн. куб.м газ казып алуу пландаштырылып жатат.

Узак мөөнөттүк келечекте андан аркы өсүштү жаңы кендерди чалгындоонун эсебинен гана көбөйтүүгө мүмкүн, алардын болжолдуу запастары Фергана өрөөнүндө 109 млн. тонна шарттуу отун (мындан ары - т.у.т), Алай өрөөнүндө - 50 млн. т.у.т., Нарын ойдуңунда - 75 млн. т.у.т., Ысыккөл ойдуңунда - 25 млн. т.у.т., Чыгыш-Чүй ойдуңунда - 30 млн. т.у.т. бар. 2010-жылга чейинки мезгилге карата тереңдетип казуу менен жаңы эксплуатациялык скважиналарды казуу белгиленген.

Нефти жана газ казып алууну пландаштырылган көлөмдөргө чейин көбөйтүү үчүн 868,7 млн. сом керек. Бул жумуштарды чет өлкөлүк инвестицияларды тартуу менен аткаруу белгиленген, мында "Кыргызнефтегаз" АКнын өздүк каражаттарынын эсебинен жыл сайын 120 млн. сом капиталдык салым бөлүү белгиленген.

1991-2006-жылдарда нефтипродуктуларды жалпы пайдалануу 2,2 эсе азайып, 2778 миң тоннадан 1156 миң тоннага түшкөн, бул мезгил ичинде табигый газды пайдалануу 2,08 млрд. куб.метрден 648 млн. куб.м чейин, же 3 эседен ашык азайган. Жалпысынан республиканын нефти продуктулар жана табигый газ менен өзүн өзү камсыздоосу 5%тен ашпайт жана нефти продуктуларды жана табигый газды тыштан алууга толугу менен көз каранды.

Нефти иштетүү тармагында иш жүзүндө жалгыз эле "Кыргыз Петролеум Компани" биргелешкен ишканасы (НПЗ) иштеп жатат, ал негизинен "Кыргызнефтигаз" АК казып алуучу Кыргызстандын нефтисин заводдун өндүрүштүк кубаттуулугун камсыздай албаган көлөмдө иштетет.

Кийинки үч жылда 84 миң т бензин, 76,1 миң тонна дизелдик отун жана 122,8 миң тонна мазут өндүрүлгөн, бензин өндүрүү жылына 4% жана мазут өндүрүү 3% азаюуда. Дизелдик отун өндүрүү кыйла стабилдүүрөөк.

Нефти продуктуларды Кыргыз Республикасынын рыногунун керектөөлөрүн

камсыздагыдай туруктуу өндүрүш үчүн, импорттук сырье жана компоненттер колдонулат, аларды алып келүүдө нефтиге, газконденсатка жана бензинге акциздердин ставкасы жогору. Бул Кыргыз Республикасында нефти продуктуларды өндүрүүнү проблемалуу жана сапаты, баасы жагынан атаандаштыкка жараксыз кылууда. Ушуга байланыштуу Кыргыз Республикасынын аймагында нефти-газдуу аянттарды геологиялык иликтөө үчүн 2007-жылдын 14-майында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен "Газпром" ААКнын (Россия Федерациясы) ортосунда "Кыргыз Республикасында геологиялык чалгындоо жумуштарын жүргүзүүнүн жалпы принциптери жөнүндө" макулдашууга кол коюлган.

Азыркы учурда "Зарубежнефтегаз" ЖАКнын ("Газпром" ААКнын Кыргыз Республикасындагы ыйгарым укуктуу өкүлү) тапшыруусу боюнча "Всероссийский научно-исследовательский институт "Газ" жоопкерчилиги чектелген коом Кыргыз Республикасында нефти жана газ боюнча келечектүү аянттардын жер казынасын геологиялык иликтөөнүн техникалык-экономикалык баалоосун жана геологиялык чалгындоо жумуштарынын этаптуу программасын даярдаган. "Всероссийскпй научно-исследовательский институт "Газ"" жоопкерчилиги чектелген коом тапшырган материалдарды изилдегенден кийин Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Геология жана минералдык ресурстар боюнча мамлекеттик агенттик "Газпром" ААКга "Көгарт" жана "Майлису IV" кендеринде геологиялык чалгындоо жумуштарын жүргүзүүгө лицензия берген.

Нефтигаз тармагындагы структуралык саясат көп жагынан жер казынасын пайдаланууну жөнгө салуу боюнча салык саясатын өркүндөтүүгө, нефтинин жана газдын жаңы кендерин иштетүү жана казуу үчүн тике инвестицияларды тартууга, республикадагы нефти иштетүүчү ишканаларды толук кубаттуулугунда иштетүүгө байланыштуу. Нефти иштетүүдө "Кыргыз Петролиум Компани" биргелешкен ишканасынын өндүрүшү 500 миң т. чейин толук ишке киришин жана "Восток" БИ жылына 180 миң т. чейин продукция өндүрүүгө жеткиришин камсыздоочу чаралар зарыл.

Газ менен камсыздоочу өнүктүрүү стратегиясы газ менен ишенимдүү камсыздоо, өлкөнүн газ чарбасын мамлекеттен ажыратуу жана менчиктештирүү, газ өткөрүүчү тармактарды реконструкциялоо жана өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүүгө багытталат.

Кыргыз Республикасындагы керектөөчүлөргө жылына 500 млн куб.м табигый газ берүү жана казакстандын табигый газын Чүй өрөөнүндө жайгашкан транзит магистралдык газ өткөрүүчү түтүк аркылуу өткөрүү боюнча кызмат көрсөтүүнү "Кыргызгаз" АК ишке ашырат. Республиканын түштүк бөлүгү аркылуу өтүүчү газ өткөрүүчү түтүктөр аркылуу Өзбекстан Республикасынын Фергана өрөөнүндөгү керектөөчүлөргө табигый газды транзит өткөрүү ишке ашырылат. Түз келишимдер боюнча Кыргыз Республикасына 300 млн. куб.м жакын табигый газ келет.

"Кыргызгаз" АК республиканын керектөөчүлөрүн табигый жана суюлтулган газ менен камсыздоо боюнча милдеттердин комплексин аткаруучу табигый монополист болуп эсептелет, ал 708,7 км магистралдык газ түтүктөрүн (МГ); 590,8 км орто басымдагы газ түтүктөрүн; 1624,3 км аз басымдагы газ түтүктөрдү; 13,9 км жогорку басымдагы газ түтүктөрдү; 203 газ бөлүштүрүүчү пунктту (ГБП) жана 717 шкафтык газ бөлүштүрүүчү пункттарды (ШГБП) эксплуатациялайт.

Өлкөнүн түндүгүндө азыр эксплуатацияланып жаткан магистралдык газ түтүктүн бөлүгү 720 мм диаметр менен бир жана эки салаа болуп жасалган. МГ эки салаа участогунун техникалык абалы начар болгондуктан иш жүзүндө 112 км газ түтүгүнүн бир салаасы гана эксплуатацияланууда. Магистралдык газ түтүктөрдүн милдеттүү түрдө эки салаа болушу талап кылынган эксплуатация талаптарына ылайык бүткүл трасса боюнча экинчи өткөрүүчү түтүктү төшөө жана абаттоо зарыл.

"Кыргызгаз" АКнын негизги активдери 30-35 жылдан бери эксплуатацияланып келатат жана болушунча эскирген (70%тен ашык). Газ түтүктөрдүн абалына анализ жана алардын бузулушунун мүнөзү алардын көпчүлүк бөлүгү кайра калыбына келбестигин жана алмаштыруу зарылдыгын көрсөтүүдө. Газ түтүктөрдүн техникалык абалынын төмөндүгү табигый газдын жыл сайын республикага келүүчү көлөмдүн 14-15%и коромжу болушуна алып келүүдө.

"Кыргызгаз" АКнын финансылык-экономикалык абалы табигый газ

берүүчүлөргө (Өзбекстан, Казакстан) дебитордук карызы, ошол эле учурда "Электр станциялары" ААК, бюджеттик уюмдар жана калк тарабынан алуучу кредитордук аласасы да көптүгү менен мүнөздөлөт. Ошондуктан магистралдык газ түтүк, орто жана аз басымдагы бөлүштүрүүчү тармактар толук жакшы иштеши үчүн калыбына келтирүүгө каражаты жок, калыбына келтирүү үчүн орчундуу инвестиция зарыл. Табигый газдын азыркы баасы жана анын такай кымбаттап жатканы оңдоо жана калыбына келтирүү жумуштарын толук көлөмдө жүргүзүүгө мүмкүндүк бербей жатат. Модернизация жана оңдоо-калыбына келтирүү жумуштары, ошондой эле жабдууларды толук алмаштыруу үчүн инвестициянын зарыл көлөмү 24,4 млрд. сомду (595 млн. АКШ долл.) түзөт.

Керектелген газга коммерциялык эсепке алууну уюштуруу максатында газ эсептегичтер коюлуп жатат. Эсептегич менен биринчи кезекте табигый газды баарынан көп керектеген категориялар жабдылууда, булар - борбордук жылытуу жана ысык суу менен камсыздоо жок жеке сектордогу үйлөр жана көп квартиралуу үйлөр. Азыркы учурда республикада элдин 80%ине жакынында эсептегичтер орнотулган.

Газ өткөрүүчү системада тезинен оңдоо-калыбына келтирүү жумуштарын жана модернизация жүргүзүү, өлкөнүн аймагында газ өткөрүүчү жаңы кубаттуулуктарды түзүүгө каражаттарды инвестициялоо жана республиканын түндүгүн газ менен үзгүлтүксүз жабдууну камсыздоо үчүн Кыргыз Республикасынын аймагында жайгашкан Ташкент-Бишкек-Алматы (БГР-ТБА) Бухара газдуу районунун магистралдык газ өткөргүчүнүн активдери "КырКазГаз" кыргызстандык-казакстандык биргелешкен ишканага ишенимдүү башкарууга өткөрүлгөн. Бул 2008-жылга чейинки мезгилде газ өткөрүүчү системаны оңдоо жана модернизациялоо үчүн "КазТрансГаз" АК тарабынан биргелешкен ишканага 717,68 млн. сом (17,5 млн. АКШ долл.) суммада процентсиз инвестициялардын келишин камсыздайт, алынган кредиттер 2008-2025-жылдар ичинде кайтарылат.

"КазТрансГаз" АК биргелешкен ишканасынын долбоору менен кошо "Газпром" ААК менен кызматташуу келечеги каралууда, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аны менен "Кыргыз Республикасынын нефти-газ келечектүү аянттарында жер казынасын геологиялык изилдөөнүн жалпы принциптери жөнүндө" макулдашууга кол коюп, анда Кыргыз Республикасына табигый газ жана суюлтулган газ берүү боюнча кыргыз-россиялык биргелешкен ишкана түзүү, ошондой эле "Кыргызнефтегаз" АКга 3280,8 млн. сом (80 млн. АКШ долл.) акча каражат инвестициялоо мүмкүндүгү каралган. Кыргыз тараптан биргелешкен ишкананын уставдык капиталына "Кыргызнефтегаз" АКнын акцияларынын мамлекеттик пакети түрүндө уюштуруучу салым же 82,02 млн. сом (2 млн. АКШ долл.) суммада акча каражат салуу маселеси каралган.

Казак тарап түркмөнстандын жана өзбекстандын 10 млрд. куб.м газын Алматы аркылуу иштеп жаткан магистралдык БГР-ТБА газ өткөргүчтөр менен Кытай Эл Республикасына өткөрүү маселеси боюнча долбоорду даярдап жатат. Газ өткөргүч Кыргыз Республикасынын түндүк аймагы аркылуу өтүп калса Кыргызстан бул долбоорго катышып, транзит үчүн жылына 615,15 млн. сом (15 млн. АКШ долл.) алууга мүмкүндүк алат.

"Кыргызгаз" АКнын ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн бир катар иш-чараларды иштеп чыгып жана жүргүзүү зарыл, алар:

- ата мекендик жана чет өлкөлүк инвестициялардын жана алдыңкы технологиялардын максимум көлөмүн тартуу үчүн шарттарды түзүү;
- калктын аз камсыз катмарларын энергия булактарынын баалары кымбаттап жаткан шартта мамлекеттик коргоо программасы менен натыйжалуу тарифтик саясатты иштеп чыгуу;
- Кыргыз Республикасынын аймагы аркылуу газ өткөргүчтөрдү куруунун техникалык-экономикалык негиздемесин иштеп чыгуу; "Кыргызгаз" АКнын тармактарын кайрадан жабдуунун стабилизациялык фондун түзүү.

Чалдовар ст. Чүй суусуна чейинки участокто магистралдык газ өткөргүчтүн экинчи салаасын куруу бүтүрүү республиканын түндүгүндөгү жана Казакстан Республикасынын түштүк облустарындагы керектөөчүлөргө табигый газдын ишенимдүү берилишин жыл сайын транзиттен 135,34-143,54 млн. сом (3,3-3,5 млн. АКШ долл.) чейин суммада киреше алуу менен камсыздайт; эл арасында да, өнөр жайлык керектөөчүлөр арасында да табигый

газ керектөөчүлөрдүн санын көбөйтүп, газ менен камсыздоо тармагын кеңейтет; техникалык прибордук каражаттарды такай жаңыртуу жолу менен эсепке алуу системасын өркүндөтөт. Айрыкча Кыргыз Республикасы аркылуу Кытай Эл Республикасына магистралдык газ өткөргүч куруу долбоору келечектүү боло алат, бул газдын транзити үчүн орчундуу валюта келишин камсыздайт.

Табигый газ үчүн акылардын алынуу деңгээли бийик эместиги жана Өзбекстандын табигый газ үчүн акы төлөөгө койгон катуу шарты оңдоо-калыбына келтирүү жумуштары үчүн, ошондой эле негизги өндүрүш каражаттарды модернизациялоо үчүн "Кыргызгаз" АКнын каражаттарынын тартыштыгына жана финансылык мүмкүнчүлүктөрү чектелишине алып келүүдө. Ушуга байланыштуу "Кыргызгаз" ААК магистралдык жана бөлүштүрүүчү газ өткөргүчтөрдү алмаштыруу жана модернизациялоо, газ бөлүштүрүүчү станцияларды, өлчөөчү түйүлдөрдү, газды жөнгө салуучу пункттарды жана калкты эсепке алуунун заманбап приборлору менен жабдуу, көчмө лабораторияларды жана текшерүүчү түзүлүштөрдү, ошондой эле башка приборлорду сатып алуу боюнча бир катар инвестициялык долбоорлорду даярдап, аларды потенциалдуу инвесторлорго жиберген. Ал долбоорлор боюнча жалпы сумма 295,3 млн. сомду (7,2 млн. АКШ долл.) түзөт.

Экономиканын газды экспортко алууга абдан көз карандылыгы айрыкча айыл жеринде биогаздык жабдууларды кеңири киргизүү жолу менен углеводород эмес өз газыбызды алуу жана тийиштүү программа иштеп чыгуу маселесин коюуда.

2.4. Жылуулук менен камсыздоо

Жыл сайын республикада жылытуу жана ысык суу менен камсыздоо максатында 2,5 млн. Гкал. ашык жылуулук энергиясы, анын ичинде "Электр станциялары" ААК системасында иштеп чыгуунун жалпы көлөмүнүн 60%ине чейин иштеп чыгарылат. 2006-жылы жылуулук энергияны иштеп чыгаруу 1990-жылга салыштырганда 3,1 эсе азайып, 2,794 млн. Гкал. түзгөн жана 2007-жылы 2162 млн. Гкал чейин болгон, бул өнөр жайлык котельныйлар жабылышынан жана Бишкек шаарынын ТЭЦинде жылуулук жана электрдик кубаттуулук азайышынан улам келип чыккан.

Жылуулук энергия иштеп чыгаруу үчүн жылуулук чыгаруучу бардык булактар 600 миң т.у.т. жакын сарпташат, анын ичинде табигый газ - 53%, көмүр - 29%, отундук мазут - 18%. Жылуулук керектөөнүн калыптанган структурасында 80%ке жакыны дүйнөлүк бааларга жакын баада сатып алынчу импорт отун болгондуктан анын чыгымы көп жана экономикалык жактан өзүн актабайт.

Азыркы учурда борбордоштурулган жылуулук менен камсыздоо республиканын 4 шаарында бар, Бишкек ш. боюнча турак жай фондунун 85%и, Ош ш. боюнча - 35-40%и, Кызыл-Кыяда - 60%и жана Караколдо - 26%.

Шаардык жылытуу тармактары жылытуучу кубаттуулуктар менен параллель курулуп жана ишке киргизилген, азыркы учурда өткөргүч түтүктөрдүн көпчүлүгү нормативдик мөөнөтүн иштеп бүткөн жана алмаштырууга муктаж. Алардын эскириши иштин ишеничтүүлүгү азайышына алып келип, тармакта жылуулуктун жана ысык суунун коромжулуктары болууда.

Өнөр жайда, коммуналдык-тиричиликтик сектордо жана элде жылуулук энергияны керектөө структурасынын өзгөрүшү керектөөчүлөрдүн саны азайышынан, ошондой эле жылуулук энергияга тарифтердин кымбаттаганда алардын айрымдары электр энергиясына өтүшүнөн улам болду.

Жылуулук энергияны (негизинен жылытууга) жылуулук берүүчү станциялардын тышкары ведомстволук котельныйлар жана өнөр жай ишканаларынын котельныйлары, ошондой эле 6 облустук башкарма структурасына кирген Кыргызжилкоммунсоюз башкармасынын котельныйлары иштеп чыгарат.

Котельныйлар иштеп чыгаруучу 1 Гкал жылуулук энергиянын өздүк наркы 800-1000 сом тегерегинде (отундун түрүнө жараша). Жылуулук энергияга сатык баанын арзандыгы менен аны иштеп чыгарууга чыгымдын көптүгүнүн ортосундагы айырма Кыргызжилкоммунсоюздун котельныйлары үчүн мамлекет тарабынан дотациялар менен жабылат.

Жылуулук энергияны иштеп чыгарууда электр котельныйлар орчундуу орунду ээлешет (3000ге жакын), алардын суммалык жылытуу кубаттуулугу 4200 гкал/саат, бул Бишкек-1 ТЭЦтин жылытуу кубатынан 3,5 эсе көп. Электр котельныйда жылуулук энергияны иштеп чыгууга орточо өздүк нарк 700-800 сом/Гкал түзөт.

Өз убагында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү кабыл алган электр котельныйларды жергиликтүү органикалык отунга которуу жөнүндө чечим эрте жана экономикалык жактан жетиштүү негизделбеген болуп чыкты, анткени керектөөчүлөрдү жылуулук менен камсыздоодогу татаалдыктар жана жергиликтүү көмүр өнөр жайында өндүрүштүн төмөндөөсү эске алынган эмес.

Жылуулук энергиясына азыркы тарифтер аны иштеп чыгарууга иш жүзүндөгү чыгымдан 2-4 эсе аз. Негизги жабдуучу "Электр станциялары" ААК элдин жылуулук энергияны керектөөсүндөгү чыгымдарды электр энергиясын экспортко чыгаруудан алынган кирешелерди кайчылаш субсидиялоонун жана айрым бөлүгүн бюджеттик каражаттын эсебинен жабат.

Республиканын котельный чарбасы жылуулук энергияны эсепке алуунун приборлору менен жетиштүү камсыздалган эмес. Жылуулук энергияны эсепке алуу жылуулук энергиянын керектелиши боюнча жана аны өндүрүүгө кеткен отундун саны боюнча эсептөө жолу менен чыгарылат, бул чоң айырмаларга алып келет. Жылуулук энергияны эсепке алуу приборлору менен камсыздык 20%тен ашпайт, бул өнөр жайы өнүккөн өлкөлөргө караганда бир нече эсе аз. "Бишкектеплосеть" ААКда гана керектөөчүлөрдө жылуулук энергияны эсепке алуучу приборлорду орнотуу боюнча пландуу иш, ошондой эле эскирген приборлорду жаңыраактарына алмаштыруу жүргүзүлүүдө.

Жылытууга арналган жылуулук энергиянын жана ысык суунун наркы кымбатташы керектөөчүлөрдүн 80%ке жакыны (негизинен калк жана бюджеттик уюмдар) төлөөгө жөндөмсүз болушуна алып келди. Жылуулук энергияны керектөөчүлөрдүн көбү мунун натыйжасында кышында жылытуудан баш тартышып, бул борбордоштурулган жылытуу системасын өзгөртүп жөнгө салууга алып келүүдө.

Кырдаалды татаалдаткан олуттуу факторлордун бири энергиялык ресурстарды региондор боюнча тең салмаксыз пайдалануу болуп эсептелет (мисалы, жергиликтүү арзан көмүр бар жерлерде электр менен жылытууну киргизүү). Эгер рынокко өтүү мезгилинде (1990-1995-жылдар) электр энергиясын кеңири пайдалануу өзүн актаса, азыр андай ыкма техникалык жактан да, экономикалык жактан да максатка ылайыксыз, анткени электр энергиясынын эсебинен жылуулук алуу органикалык отун пайдаланганга караганда бир нече эсе кымбатка түшөт жана республикада электр энергиясынын тартыштыгына алып келет.

Кыргыз Республикасында жылуулук менен камсыздоо чоң социалдык маанииге ээ. Элди жана башка керектөөчүлөрдү жылуулук менен камсыздоодогу бардык үзгүлтүктөр өлкөнүн экономикасына терс таасир тийгизет жана социалдык чыңалууну күчөтөт.

Республикада жылуулук энергияны өндүрүүнүн 2005-жылга карата болжолдуу өсүшү: 2010-жылы - 9-13% жана 2020-жылы -22-34% болот. Мында жылуулук энергияны реалдуу керектөө коромжулуктарды азайтуунун жана энергетиканын бул секторунда энергия үнөмдөөнүн жогорку потенциалынын эсебинен 1,4-1,5 эсе көбөйүшү белгиленүүдө.

Бул максаттарга жетишүү үчүн төмөнкүлөр зарыл:

- жылуулук менен камсыздоо системасынын ишенимдүү иштешин камсыздоочу уюштуруучу жана экономикалык механизмдерди аныктоо менен региондор үчүн жылуулук менен камсыздоону башкаруу системасын түзүү;

- жылуулук менен камсыздоодо нормативдик укуктук базаны кеңейтүү. Мында шаарларды жана калктуу конуштарды электр, газ жана жылуулук менен камсыздоонун комплекстүү жаңы генералдык пландарын түзүүнүн жана ишке ашыруунун уюштуруу-укуктук жана экономикалык механизмдери энергия ресурстарынын оптималдуу структурасын, жылуулук менен камсыздоону борбордоштуруунун жана жылуулаштыруунун даражасын эске алып түзүлүүгө тийиш;

- жылуулукту иштеп чыгууга кеткен иш жүзүндөгү чыгымдардын жабылышын камсыздоочу тарифтик саясатты иштеп чыгуу жана жылуулук энергияга тарифтердин жаңы системасын керектөө көлөмүнө, жыл мезгилине, максимум

күч келүүчү сааттарда пайдаланылышына жараша дифференциялуу тарифтерди киргизүү менен, жылуулуктун үнөмдүү эмес булактарын кайчылаш субсидиялоону болтурбоо максатында жогорку рентабелдүү булактардын эсебинен шаарлар боюнча (балким, бөлөк булактар боюнча да) өз-өзүнчө этаптуу киргизүү;

- жылуулук менен камсыздоого жумшалуучу энергия ресурстарынын реалдуу чыгымдалышын аныктоо үчүн информациялык-аналитикалык маалымат базасын түзүү жана шаарларда, региондордо жана жалпы өлкөдө жылуулук менен камсыздоону өнүктүрүү багыттарын корректировкалоо;

- тармактын энергиялык майнаптуулугун жогорулатууну жана техникалык модернизациялоону камсыздоо.

Аталган маселелерди төмөндөгү иш-чараларды ийгиликтүү жүргүзүү менен чечүүгө болот:

- суроо-талапты, жылуулук энергиянын өздүк наркынын жана аны өткөрүүнүн, чарба жүргүзүүнүн рыноктук шарттарынын жана энергия керектөөчүлөрдүн менчиктик структурасынын өзгөрүшүн эске алуу менен жылуулук менен камсыздоо системаларынын борбордоштуруу деңгээлин оптималдаштыруу (ТЭЦ, чакан ТЭЦ, борбордук жана райондук котельныйлар);

- жылуулук менен камсыздоо системасынын схемаларын жана жабдууларын өркүндөтүү (атап айтканда жылуулук трассаларда изоляцияланган заманбап түтүктөргө бардык жерлерде өтүү);

- жылытуу системаларында бардык жерлерде автоматтык жана кол менен жөнгө салуу системаларын киргизүү, аларды өлчөөчү жана жөнгө салуучу приборлор жана арматуралык аппаратура менен жабдуу;

- жалпы эле жылуулук менен камсыздоо системасынын чыгымдарын азайтуунун, жеке инвестицияларды тартуунун эсебинен энергия булактарынын жана жылытуу тармактарынын натыйжалуулугун жогорулатуу;

- жылуулук энергияга суроо-талапты керектөөчүлөрдүн (жылуулукту берүүчүлөрдүн эмес) күч-каражаттары менен башкаруу камсыздоо, ал үчүн ар кыл булактардан тармакка чыгарылышы (берилиши) мүмкүн болгон жылуулук энергиянын берилишин сандык жана сандык-сапаттык жөнгө салууну киргизүү менен түпкү керектөөчүлөрдү тармакка кошулуунун көз каранды эмес схемаларына - этаптуу өткөрүү менен жылытуу пункттарында автоматтык жөнгө салуу системаларын жапырт киргизүү керек;

- жылытуу жана ысык суу менен камсыздоо системаларында күн энергиясын кеңири пайдалануу;

- рыноктук мамилелерди өнүктүрүү жана менчиктин структурасын өзгөртүү, бул жылуулук энергияны өндүрүү структурасына децентралдаштыруу жана акционердик энергия компанияларына көз карандылыкты азайтуу багытында таасир этет.

Бишкек шаарын жылуулук менен камсыздоону өнүктүрүү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 21-ноябрындагы № 805 токтому менен бекитилген "2025-жылга чейинки мезгилге Бишкек шаарынын башкы планы жөнүндө" токтомуна, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2004-жылдын 27-апрелиндеги № 300 "Кыргыз Республикасынын борбордук жылуулук менен жабдуу тармагында Структуралык кайра түзүүлөргө дүйнөлүк банктын (CSAC) бириктирилген кредитин андан ары ишке ашыруу боюнча аракеттердин планы жөнүндө токтомуна ылайык ишке ашырылууга тийиш.

2.5. Энергиянын салттуу эмес, кайра калыбына келүүчү булактары жана чакан ГЭСтер

Кыргыз Республикасында углеводород сырьену өзүбүздө казып алуунун азайышы, энергия булактарынын импорту чектелиши жана бааларынын кымбатташи энергиянын салттуу эмес, кайра калыбына келүүчү булактарын (ЭККБ) жана чакан ГЭСтерди өнүктүрүүгө ыңгайлуу шарттарды түзүүдө.

Техниканын жана технологиялардын азыркы өнүккөн деңгээлинде республиканын ЭККБнын реалдуу болуучу потенциалдуу энергиялык ресурстары жылына 840 млн. т.у.т. түзөт. Азыркы учурда ЭККБны практикалык пайдалануу анча эмес жана өлкөнүн энергия балансында 0,17%ти гана түзөт.

Практикада кеңири пайдалануу үчүн күн радиациясынын жана биогаз

технологиялардын эсебинен, ошондой эле шамалдын, майда өзөндөрдүн жана күндүк фотоэлектрдик станциялардын энергиясын пайдалануунун негизинде жылуулук менен камсыздоо боюнча иштеп чыгуулар кеңири пайдаланууга техникалык жактан кыйла даяр.

Чакан гидроэнергетиканы өнүктүрүү да чакан ГЭСтерди калыбына келтирүү жана куруу жолу менен ишке ашырылууга тийиш. Республиканын аймагында изилденген, суунун жүрүшү 0,5 тен 50 куб. м/с чейинки 172 дарыянын жана өзөндөрдүн жалпы гидроэнергетикалык потенциалы жылына 80 млрд. кВт.с ашат, анын ичинен өздөштүрүү үчүн техникалык жактан алгылыктуулары жылына 5-8 млрд. кВтс түзөт.

Адистердин сунушу боюнча азыр эле суммалык кубаттуулугу 178 МВт жана жылына орточо 1,0 млрд. кВтс электр энергиясын иштеп чыгаруучу 92 жаңы чакан ГЭС курууга мүмкүндүк бар. Мурдагы 39 чакан ГЭСти калыбына келтирүүгө болот, алардын жалпы кубаттуулугу 22 МВт болот жана жылына орточо 100 млн. кВтч электр энергиясын чыгарууга жетет. Мындан тышкары ирригациялык суу сактагычтарда белгиленген кубаттуулугу 75 МВт жана жылына орто эсеп менен 220 млн. кВтс жакын электр энергиясын чыгаруучу 7 ГЭС куруу боюнча сунуштар иштелип чыккан.

Ал станциялар гидрографикалык тармагы өнүккөн, электр өткөрүүчү ири линияларды куруунун экономикалык жактан натыйжасыз болгон тоолуу жана айыл жерлердеги чачыранды объекттерди электр энергиясы менен камсыздоо үчүн өзгөчө маанилүү.

Жаңы чакан ГЭСтерди курууга дүң чыгымдар көбүнчө станциянын жана жабдууларды жасоочулардын жайгашкан ордуна жараша болот жана 32,8-61,5 миң сомду (800-1500 АКШ долл.) түзөт. Кайра калыбына келтирилчү чакан ГЭСтерде электр энергиясын иштеп чыгаруунун өздүк наркы 8,1-28,1 тыйын/кВтс, ал эми ирригациялык суу сактагычтарда жаңы курулчу чакан ГЭСтерде 22-44,9 тыйын/кВтс түзүшү мүмкүн. Эсептөөлөр боюнча эксплуатациялык көрсөткүчтөрү майнаптуу чакан ГЭСтин өзүн актоо мөөнөтү электр энергиясынын тарифи 41-62 тыйын/кВтс чегинде болсо 7-10 жыл, бул потенциалдуу инвесторлорду кызыктырбайт. ЭККБ үчүн өзүн актоо мөөнөтүн кыскартуучу жаңы тарифтик саясат жүргүзүү зарыл, бул чакан ГЭСтердин инвестициялык кызыктуулугун арттырууга мүмкүндүк берет.

Унификацияланган долбоорлорду пайдалануу жана бир типтеги жабдууга сериялуу заказ берүү, ошондой эле жергиликтүү курулуш уюмдарын тартуу чакан ГЭСтердин экономикалык натыйжалуулугун арттыруу жолдорунун бири боло алат.

Кыргыз Республикасында чакан гидроэнергетиканы өнүктүрүүнүн экономикалык жана техникалык жактардан негизделген масштабдарын белгилөө үчүн төмөнкүлөр зарыл:

1. Кыргыз Республикасынын "Энергиянын кайра калыбына келүүчү булактарын пайдалануу жөнүндө" Мыйзамын кабыл алуу".

2. ЭККБны жана чакан гидроэнергетиканы өнүктүрүү фондун түзүү.

3. ЭККБны пайдалануунун жана чакан гидроэнергетиканы өнүктүрүүнүн улуттук илимий-техникалык программасын иштеп чыгуу, ага мамлекеттик колдоо.

Республиканын чакан гидроэнергетикасын өнүктүрүү боюнча белгиленген чараларды ишке ашырууга технологиялык линиялары сакталып калган, чакан ГЭСтер үчүн электротехникалык жабдууларды жана материалдарды, комплектилик тетиктерди жасоого болуучу жергиликтүү өндүрүштүк ишканаларды тартуу, ошондой эле тике инвестицияларды жана эл аралык финансылык институттардын гранттарын тартуу зарыл.

Чакан гидроэнергетиканы өнүктүрүү энергия системасына күч келүүнү азайтат, электр энергиясын өндүрүү жана бөлүштүрүү процессин сапаттуу жана ишенимдүү башкаруу үчүн шарттарды түзөт, ошондой эле айыл чарбалык ишканаларды жана насостук станцияларды электр энергиясы менен камсыздайт.

3. Кыргыз Республикасынын 2008-2010-жылдарга карата жана 2025-жылга чейинки узак мөөнөттүү келечектеги отун-энергетикалык балансы

Отун-энергетикалык баланстын структурасы өз мамлекетибизди курууну жана рыноктук экономикага өтүүнү коштогон процесстердин таасири астында болуп өттү (3.1-сүрөт).

3.1-сүрөт. 1990-2006-жылдардагы мезгилде отун-энергетикалык ресурстардын 1990-жылга салыштырмалуу керектелиши

Келечекте ички керектөөчүлөрдү энергия менен ишеничтүү жана үзгүлтүксүз жабдуу энергетикалык өндүрүштүн капитал сыйымдуулугун жана инерциялуулугун жана өлкөнүн орто жана узак мөөнөттүк келечекке карата социалдык-экономикалык өнүгүү тенденцияларын эске алуу менен энергия булактарына суроо-талаптын божомолун жана алардын өндүрүш көлөмдөрү боюнча баланстуулугун талап кылат.

Энергия булактарына керектөөнүн божомолун иштеп чыгууда ресурстук саясаттын абдан маанилүү принциптерине төмөнкүлөр киргизилди:

- органикалык энергия булактарын энергиянын кайра калыбына келүүчү булактарына (ГЭС жана ЭККБ) алмаштыруунун эсебинен углеводород отундун импортун азайтуу;
- 2010-жылга карата энергия үнөмдөөнүн активдүү саясатын жүргүзүүнүн негизинде энергия керектөөнүн өсүш темпин 10% деңгээлде кармоо жана кийин бул көрсөткүчтү узак мөөнөттүк келечекте энергия үнөмдөөнүн колдо болгон потенциалынын 45-50% деңгээлде бааланып жаткан деңгээлине чейин оңдоо;
- энергия ресурстарын керектөөнүн өсүш темптерин 2010-2025-жылдарга карата ИДПнын өсүш темпинин 0,5-0,4 деңгээлинде камсыздоо;
- бааларды, тарифтерди оптималдуу жөнгө салуунун жана энергия ресурстарынын рыногунда атаандаштыкты өнүктүрүүнүн негизинде ички рынокто энергия булактарын диверсификациялоо.

3.1. 2008-2010-жылдарга жана 2025-жылга чейинки узак мөөнөттүк келечекке карата энергия булактарына суроо-талаптын божомолу

Энергия булактарына суроо-талаптын божомолу Кыргыз Республикасынын экономикалык өнүктүрүүнүн кабыл алынган программалык документтеринин негизинде жана Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин отчеттук маалыматтарынын негизинде макроэкономикалык индикаторлордун, энергия керектөөнүн тенденцияларынын жана импорттолчу энергия булактарына (табигый газга жана нефти продуктуларга) баалардын өсүшүнүн аларга таасирине божомолдун жана ресурстук саясаттын принциптеринин негизинде ишке ашырылган (3.2-таблица).

УЭПте төмөнкүдөй мезгилдерде өлкөнүн жылдык орточо өсүш темпине жараша отун-энергетикалык ресурстарга керектөө өсүшүнүн 2 сценарийи каралды:

- 2008-2010-жылдардагы мезгилге карата - Өлкөнү өнүктүрүүнүн 2010-жылга чейинки стратегиясына ылайык 108,1% (мындан ары - СРС);
- Экономикалык стратегиялар борборунун (мындан ары - ЭСБ) божомолуна ылайык Кыргыз Республикасынын Экономикалык өнүктүрүү жана соода министрлиги: 2011-2014-жылдарга карата мезгилге - 106% , 2015-2020-жылдар - (I сценарий боюнча 103%, II сценарий боюнча - 104%), 2021-2025-жылдар - (I сценарий боюнча 103%, II сценарий боюнча - 104%).

Социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн жана энергия керектөөнүн тенденцияларына анализ 1990-2006-жылдардагы отчеттук мезгилде ИДПнын 2006-жылдагы 82% реалдуу өсүш темпинде (1990-жылдагы баалар боюнча) деңгээлине карата жана энергия керектөөнүн 45% темпинде ИДПдагы энергия сыйымдуулук 2006-жылы 55%, энергия керектөө 37%ке чейин азайган. Адам башына электр керектөө 1990-жылдын деңгээлине карата 105% көбөйгөн, бул углеводород отунду диверсификациялоо процессин билдирет, анткени алардын 85%и коңшу мамлекеттерден импорттолот.

Биринчи жана экинчи сценарий боюнча энергия ресурстарын керектөө божомолу 3.1-таблицада көрсөтүлдү, анын негизинде республиканын

отун-энергетика балансынын божомолу иштелип чыкты.

3.2. Кыргыз Республикасынын 2008-2010-жылдарга карата жана 2025-жылга чейинки келечектеги отун-энергетика балансы

Келечекте отун-энергетика балансын калыптандырууга негиз (мындан ары - ОЭБ) электрдик баланс, көмүр балансы, табигый газ балансы, нефти жана нефти продуктулар балансы эсептелет.

Кыргыз Республикасынын 2008-2010-жылдарга карата жана 2025-жылга чейинки мезгилдеги электр балансынын божомолуна ылайык биринчи сценарий боюнча (3.2-таблица) төмөнкүлөр күтүлөт:

- кийинки жылдардагы климаттык шарттарга жана кургакчылыкка байланыштуу Токтогул суу сактагычында суунун азайышынан улам 2010-жылга карата электр энергиясын иштеп чыгаруу 13,57 млрд. кВтс чейин азаят, бул электр энергиясын экспорттоо 1,07 млрд. кВтс чейин азайышына алып келет;
- Камбарата № 2 ГЭСи толук кубаттуулугуна кириши менен 2015-жылы электр энергиясын өндүрүү 18,4 млрд. кВтс, Камбарата ГЭС-1 толук кубаттуулугуна кириши менен 2025-жылы млрд. кВтс өсүшү болжонууда. Мында электр энергиясын экспорттоо 2015-жылга карата 2,16 млрд. кВтс, 2025-жылга карата - 4,26 млрд. кВтс чейин көбөйүшү мүмкүн;
- тармактарда, анын ичинде "Кыргызстандын улуттук электр тармагы" ААКнын тармактары боюнча өткөрүүдө электр энергиясынын коромжулугу 2010-2025-жылдарга карата 5,5%ке чейин азаят, бөлүштүрүүчү компаниялардын (мындан ары - РЭК) тармактары боюнча түпкү керектөөчүгө чейин бөлүштүрүүдө 2010-жылга карата 15%ке чейин жана 2025-жылга карата 12%ке чейин азаят, коммерциялык коромжулук 2010-жылга карата 3%ке чейин жана 2025-жылга карата 0% болот.
- орто мөөнөттүк стратегияга ылайык, 2010-жылга карата электр энергиясын керектөө ИДПнын жылдык орточо өсүш темпинен 10,1 млрд. кВтс чейин жана 2025-жылга карата 18 млрд. кВтс чейин ашат.

Биринчи сценарий боюнча (3.2-табл.) Бишкек шаарынын ТЭЦинде электр энергиясын өндүрүүнү көбөйтүү мүмкүндүгүн кароо зарыл, мында 2010-жылы электр энергиясын 14,8 млрд. кВтс чейин көбөйтүүгө мүмкүн. Кара-Кече ТЭСи курулуп жана ишке киргизилсе электр энергиясын чыгаруу 19,7 млрд. кВтс чейин, Жогорку-Нарын ГЭСтер каскады жана Акбулуң ГЭСи, Камбарата ГЭС-1, ошондой эле Сары-Жаз суусундагы ГЭС курулса электр энергиясын чыгаруу 2025-жылга карата 33,89 млрд. кВтс чейин көбөйөт.

Мында электр энергиясынын экспорту 2015-жылга карата 3,3 млрд. кВтс чейин, 2025-жылга карата 6,4 млрд. кВтс чейин көбөйтүлүшү мүмкүн.

Экинчи сценарий боюнча, электр энергиясын жылына 2ден 4 млрд. кВтс чейин керектөөчү алюминий өндүрүшүн ишке киргизүү, ошондой эле Таш-Көмүр шаарында "Кристалл" заводун модернизациялоо жана толук ишке киргизүү менен боюнча электр энергиясын ички керектөө 2025-жылга карата 22,64 млрд. кВтс чейин көбөйүшү болжолдонууда.

Тармактарда, анын ичинде "Кыргызстандын улуттук электр тармагы" ААКнын тармактары боюнча өткөрүүдө электр энергиясынын коромжулугу 2010-2025-жылдарга карата 5,0% деңгээлге чейин, РЭК тармактары боюнча түпкү керектөөчүгө чейин бөлүштүрүүдө техникалык коромжулуктар 2005-жылга карата 15%ке чейин жана 2010-жылга карата 3%ке чейин азаят, жана 2025-жылга карата нөлгө барабар болот.

2025-жылга чейинки мезгилдеги көмүр балансына ылайык (3.3-таблица) төмөнкүдөй күтүлүүдө:

- биринчи сценарий боюнча: көмүр казуу 2015-жылга карата 1 млн.т чейин, 2025-жылга карата 1,7 млн.т чейин көбөйөт;
- экинчи сценарий боюнча: кубаттуулугу 1200 МВт Кара-Кече ТЭСи курулса "Кара-Кече" кенин ылдамдатып иштетүүгө даярдоо зарылдыгы жаралат, анын эсебинен көмүр казууну 2025-жылга карата 4,1 млн.т чейин жана 2025-жылга карата 4,7 млн.т чейин жеткирүү болжолдонууда. Мында импортту 2025-жылга карата 750 миң т чейин бара-бара азайтуу болжолдонууда;
- Кытайга көмүр экспорттоо 2005-жылга карата 200 миң тоннага чейин

жана коңшу мамлекеттерге - Тажикстанга жана Өзбекстанга бир аз көбөйтүү болжолдонууда.

Табигый газдын балансынын 2008-2010-жылдарга карата жана 2025-жылга чейинки божомолуна ылайык (3.5-табл.) биринчи сценарий боюнча төмөнкүлөр күтүлүүдө:

- табигый газдын 2010-жылга карата 20 млн. куб.м чейин жана 2025-жылга карата 804 млн. куб.м чейин жана 2025-жылга 30 млн. куб.м чейин казып алынышы;

- табигый газды керектөө (коромжуларды эске албастан) 2025-жылга карата 804 млн. куб.м жана 2025-жылга карата 880 млн. куб.м чейин өсүшү;

- импорт 2005-жылга карата 880 млн. куб.м чейин өсүшү.

Экинчи сценарий боюнча табигый газ казып алуу 2010-жылга карата 30 млн. куб.м чейин жана 2025-жылга карата 70 млн. куб.м чейин өсүшү жана дүйнөлүк баалардын, ошондой эле КМШ рыногундагы баалардын кымбаттоо тенденцияларына жана табигый газдын импорту 2025-жылга карата 355 млн. куб.м чейин азайышы болжолдонот.

Нефти балансынын 2008-2010-жылдарга карата божомолуна (3.6-таблица) ылайык төмөнкүлөр күтүлөт:

- нефти казуу 2010-жылга карата 82 миң.т чейин жана 2025-жылга карата 90 миң т чейин өсүшү;

- республиканын ичинде нефти керектөө 2010-жылга карата 82 миң тоннага чейин жана 2025-жылга карата 112 миң т чейин көбөйүшү.

- 2025-жылга карата импортко 17 миң тоннага чейин келиши.

Нефтини казуунун, импорттоонун жана иштетүүнүн жогоруда айтылган анча көп эмес көлөмдөрү жүргүнчүлөрдү ташуунун, транспорттун ар кыл түрлөрүнүн жүктөрдү ташуусу көбөйүп жатканына байланыштуу республиканын тунук нефти продуктуларга көбөйүп жаткан керектөөсүн канааттандыра албайт, бул нефти продуктуларга керектөөнү шарттайт (3.6; 3.7; 3.8-табл.). Нефти продуктуларга керектөөнү камсыздоо үчүн импорттун көлөмүн көбөйтүү: автобензинди - 2025-жылга карата 420 миң т чейин; дизелдик отунду 2025-жылга карата 340 миң т чейин; мазутту 2025-жылга карата 25 миң т чейин көбөйтүү зарыл; ошондой эле республикада нефти казып алууну жана иштетүүнү көбөйтүү жана автобензинди 2025-жылга карата 35 миң т чейин жана дизелдик отунду 2025-жылга карата 55 миң т чейин көбөйтүү зарыл.

Отун-энергетика балансынын каралган сценарийлерин өздүк ресурстар менен камсыздалууга карата салыштырууда, биринчи сценарий боюнча энергия ресурстарын ипорттоого муктаждык 2025-жылга карата жалпы керектөөнүн 45%и деңгээлин түзөөрүн көрсөттү. ОЭКти экинчи сценарий боюнча түзүүдө импорттун үлүшү 2025-жылга карата 30%ке чейин азаят.

Өлкөнүн отун-энергетика балансынын максаттарын ишке ашыруудагы негизги механизмдер төмөнкүлөр болууга тийиш:

- энергия булактарына суроо-талапты энергияны туруктуу пайдалануунун индикаторлорун ОЭК тармактарын ресурстук камсыздоонун мүмкүнчүлүктөрүнө, ошондой эле энергия булактарынын импортуна жана экспортуна жараша ИДПнын энергия керектөөсүн жана экономиканын реалдуу секторлорунун энергия керектөөсүнүн нормага салынчу көрсөткүчүн мониторингдөө аркылуу мамлекеттик деңгээлде жөнгө салуу;

- Кыргыз Республикасынын Энергиялык майнаптуулугунун жана туруктуу өнүктүрүүнүн мамлекеттик программасын иштеп чыгуу жана турмушка ашыруу;

- энергетика чөйрөсүндө ак ниет атаандаштыкты өнүктүрүү, соодадагы тоскоолдуктарды жоюу, энергетикалык ишканалардын бытырандылыгын жоюу.

Болжолдук отун-энергетика балансын түзүү төмөнкүдөй тоскоолдуктарга жана тобокелдерге, максаттын ишке ашпай калуусуна учурашы мүмкүн.

1. Жаңы технологиялардын чектелүү болушу, эсепке алуучу приборлор жоктугу жана энергиянын үнөмдөлүшүн сандык өлчөөдөгү кыйынчылыктар, түрткү берүүчү экономикалык механизмдер жоктуктан илимий-изилдөө жумуштарына жана ОКРге каражаттар жетишсиз болгондуктан рынокко новатордук сунуштардын аз түшүүсү.

2. Финансылык каражат жоктугу жана ага жеткиликтүүлүк чектелгени,

энергия үнөмдөөчү технологияларды жана жабдууларды кредитке алуу үчүн жеңилдетилген шарттарга так механизмдер жетишсиздиги.

3. Мүлктүк укуктар так аныкталган эмес, өлкөнүн оту-энергетика балансынын оптималдуу структурасын түзүүнүн келечегинин абалы жөнүндө маалыматтын жетишсиздиги.

4. Рыноктук мамилелердин калыптануусундагы жана улуттук жана региондук деңгээлдерде энергия булактарынын рынокторун түзүүдөгү кыйынчылыктар, эл аралык деңгээлде аткаруучулук тартиптин жоктугу, нормативдик укуктук база жана энергетика мыйзамдары жетик болбогондуктан рыноктук механизмдердин жакшы пайдаланылбашы.

5. Айрыкча чакан жана орто ишканалар, фермердик жана үй чарбалар үчүн квалификациялуу адистердин жетишсиздиги, энергия үнөмдөөчү жабдууну орнотуудагы кыйынчылыктар, тийиштүү информациялык программалардын жоктугу.

6. Кызмат адамдарынын жоопкерсиздиги, калкта жана ишкерлерде энергия булактарын пайдалануу маданиятынын жоктугу, уурдаган жана сарамжалсыз пайдаланган учурларда таасир этүүчү зарыл чаралардын жоктугу.

7. Энергия булактарына дүйнөлүк баалар кымбатташынын республиканын экономикасына жана элди тейлөө чөйрөсүнө таасирине божомолдоочу баа берүүнүн жоктугу.

3.1-таблица

Республиканын ичинде ОЭРднн керектелиши:
2001-2005-жылдардагы отчет(*)
2006-2010-жылдарга(**)
жана 2025-жылга чейин божомол

		1 сценарий				
	Өлчөө бирд.	2001	2005	2006	2010	
1	2	3	4	5	6	
Электр энергия	млн. кВт.с	6780	7095	7185	10104	
Табигый газ	млн. куб.м	675,5	626,9	666	700	
Көмүр	миң т	1123	1254,2	1208,5	1770	
Нефть	миң т	75,5	80,2	80	99	
Дизелдик отун	миң т	160	130,3	136,4	176	
Автомобилдик бензин	миң т	194	271	322	350	
Мазут	миң т	77	56,6	60,8	68	

2 сценарий						
2015	2020	2025	2010	2015	2020	2025
7	8	9	10	11	12	13
13074	15280	18030	10262	13074	18230	22640
710	730	750	525	465	425	375

2060	2190	2405	3270	5060	5190	5405
99,6	105,6	112	99	99,6	105,6	112
220	280	340	176	272	320	390
360	380	420	320	360	410	680
70	80	90	68	70	80	90

(*) Кыргыз Республикасынын Улуттук статкому, Кыргыз Республикасынын 1990-2001-жылдардагы ОЭБ жана (1999-жылдагы, 2001-жылдагы, 2005-жылдагы ОЭБ))

(**)Нефти продуктуларды керектөө көбөйүшүнүн Кыргыз Республикасында транспорттун өнүгүшү менен шартталган божомолу.

3.2-таблица

Кыргыз Республикасында электр энергиясынын балансы:
1990-2006-жылдардагы отчет(*)
жана 2010-2025-жылдарга карата
сценарийлер боюнча божомол (млн.кВт с)

	ОЭБ боюнча отчеттор			-		Божомол 1-сценарий	
	1990	1995	2001	2005	2006	2010	
1	2	3	4	5	6	7	
Ресурстар	16590	19337	20013	14891,8	14486	13571	
Өндүрүш	13370	12349	13660	14891,8	14486	13571	
Импорт боюнча келди	3220	6987	6353	0,2	0	0	
Бөлүштүрүү	16590	19336	20013	14891,8	14486	13571	
Республиканын ичинде керектелди	8357	7525	6780	7095,5	7185	10104	
Жалпы пайдалануудагы электр тармактарындагы коромжулук	1035	3457	4802	5135	4841	2551	
Экспорт	7198	8354	8431	2661,3	2460	1020	

	Божомол 2-сценарий					
2015	2020	2025	2010	2015	2020	2025
8	9	10	11	12	13	14

18437	21075	26742	14814	19720	26376	33890
18437	21075	26742	14814	19720	26376	33890
0	0	0				
18437	21075	26742	14814	19720	26376	33890
13074	15280	18030	10262	13074	18230	22640
3198	3703	4450	2837	3382	4272	4874
2165	2092	4262	1715	3264	3874	6376

3.3-таблица

Кыргыз Республикасында көмүрдүн балансы
1990-2006-жылдардагы отчет(*)
жана 2010-2025-жылдарга карата
сценарийлер боюнча божомол (миң тонна)

					-	1 сценарий
	1990	1995	2001	2005	2006	2010
1	2	3	4	5	6	7
Ресурстар	7660	1816,3	1645,1	1912,8	1828,6	2466
Казуу	3742	463,2	512,6	335,8	321,1	462
Импорт боюнча келүү	2911	499,8	344	981,3	907,5	1120
Жыл башына карата калдык	1007	853,3	788,5	596,2	600	640
Бөлүштүрүү	7660	1816,3	1645,1	1912,8	1828,6	2406
Республиканын ичинде керектөө	4765	1162,8	1123	1254,2	1208,5	1770
Коромжулар	21	16,3	0,2			
Экспортко чыгаруу	1917	170,6	28,5	8,8	10	100
Жыл аягына карата калдык	957	466,6	493,4	619,7	620	536

			2 сценарий			
2015	2020	2025	2010	2015	2020	2025
8	9	10	11	12	13	14
2700	2850	3050	3900	5700	5850	6050
1000	1350	1700	1960	4100	4350	4700
1010	900	750	1180	1010	900	750
690	600	600	560	590	600	600
2700	2850	3050	3900	5700	5850	6050
2060	2190	2405	3270	5060	5190	5405
200	200	200	100	200	200	200
437	460	440	528	437	457	441

(*)Кыргыз Республикасынын Улуттук статкому, Кыргыз Республикасынын 1990-2001-жылдарга карата ОЭБ, (1999-жыл, 2001-2005-жылдар), Бишкек - 2002-жыл, 2006-жыл.

3.4-таблица

Газ балансы:
1990-2006-жылдардагы мезгил үчүн отчет(*)
жана сценарийлер боюнча 2010-2025-жылдарга
карата божомол(**) (млн. куб. м)

						1-сценарий
	1990	1995	2001	2005	2006	2010
1	2	3	4	5	6	7
Ресурстар	2174	882,3	698,5	736,2	766,3	804
Казып алуу	96	35,7	32,8	25,1	19,4	20
Импортко келүү	2078	846,6	665,7	711	746,9	784
Жыл башына карата калдык	-	-	-			
Бөлүштүрүү	2174	882,3	698,5	736,2	766,3	804

Республиканын ичинде керектөө	2076	856,2	675,5	626,9	666	700
Коромжулар	38	26,1	23	109,3	100,2	104
Экспортко чыгаруу	60	-	-			
Жыл аягына карата калдык	-	-	-			

			2-сценарий			
2015	2020	2025	2010	2015	2020	2025
8	9	10	11	12	13	14
825	850	880	585	535	485	425
30	30	30	30	50	60	70
795	820	850	555	485	425	355
825	850	880	585	535	485	425
710	730	750	525	465	425	375
115	120	130	80	70	60	50

(*)Кыргыз Республикасынын Улуттук статкому, Кыргыз Республикасынын 1990-2001-жылдардагы ОЭБ, (1999-жыл, 2001-200-жылдар), Бишкек 2002-жыл, 2006-жылдар.

(**)Газ казып алуу боюнча божомол цифралар "Газпром" ААКнын жана "Кыргызнефтегаз" ААКнын чалгындоо иштери аякташына жараша өзгөртүлөт.

3.5-таблица

Нефти балансы:
1990-2006-жылдардагы отчет(*)
жана 2025-жылга чейинки мезгилге
карата божомол (миң тонна)

	1990	2001	2005	2006	2007	2008	2009	2010	2015	2020	2025

Ресурстар	162	87,5	90,4	84,1	95,2	103	111	118	118	120	126
Казып алуу	155	75,5	77,9	70,6	68,2	78	80	82	82	85	90
Импортко келүү	-	-	5,1	6,1	17	17	17	17	17	17	17
Жыл башына	7	12	7,4	7,4	10,2	8	14	19	19	18	19
Бөлүштүрүү	162	87,5	90,4	84,1	95,2	103	111	118	118	120	126
Республика-нын ичинде керектөө	3	75,5	80,2	80	85,2	95	97	99	99,6	105,6	112
Коромжулар	2	-			2	2	2	2	1,4	2,4	2
Экспортко	151	-									
Жыл аягына калдык	6	12	10,2	4,1	102	103	111	118	17	12	12

(*)Кыргыз Республикасынын Улуттук статкому, Кыргыз Республикасынын 1990-2001-жылдардагы ОЭБ, (1999-жыл, 2001-2005-жылдар), Бишкек 2002-жыл, 2006-жылдар.

(**)Нефти казып алуу боюнча божомол цифралар "Газпром" ААКнын жана "Кыргызнефтегаз" ААКнын чалгындоо иштери аякташына жараша өзгөртүлөт.

3.6-таблица

Дизелдик отундун балансы:
1990-2006-жылдардагы отчет(*)
жана 2008-2010-жылдарга жана 2025-жылга
чейинки мезгилге карата божомол (миң тонна)

	1990	2001	2005	2006
1	2	3	4	5
Ресурстар	696	178	173,9	181,4
Казуу (өндүрүү)	-	43,4	31,43	31,2
Импортко келүү	616	95	128,9	136,2
Жыл башына калдык	80	39,6	13,6	14
Бөлүштүрүү	696	178	173,9	181,4
Республиканын ичинде керектөө	622	160	130,3	136,4
Коромжулар	-	0	0,7	0,8
Экспортко чыгаруу	24	0,6	19,1	19,1
Жыл аягына карата калдык	50	17,4	23,7	26,1

2007	2008	2009	2010	2015	2020	2025
6	7	8	9	10	11	12
199,9	192	193	194	293	350	420
51,9	33	34	36	40	45	55
135	145	145	145	230	280	340
13	14	14	14	23	25	25
199,9	192	193	194	293	350	420
175,9	170	173	176	272	320	390
0,7	0,7	0,7	0,7	1	2	3
1,63	1,63	1,63	1,63	3	4	5
21,67	19,67	17,67	15,67	17	24	22

(*)Кыргыз Республикасынын Улуттук статкому, Кыргыз Республикасынын 1990-2001-жылдардагы ОЭБ, (1999-жыл, 2001-2005-жылдар), Бишкек, 2002, 2006-жыл.

3.7-таблица

Автобензин балансы:
1990-2006-жылдардагы отчет(*) жана
2008-2010-жылдарга карата жана 2025-жылга
чейинки божомол (миң тонна)

	1990	2001	2005	2006	2007	2008	2009	2010	2015	2020	2025
Ресурстар	737	200,1	305,8	355,5	352	388	390	390	405	430	475
Казуу (өндүрүү)	-	45,2	13-янв.	11,4	12	18	20	20	25	30	35
Импортко келүү	713	101,9	273,6	324,1	320	350	350	350	360	380	420
Жыл башына карата калдык	24	53	19	20	20	20	20	20	20	20	20
Бөлүштүрүү	737	200,1	305,8	355,5	352	388	390	390	405	430	475
Республика-нын ичинде керектөө	682	194	271	322,5	327	340	345	350	360	380	420
Коромжулар	-	0	6,7	7							
Экспортко чыгаруу	20	0	5,4	6	5	5	5	5	5	10	15
Жыл аягына	35	6,1	22,7	20	20	48	30	35	30	40	40

карата калдык											

3.8-таблица

Отундук мазут балансы:
1990-2006-жылдардагы отчет жана
2008-2010-жылдардагы жана 2025-жылга чейинки
мезгилге карата божомол (миң тонна)

	1990	2001	2005	2006
1	2	3	4	5
Ресурстар	1184	125,8	100,1	76,8
Казуу (өндүрүү)	-	42,2	41,7	42,1
Импортко келүү	1006	20,4	14	1,7
Жыл башына карата калдык	178	63,2	44,4	33
Бөлүштүрүү	1184	125,8	100,1	76,8
Республиканын ичинде керектөө	1027	77	56,6	60,8
Коромжулар	1	-	0	0
Экспортко чыгаруу	-	2,1	10,2	0
Жыл аягына карата калдык	156	46,7	33,3	16

2007	2008	2009	2010	2015	2020	2025
6	7	8	9	10	11	12
91,88	81,08	82,288	83,288	90	100	105
54,1	48	50	52	54	57	60
20	18	17	16	16	20	25
17,788	15,08	15,288	15,288	20	23	20
92,88	81,08	82,288	83,288	90	100	105
74,1	66	67	68	70	80	90
2,78	0	0	0	0	0	0
15,08	15,08	15,288	14,788	20	20	15

(*)Кыргыз Республикасынын Улуттук статкому, Кыргыз Республикасынын 1990-2001-жылдардагы ОЭБ, (1999-жыл, 2001-2005-жылдар), Бишкек, 2002, 2006-жыл

4. Тарифтик саясаттын жана тармакты финансылык-экономикалык жакшыртуунун стратегиялык милдеттери

Энергетика тармагын учурдагы оор финансылык-экономикалык абалдан чыгаруунун негизги милдеттеринин бири электр энергиясына, жылуулук энергияга жана жаратылыш газына экономикалык жактан негиздүү тарифтерди белгилөө болуп эсептелет.

Экономикалык жактан негизделбеген тарифтер, жогорку деңгээлдеги жоготуулар жана төлөмдөрдүн аз көлөмдө жыйналышы өткөрүп берүүчү жана иштеп чыгаруучу энергия компанияларын чыгымдарга учуроо менен иштөөгө алып келүүдө. ТЭЦте жылуулук чыгаруудан тарткан чыгым 2006-жылы 795,87 млн. сомду түзгөн жана электр энергиясын экспорттоонун эсебинен жарым жартылай жабылууда, ал эми бөлүштүрүүчү компанияларынын чыгымдары 940 млн. сомду түзгөн.

Энергия компанияларынын 2006-жылдагы кредитордук карызынын жалпы суммасы 3,42 млрд. сомду түздү. Кредиторлорго отун жана Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду боюнча 100 процент төлөгөндө бажы жана салык милдеттенмелери 45 процентке гана аткарылууда.

Энергетика комплексинде баа белгилөө жана тариф саясатын өркүндөтүү боюнча стратегиялык милдеттер энергетика сектору өзүн өзү актай алгандай жана тариф белгилөө тармагында кайчылаш субсидияларды этаптуу жойгудай принциптерге негизделүүгө тийиш.

Тарифтер электр жана жылуулук энергияларын иштеп чыгарууга, өткөрүүгө, бөлүштүрүүгө жана сатууга кеткен бардык чыгымдарды жабууга жана керектөөчүлөрдүн ар бир категориясын электр менен камсыздоонун бардык чыгымдарын чагылдырууга тийиш. Социалдык колдоо (субсидиялар) кирешеси аз керектөөчүлөргө социалдык коргоонун мамлекеттик программалары аркылуу даректүү берилүүгө тийиш.

Азыркы учурда энергетикадагы башкаруучу орган - Кыргыз Республикасынын Өнөр жай, энергетика жана отун ресурстары министрлигинин алдындагы Отун-энергетика комплексин жөнгө салуу боюнча департамент Электр энергиясына 2008-20112-жылдарга карата орто мөөнөттүк тарифтик саясатты жана Жылуулук энергиясына 2008-2012-жылдарга карата орто мөөнөттүк тарифтик саясатты даярдап жатат, аларда энергия булактарына тарифтерди энергетика компанияларынын чыгымдарын жабуучу деңгээлге чейин көтөрүү каралган.

Келечекте электр энергиясына тарифти тарифтердин жалпы өлкө боюнча өсүшү инфляциянын жогорку чегинен (күтүлгөндөн) ашпагыдай жана инфляциянын төмөнкү (пландалган) чегинен төмөн болбогудай кылып көбөйтүүнүн төмөнкү жана жогорку чектерин белгилөө зарыл.

ССТПнын жогоруда аталган долбоорлоруна ылайык тарифтерди жогорулатуу келерки 2008-2012-жылдар мезгилине инфляциянын өсүү темпине олуттуу таасир бериши мүмкүн. Калктын кирешеси, инфляция жана 1998-2007-жылдар үчүн электр энергиясына тарифтер боюнча иш жүзүндөгү маалыматтарга талдоо жүргүзүү жана алардын божомолдоолору 2010-жылга чейин өлкөнү өнүктүрүүнүн стратегиясына (СРС) ылайык инфляция боюнча максаттуу багыттардан ашып кетүү коркунучу болоорун көрсөтөт. Өнүктүрүүнүн инерциялык тренингинде инфляция 10%тен ашпашы күтүлөт жана акы төлөмө кызматтарга тарифтердин жана көбүнчө тамак-аш азыктарына баалардын таасири менен түзүлөт. Ошол эле учурда 2007-жылдын октябрында инфляциянын жогорулашынын иш жүзүндөгү темптери 20,4%ти, декабрда 20,1%ти түздү жана күтүлгөндөн ашып кетти, азык-түлүк товарларына баалардын 35,3 процентке өсүшүнүн натыйжасында (анын ичинде нанга жана нан-булочка азыктарына 80,7%ке, этке жана малдын майына 48,7%ке, каймакка - 25,6%ке) СРСке салыштырганда калктын кирешелеринин төмөндөө темпи болду.

Кыргыз Республикасынын Экономикалык өнүктүрүү жана соода министрлигинин отчеттук маалыматтарына ылайык 2007-жылы инфляциянын орто жылдык өсүшүнүн темпи пландагы 105%тин ордуна 110,2%ти түздү, ал эми калктын кирешелеринин өсүү темпи 2006-жылдагы 15,7%тин ордуна 9,5%ке чейин төмөндөдү. 2008-жылы инфляциянын өсүү темпи 108,0% деңгээлинде, калктын

реалдуу кирешелеринин өсүү темпи 109,9% деңгээлинде пландалууда.

Энергия булактарына (нефть, газ) баалардын өсүшүнүн дүйнөлүк тенденцияларынын жана тиешелүү түрдө Кыргыз Республикасында электр энергиясынын өлкөнүн социалдык жана экономикалык өнүгүшүнө таасирин баалоо боюнча жүргүзүлгөн изилдөөлөр керектөө бааларынын индекстеринин макроэкономикалык индикаторлору жана ИДПы менен жогорку корреляциялык байланышынын болушун ырастайт.

Жогоруда айтылгандарды эске алып энергия компанияларынын сарптоолорун гана негиздөө менен эмес, тарифтик коридорду алдыдагы үч жылда белгилөө инфляциянын жана кирешенин өсүү тенденциясын көңүлгө алуу менен тарифтик саясатты иштеп чыгуу методологиясын өзгөртүү зарыл.

Сарптоолорду кыскартуу боюнча маселелерде төмөнкүдөй негизги багыттар болуп эсептелет: ТЭЦтин жылуулук менен камсыз кылуусуна чыгымдарды кыскартуу; энергиянын коромжулуктарын азайтуу; ремонт иштерине үнөмдөө; персоналдын санын жана эмгек акыны оптималдаштыруу, сырьену жана материалдарды, товардык материалдык баалуулуктардын запастарын пайдаланууну тартипке келтирүү; профилдүү эмес коммерциялык жана рентабелдүү эмес активдерден бошонуу. Жаңы тарифтик саясаттан макроэкономика инфляцияны токтотуунун иштиктүү куралына ээ болот; ал эми пайдалануучу тармактар, өзгөчө энергия сыйымдуулары өздөрүнүн чыгымдарын жакшы пландай жана бизнес-долбоорлорун негиздей алышат.

Тармакты финансы-экономикалык жакшыртуунун маанилүү экономикалык механизми (макроэкономикалык индикатору) төмөнкүдөй биринчи кезектеги чаралардын комплексин ишке ашыруу болуп эсептелет:

- электр энергиясынын коромжулуктарын техникалык коромжулуктардын нормаланган деңгээлине жакын деңгээлге чейин азайтуу боюнча катуу саясат жүргүзүү (15-12%);
- коммерциялык коромжулуктарды же электр энергиясын уурдоолорду узак мөөнөттүү келечекте толук жоюу менен 2010-жылга карата 3%ке чейин кыскартуу;
- берилген электр энергиясы үчүн акчалай формада накталай төлөмдөрдү жыйноону 98-100 %ке чейин көбөйтүү;
- рынок шарттарында алардын нормалдуу иштешин камсыздоо үчүн энергия компанияларынын активдерин кайра баалоону жана капиталдаштырууну жүргүзүү;
- энергия компанияларынын рыноктук шарттарда нормалдуу иштешин камсыздоо алардын активдерин кайра баалоо жана капиталдаштыруу;
- энергия компаниялары менен фискалдык органдарынын ортосунда төлөмдөр боюнча чоң карызды келечекте ушул сыяктуу кырдаалдардын пайда болушуна тыюу салуучу механизмдерди иштеп чыгуу менен өзгөртүп кайра түзүү жолу менен жоюу;
- энергия компанияларынын коом үчүн алардын ачык-айкындыгын камсыз кылуу, ошондой эле аларды азайтуу боюнча чараларды иштеп чыгуу менен электр энергиясын өндүрүүгө, берүүгө, бөлүштүрүүгө жана сатууга сарптоолорун негиздөө;
- тарифтер жогорулаганда экономиканын реалдуу секторуна терс таасир көрсөтүүнү төмөндетүү, ошондой эле калктын социалдык жактан аялуу катмарына даректүү компенсациялоо боюнча чараларды иштеп чыгуу;
- электр энергиясына, жылуулук энергиясына жана жаратылыш газына тарифтерди белгилөө жана эсептөө методологиясын мыйзамдуу тартипте иштеп чыгуу жана бекитүү;
- кубаттуулуктун жана энергиянын тартыштыгын, ошондой эле электр тармактарындагы жоготууларды азайтуу максатында дифференцияланган сезондук (суткалык) тарифти киргизүү жолу менен оорчулук графигин жөнгө салууну кароочу тарифтик саясатты андан ары өркүндөтүү;
- коммерциялык керектөөчүлөр үчүн керектелген электр энергиясына милдеттүү алдын ала төлөөнү белгилөө менен керектөөчүлөрдүн категориялары боюнча тарифтерди дифференциялоо;
- энергияны чыгаруучулар менен керектөөчүлөр топторунун ортосундагы кайчылаш субсидиялоону акырындык менен четтетүү;
- ички керектөө үчүн экспортко берүүлөргө жана экспорттук продук-

ция чыгаруучу ири керектөөчүлөргө энергияга тарифтердин паритетин аныктоо;

- жаңыдан кошулган кубаттуулуктар үчүн тарифтик акыны колдонуу методикасын иштеп чыгуу жана бекитүү.

Электр энергиясына тарифтерди белгилөө жана эсептөө методологиясы активдүү энергия сактоочу саясат жүргүзүү үчүн көмөк бериши керек. "Энергияны сактоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык энергияны сактоо фондун түзүү жөнүндө тийиштүү чечим кабыл алуу жана энергия булактарына тарифтерге аларды кошуу менен сатылган продукциядан ушул фондго которуунун нормативдерин белгилөө зарыл.

5. Кыргыз Республикасынын отун-энергетика комплексин башкаруунун институттук жана түзүмдүк реформа жүргүзүүнүн стратегиялык милдеттери

Акыркы 10 жылда Кыргыз Республикасынын ОЭКтинин ишмердигинин башкаруу жана жөнгө салуу түзүмүндө олуттуу өзгөрүүлөр болду, Кыргыз Республикасынын "Энергетика жөнүндө", "Электр энергетикасы жөнүндө", "Нефти жана газ жөнүндө", "Көмүр жөнүндө", "Энергияны сактоо жөнүндө" мыйзамдары кабыл алынган "Кыргызэнерго" АКысын мамлекеттен ажыратуу жана менчиктештирүү программасына ылайык жаңы түзүлгөн "Электр станциялары", "КУЭТ", "Түндүк электр", "Чыгыш электр", "Жалалабат электр", "Ош электр" жана "Бишкекжылуулуктармагы" ачык акционердик коомдорунда акциялардын мамлекеттик үлүшү 93,65%ти түзөт, анын ичинен 80,49%и Маммүлккомго, 13,6%и - Соцфондго, 4,035% - юридикалык жактарга жана 2,32%и - калкка тиешелүү бул учурда уставдык капиталы бөлүнгөн жана тиешелүү түрдө бардык акционердик коомдор боюнча акциялардын номиналдык наркы төмөнкүдөй бөлүштүрүлгөн:

5.1-таблица

"Кыргызэнерго" АКынын базасында бөлүнгөн акционердик коомдор боюнча уставдык капиталды бөлүштүрүү

Ишканалар	Уставдык капитал, миң сом	1 акциянын номиналдуу наркы, сом
"Түндүк электр" ААКы	454574,5	0,4709
"Ош электр" ААКы	182501,2	0,1891
"Жалалабат электр" ААКы	212618,0	0,2203
"Чыгыш электр" ААКы	182706,0	0,1893
"Бишкекжылуулуктармагы" ААКы	366841,8	0,3800
"Электр станциялары" ААКы	4428282,9	4,85878
"Кыргызстан УЭТ" ААкы	1597377,3	1,6549

5.1-сүрөт. "Кыргызэнерго" АКыны менчиктештирүү жолу менен түзүлгөн акционердик коомдордун уставдык капиталдарын бөлүштүрүү түзүмү

"Кыргызэнерго" АКнын уставдык капиталынын эң чоң бөлүгү "Электр станциялары" ААКынан - 60%ке өткөнүн, 22%и "Кыргызстандын улуттук электр тармактары" ААКына, 6%и - "Түндүк электр" ААКына, 5% - "Бишкекжылуулуктармагы" ААКына, 3%и - "Жалалабат электр" ААКына өткөрүп берил-

генин жана 2%тен "Ош электр" ААКына жана "Чыгыш электр" ААКына өткөнүн диаграммалык талдоолор көрсөтөт. "Энергетика жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү Кыргыз Республикасынын Өнөр жай, энергетика жана отун ресурстары министрлигинин атынан энергетикалык жана тарифтик саясатты аныктайт жана аны ишке ашырууга контролдук жүргүзөт. Айрым компанияларга бирдиктүү энергетикалык системаны бөлүштүрүү менен энергетикалык тармакка реструктуризация жүргүзүү кааланган оң натыйжа бербегендигин моюнга алуу керек, анткени энергия компаниялардын финансылык абалдары олуттуу начарлап кетти. Негизги себептердин бири өзгөчө бөлүштүрүү компанияларындагы менеджменттин сапатынын деңгээлинин төмөндүгү, ошондой эле реформаларды кечеңдетүү болуп эсептелет.

Менчиктештирүүнү кечеңдетүүчү негизги фактор болуп энергия объекттерин менчикке өткөрүп берүү энергия булактарына дароо баалардын көтөрүлүшүнө алып келет, бул болсо коомчулуктун нааразылыгын жаратат деген пикир эсептелет. Мамлекеттен ажыратуу жана менчиктештирүү программасын андан ары өнүктүрүү иштеп жаткан энергия объекттерин реконструкциялоого жана жаңыларын курууга жекече инвестицияларды тартуу үчүн нормативдик укуктук негиздерди өркүндөтүүнү, ошондой эле мамлекеттик-менчик энергия компанияларга таасирди күчөтүү талап кылынат.

Энергетикалык компанияларды административдик жана финансылык башкарууга кардиналдуу реформа жүргүзүү зарыл.

Башкарууну жакшыртуу үчүн энергия компанияларында жетектөөчү кызматтарга жана директорлор кеңешине кадрларды тандоо конкурстук негизде ишкер жана кесиптик сабаты боюнча жүргүзүлүүгө тийиш. Менеджерлердин ишмердиктерин баалоону сарптоолорду азайтуу жана пайданын өсүү, активдерди көбөйтүү, коромжулуктарды кыскартуу, жыйымдарды көбөйтүү ж.б. критерийлеринин негизинде жүргүзүү максатка ылайык келет. Институттук саясаттын маанилүү чараларынын бири бөлүштүрүүчү электр энергетика компанияларын, ошондой эле Бишкек шаарынын ТЭЦинин жана "Бишкекжылуулуктармагы" ААКынын мүлктүк комплексин концессияга берүү же менчиктештирүү болот.

Мамлекеттин маанилүү функциясы болуп келечекте экономиканын энергетика секторунда табигый монополиялардын ишмердиктерин жөнгө салуу жана тарифтик саясатты ишке ашыруу эсептелет. Энергетикалык секторду мамлекеттик жөнгө салуунун натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн регулятивдик органдын функцияларын чыңдоо маселесин чечүү зарыл жана Кыргыз Республикасынын "Энергетика жөнүндө" жана "Кыргыз Республикасында табигый жана уруксат берилген монополиялар жөнүндө" мыйзамдарына зарыл түзөтүүлөрдү киргизүү керек.

Электр энергетикада түзүмдүк реформа энергияны чыгаруу жана пайдалануу натыйжалуулугун жогорулатуу, энергия булактарын керектөөчүлөргө ишенимдүү жана үзгүлтүксүз берүүнү камсыздоо максатын көздөйт.

Электр энергетикасын реформалоонун негизги натыйжаларынын бири өндүрүүчүлөр менен керектөөчүлөрдүн объективдүү кызыкчылыктарын эске алуу менен энергия менен жабдууну ишенимдүү жана экономикалык жактан натыйжалуу камсыз кылуучу толук чекене рынокко электр энергиясынын иштеп жаткан дүң рыногун өзгөртүп түзүү болууга тийиш. Нормативдик укуктук эрежелердин комплектин жана ушундай рынокко өтүү этаптарын иштеп чыгуу жана киргизүү зарыл.

Энергия компаниялардын чарбалык ишмердиктин коммерциялык негиздерине өтүшү менен алардын ортосундагы өз ара мамилелер төмөнкүчө түзүлүшү керек, коммерциялык коромжулуктардын негизги көлөмүнө жол берилген бөлүштүрүүчү компаниялар аларга каршы кыйла чечкиндүү күрөшүүгө аргасыз болгудай жана өз ишинин натыйжалуулугун жогорулаткыдай, алынган электр энергияны толук төлөш үчүн берилген энергия үчүн каражаттарды жыйноо көбөйтүлдү жана контракттарды аткарууну камсыз кылды.

Ушундай түзүлгөн технологиялык байланыштарда керектөөчү электр энергияны берүүчүнү өндүрүүчү катары тандай албайт Керектөөчү электр энергиясын өз регионунун бөлүштүрүүчү компанияларынан сатып алат. Рынокту ушундай уюштурууда электр энергия бөлүштүрүүчү компаниялардын ор-

тосунда атаандашууга ээ болбойт.

Мамлекет бөлүштүрүүчү компанияларды экономикалык ишмердикти жакшыртууга багыттаган рынок механизмдерин киргизиши керек. Ошондуктан келечекте компанияларды кирешелүүлүктүн кыйла жогорку деңгээлине чыгарууга жана аны инвестициялоо үчүн кыйла ыңгайлуу кылууга жардам берүүчү бөлүштүрүү компанияларын субсидиялоонуи схемасын иштеп чыгуу зарыл. Мында банк системасын өркүндөтүү жана энергия компанияларга кредит берүү үчүн ата мекендик коммерциялык банктарды тартууну унутпоо керек, башкача айтканда, өлкөнүн электр энергетикалык тармагын каржылоо үчүн максаттуу кредиттерди жана депозиттерди түзүү зарыл.

Энергияны сатуучулар чөйрөсүндө энергияны берүүчүлөрдүн (сатуучулардын) ортосундагы атаандаштыктар, электр энергия рыногунун жаңы субъекттерин - сатуучу компанияларды камсыз кыла алат, алар электр энергия жана кубаттуулук рынокторунун укуктук агенттери болуп эсептелет.

Электр энергетикадагы сатуучу компаниялардын болуусу жана атаандаштык рыногунун сунуш кылынган модели 5.2-сүрөттө берилген.

5.2-сүрөт. Кыргыз Республикасында электр энергия рыногунун атаандаштык модели

Атаандаштык электр энергиясын сатып алуучулар менен сатуучулардын ортосундагы келишимдерди жүргүзүүгө сатуучу компаниялардын ортосунда пайда болоору схемадан көрүнүп турат. Сатуучу компаниялардагы электр энергияны керектөөчүлөргө берүүгө бөлүштүрүүчү компаниялар менен келишимдерди түзө алышат же болбосо ушундай компаниянын кызмат көрсөтүүсүнөн баш тартышат. Ошентип, түзүлгөн эки тараптуу келишимдер керектөөчүлөрдүн керектеген электр энергиясы үчүн төлөөгө бөлүштүрүүчү компаниялардын ишенимдүүлүгүн камсыз кылат. Ошол эле учурда керектөөчүлөр бөлүштүрүүчү компанияларга эмес, сатуучу компанияларга карата ар кандай түрдөгү дооматтарын коет, ал өз кезегинде ошол керектөөчүгө сапаттуу электр энергиясын берүү үчүн аракеттенүүгө милдеттенет. Өзүнүн милдеттенмелерин ак ниеттүүлүк менен аткаруу сатуучу компанияларга өзүнүн финансылык абалын оңдоого, жабдууларды реконструкциялоого кошумча акча каражаттарын издеп табууга жана электр энергиясын эсепке алуу боюнча соңку технологияларды ишке киргизүү үчүн жардам берет, демек бөлүштүрүүчү компаниялар өздөрүнүн "КУЭТ" ААКына жана "Электр станциялары" ААКына карыздарын төлөй алышат. Бул схеманы ишке ашыруу бөлүштүрүү компанияларын жана тиешелүү түрдө "Электр станциялары" ААКын финансы-экономикалык кризистен чыгарууга жана "КУЭТ" ААКынын көрсеткүчтөрүн жакшыртууга жөндөмдүү квалификациялык командасы бар топ-менеджерлерди тандоого ачык тендер өткөрүүнү талап кылат.

Чыгаруучу энергия компаниялардын ортосундагы түз атаандаштыкты өнүктүрүү менчик капиталды тартуу менен жаңы ГЭС курууга жана тиешелүү түрдө сарптоолорду азайтууга жана пайда алуу максатында аларды оптималдаштырууга өбөлгө болот. ЕврАзЭС өлкөлөрү менен да, Түштүк Азия өлкөлөрү менен да бирдиктүү электр энергия рыногун түзүүдө ачылып жаткан мүмкүнчүлүктөргө катышууга байланыштуу Кыргызстанга Орто жана Жогорку Нарын ГЭС каскадынын кийинки баскычтарын, ошондой эле чакан ГЭСтерди куруу үчүн инвесторлорду издөө зарыл. Ушул учурда гана республикада электр энергиясын өндүрүүчүлөрдүн арасында атаандаштыкты камсыз кылууга жана Борбордук Азиянын регионду рыногунда татыктуу ордун ээлөөгө болот.

Газ менен жабдуудагы түзүмдүк саясат өлкөнү ишенимдүү газ менен жабдууну камсыз кылуу жана аны либералдаштыруу боюнча конкреттүү иш-чараларды жүзөгө ашыруу боюнча шарттарды түзүүгө багытталган. Газ менен жабдуу системасын өнүктүрүү өлкөнүн газ чарбасын мамлекеттен ажыратуу жана менчиктештирүү, газды пайдалануунун белгиленген көлөмдөрүнө байланыштуу газ ташуучу тармактарды реконструкциялоо жана өнүктүрүү жана мамлекеттик жөнгө салууну күчөтүү программаларынын негизинде жүргүзүлөт.

Нефтегаз өнөр жайындагы түзүмдүк саясат көбүнчө жер казынасын пай-

даланууну жөнгө салуу боюнча салык саясатын өркүндөтүү, нефти менен газдын жаңы кендерин иштеп чыгуу жана казуу үчүн тикелей инвестицияларды тартуу аркылуу нефти бизнесин колдоо жана нефти иштетүүчү ишканаларды толук кубаттуулукта ишке киргизүү менен байланышкан. Нефти жана нефтепродуктуларынын ички рыногуна берүүлөр атаандаштыгын өнүктүрүү, рыноктун бардык субъекттеринин чарбалык ишмердиктери үчүн бирдей шарттарды түзүүнү камсыздоо зарыл.

Көмүр өнөр жайындагы түзүмдүк саясат республикалык бюджеттен мамлекеттик колдоонун азайышы жана токтотулушу, тармактын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүнүн жогорулашы жана ишканалардын инвестициялык кызыктыруучулугунун жогорулашы менен байланышкан. Көмүр тармагын толук менчиктештирүү аяктайт. Саясат чаралары зыянга алып келүүчү шахталардын натыйжалуулугун жогорулатууга жана шахтерлорду кайра квалификациялоо жана окутууну кошкондо ушуга байланышкан социалдык чыгымдарды колдоого жана тармакта инвестициялык долбоорлорду иштеп чыгууга багытталган.

Жылуулук энергетикасындагы түзүмдүк саясат чакан шаардык жана айылдык от казандарын менчиктештирүү, жылуулук энергиясына тарифтик саясатты тартипке келтирүү жана жылуулук алуунун, анын ичинде күндөн жылуулук алуунун жаңы технологиясын бардык жерге ишке киргизүү менен байланышууга тийиш.

Энергетикалык сектордо реформа жүргүзүү үчүн мыйзамдык жана нормативдик базалардын пакетинин стандарттуу топтомун түзүүнү аяктоо зарыл, биринчи кезекте бул энергетикалык рыноктун эрежелери, энергия булактарына тарифтерди иштеп чыгуунун методикалык ыкмалары жана мамлекеттик органдардын функцияларын так чектөө. Ал үчүн таламдардын талаш-тартышын болтурбоо үчүн энергетикалык сектордо уруксат берүүчү, контролдук жана регулятивдик функциялардын ыйгарым укуктарын бөлүштүрүү зарыл.

УЭПти мониторингдөөнү камсыз кылуу максатында Кыргыз Республикасынын Өнөржай, энергетика жана отун ресурстары министрлиги төмөнкүлөргө милдеттүү:

- УЭПти мониторингдөө системасынын механизмин түзүү жана маалыматтык-аналитикалык камсыздоо;
- ОЭКте иш жүзүндөгү абалына байкоо жүргүзүү жана мамлекеттик узак мөөнөттүү энергетикалык саясатты ишке ашыруу максатында УЭПке мониторинг жүргүзүү;
- мамлекеттик энергетикалык саясаттын натыйжалуулук көрсөткүчтөрүнүн системасын иштеп чыгуу;
- өлкөнүн энергетикалык коопсуздугуна таасир этүүчү терс тенденцияларды өз учурунда аныктоо жана алдын алуу максатында болуп жаткан өзгөрүүлөргө системалуу талдоо жүргүзүү;
- энергетикалык программаларды ишке ашыруунун ар бир этабында тиешелүү мезгилге өлкөнү социалдык-экономикалык өнүктүрүүнү ишке ашыруу боюнча маанилүү максаттуу багыттарды бөлүп көрсөтүү;
- мониторингдөөнүн натыйжасы боюнча УЭПти ишке ашыруунун жүрүшү жөнүндө ар жылкы докладды Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө берүү.

6. Бирдиктүү энергия ресурстары рыногун түзүү боюнча мамлекеттер аралык кызматташуунун жана тышкы энергетикалык саясатты өнүктүрүүнүн стратегиялык милдеттери

Энергия ресурстарынын рыногун түзүү боюнча мамлекеттер аралык кызматташуунун стратегиялык милдеттери болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- КМШ, ЕврАзЭС, ШКУ ж.б. алкагында болгон энергетикалык байланыштарды сактоо жана андан ары өнүктүрүү;
- суу жана жылуулук энергетикалык ресурстарды өздөштүрүү жана иштеп чыгуу жаатында интеграциялык процесстерди өнүктүрүүгө катышуу, аларды пайдаланууну натыйжалуулугун жогорулатуу;
- суу жана жылуулук энергетикалык ресурстарды биргелешип өздөштүрүү, суу чарба жана энергетикалык объекттерди, анын ичинде нефти жана газ түтүктөрүн биргелешип пайдалануу боюнча нормативдик укуктук

базаны түзүүгө жана өркүндөтүүгө катышуу;

- Борбордук Азия регионунда энергетикалык жана экологиялык коопсуздукту камсыздоо.

Коюлган милдеттерди ишке ашыруу төмөнкү багыттар боюнча тышкы энергетикалык саясатты өнүктүрүүнү талап кылат:

- региондук энергетикалык рынокту түзүүдө жана энергетикалык сектордун экспорттук мүмкүнчүлүгүн болушунча натыйжалуу ишке ашырууда Кыргыз Республикасынын позициясын бекемдөө;

- энергетикалык сектордо тышкы экономикалык ишмердиктин басмырлабоочу режимин, энергетикалык компаниялардын энергия булактарынын рынокторуна, чет өлкөлүк финансы рынокторуна, энергетикалык өндүрүштүн алдыңкы технологияларына жетишин камсыздоо;

- өз ара пайдалуу шарттарда эл аралык финансылык уюмдардын инвестицияларын тартууга көмөктөшүү;

- энергиялык натыйжалуулуктун жана туруктуу өнүктүрүүнүн принциптерин, ошондой эле кол коюлган эл аралык Конвенциялардын, протоколдордун жана ДЭХтердин принциптерин илгерилетүү;

- тышкы экономикалык ишмердиктен Кыргыз Республикасы үчүн эң чоң пайда алуу;

- ОЭКте эл аралык энергетикалык бизнестин жаңы формаларын колдоо.

Электр энергиясынын жана кубаттуулуктун региондук рыногунда 2011-2025-жылдарга болжолдонуучу мезгилде республиканын гидроэнергетикасынын экспорттук мүмкүнчүлүктөрүн болушунча ишке ашыруу үчүн Кыргызстандын позициясын чыңдоо жана энергетикалык коопсуздукту камсыздоого салым киргизүү стратегиялык жактан маанилүү болуп эсептелет.

Ал үчүн биринчи кезекте электр ресурстарын алмашуу боюнча өз ара аракеттенүүнүн: Кыргызстан-Казакстан-Тажикстан-Өзбекстан схемасы калыбына келтирилүүгө тийиш, ал 1998-жылы Казакстан Республикасынын, Кыргыз Республикасынын, Тажикстан Республикасынын жана Өзбекстан Республикасынын мамлекеттер башчыларынын Өкмөттөр аралык төмөнкүдөй макулдашууларга кол коюу менен Борбордук Азиялык экономикалык коомдоштуктун (мындан ары - БАЭК) алкагында түзүлгөн:

- Борбордук Азиянын ОЭСинде энергия системаларынын жарыш иштеши жөнүндө;

Нарын-Сырдарья суусунун бассейнинин суу ресурстарын пайдалануу жөнүндө.

Ушул макулдашууларга ылайык Кыргызстан вегетациялык мезгилде Токтогул суу сактагычынан сууну кое берүү үчүн жана Өзбекстан менен Казакстанга кошо иштелип чыккан жана экспорттолгон электр энергиясы үчүн алмашуу катары Бишкек шаарынын ТЭЦи үчүн жаратылыш газын, көмүр жана мазут алган. Бирок, БАРдагы интеграциялык процесстерди өнүктүрүү каалагандай темптерге жана натыйжаларга жетишкен жок. Анын негизги себеби БАР мамлекеттеринин компоненттүү органдары кабыл алынган чечимдерди ишке ашыруунун конкреттүү механизмдерин толук көлөмдө өз учурунда иштеп чыга алган жок. 2002-жылдан тартып Өзбекстан өзүнүн аймагында суу ресурстарын пайдалануу жакшыртууга, ошондой эле Арнасай ойдуңунун курулмаларын кошкондо, агымды кайрадан жөнгө салууга багытталган бир катар суу чарба багытындагы долбоорлорду өз аймагында ишке ашырып, өзүнүн Нарын дарыясынын бассейниндеги суу ресурстарынан болгон көз карандылыгын азайтты жана иш жүзүндө Кыргыз Республикасынан электр энергиясын экспорттоодон иш жүзүндө баш тартты.

Энергия ресурстарын алмашуу боюнча өз ара аракеттенүү схемасын бузуунун натыйжасында Кыргызстан, Казакстан, Тажикстан жана Өзбекстан республикаларынын ортосундагы айрым эки тараптуу келишимдерди түзүүгө өтүүгө аргасыз болду, бул учурда вегетациялык мезгилде сууну кое берүү үчүн энергия ресурстарын мамлекеттер аралык алмашуу шарттары протокол менен таризделе баштады.

Борбордук Азия кызматташтыгы (БАК) уюмунун ЕврАзЭС менен биригишине байланыштуу ЕврАзЭСке мүчө мамлекеттердин алкагында БАда суу энергетикалык жөнгө салуу маселелеринде өз ара аракеттенүү механизмдерин кароо жана иштеп чыгуу үчүн төмөнкүдөй мамлекеттер аралык документтердин

долбооорлору иштелип чыкты, ал шашылыш кароону жана кабыл алууну талап кылат, булар:

- БАда суу энергетика ресурстарын натыйжалуу пайдалануу концепциясы;

- БАда суу энергетикалык жөнгө салууда ЕврАзЭСке мүчө мамлекеттердин өз ара аракеттенүү механизмдерин түзүүнүн жол картасы;

- Борбордук Азиянын өзгөчө шарттарын эске алуу менен эл аралык суу укугунун нормаларынын негизинде Сырдарыя суусунун бассейниндеги суу ресурстарын пайдалануу боюнча жаңыланган узак мөөнөттүү өкмөттөр аралык макулдашуулар.

ЕврАзЭСтин Мамлекеттер аралык кеңешинин 2006-жылдын 16-августундагы N 315 чечимине ылайык иштелип чыккан БАда суу энергетикалык ресурстарды натыйжалуу пайдалануунун концепциясын бардык мамлекеттердин кызыкчылыктарын эске алуу менен Нарын-Сырдарыя сууларынын бассейниндеги суу энергетикалык ресурстарды натыйжалуу пайдалануунда жана гидро-энерго потенциалды биргелешип өздөштүрүүдө ЕврАзЭСке мүчө мамлекеттердин өз ара аракеттенүү принцибине макулдашылган көз караштардын жана ыкмалардын жыйындысы түрүндө болот жана мүчө мамлекеттердин чарбакер субъекттери үчүн ыңгайлуу экономикалык жана укуктук шарттарды аныктайт. Концепция мамлекеттер аралык макулдашууларды иштеп чыгуу үчүн негиз болуп эсептелет, анда БАР суу-энергетика ресурстарын (мындан ары - СЭРин) натыйжалуу пайдалануу чөйрөсүндө мамлекеттердин өз ара аракеттенүү принциптери, максаттары жана милдеттери аныкталган, алардын бири болуп төмөнкүлөр каралат:

- региондун СЭРин сарамжалдуу, натыйжалуу өздөштүрүү жана пайдалануу жаатында макулдашылган иш-чараларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;

- суу агымынын өзгөрүшүнүн жылдык жана көп жылдык циклдерин, суу жана энергетикалык ресурстардын баланстарын ж.б. эске алуу менен суу сактагычтар каскаддарынын иштеринин ирригациялык жана энергетикалык режимдеринин оптималдуу катышын камсыздоо;

Эл аралык суу укугун эске алуу менен Жол картасында БАда суу энергетикалык жөнгө салууда ЕврАзЭСке мүчө мамлекеттердин өз ара аракеттенүү механизмдерине негизги принциптер жана талаптар аныкталган. Өз ара аракеттенүү механизмдери экономикалык, техникалык, институттук жана саясий мүнөздөгү чаралардын системасын карайт. Документ Суу чарба жана энергетика секторлорун интеграциялоо процессинде биргелешкен рыноктук шарттарды этап менен түзүү планы түрүндө болуп, баштапкы абалдан өтүүнүн 3 этабын камтыйт. Ар бир этап Сырдарыя трансчегаралык суусунун СЭРин биргелешип пайдалануу жана өздөштүрүү чөйрөсүндө интеграциялоонун кыйла жогорку деңгээлине туура келет. Жол картасын иштеп чыгууда төмөнкүдөй жоболор жана жыйынтыктар эске алынган: БАнын суу жана энергетикалык ресурстарын сарамжалдуу жана натыйжалуу пайдалануунун региондук стратегиясы (СПЕКА программасы, 2003-ж.); Эл аралык суу-энергетикалык концорциумду түзүү концепциясы; КМШга катышуучу мамлекеттердин жалпы электр энергетикалык рыногун түзүү концепциясы ж.б.

ЕврАзЭСке мүчө мамлекеттери менен Нарын-Сырдарыя бассейни боюнча иштелип чыгуучу жаңы макулдашууда энергоресурстар рыногун өнүктүрүү үчүн документтердин көп жылдык келечеги бекемделген, ошондой эле Кыргызстан өзүнүн экономикасы үчүн олуттуу жоготууларынын эсебинен аларга ар жылдык жана көп жылдык суу топтоо боюнча кызмат көрсөтүүлөр үчүн акы төлөөгө Өзбекстан менен Казакстандын милдеттенмелерин тикелей тааануу бекемделген. Макулдашуу ошондой эле эл аралык арбитраждын жол-жоболорун колдонуу менен талаш-тартыштарды жана пикир келишпестиктерди чечүүнүн кыйла натыйжалуу механизмдерин карайт. Суу бөлүштүрүүнүн принциптерине жана тартибине карата келишимдерге жетишүү, мамлекеттер ортосунда сууну жөнгө салууга сарптоолорду компенсациялоо деңгээли боюнча чаралар, ошондой эле мамлекеттер аралык суу объекттерин пайдалануу режимдерин оптималдаштыруу актуалдуу маселе болуп эсептелет.

Дүйнөлүк банктын маалыматы боюнча XX кылымда кол коюлган 145 макулдашуунун 44үндө трансчегаралык бассейнде жогору жагында жайгашкан көз каранды эмес мамлекеттердин суу же сууну жөнгө салуу жана берүү бо-

юнча кызматтарына акча которуу же келечекте төлөө түрүндө акы каралган. Бул механизм 2001-жылдагы Чүй жана Талас дарыялары боюнча Өкмөттөр аралык макулдашууда пайдаланылган, ага ылайык Казакстан ал дарыялардагы суу чарба курулмаларын эксплуатациялоого, техникалык тейлөөгө кеткен чыгымдардын ордун толтурууга үлүштүк катышат. Бул механизм Кыргызстандын жана Казакстандын Чүй жана Талас дарыяларынын бассейндеринде суу ресурстарды башкаруу боюнча өкмөттөр аралык биргелешкен комиссиясын түзүү менен бекемделген.

Стратегиялык планда Нарын-Сырдарыя сууларынын бассейни боюнча Кыргызстан мамлекеттер аралык маанидеги, сезондук жана көп жылдык жөнгө салууну камсыздоочу суу чарбалык объекттер ирригациялык режимде да, энергетикалык режимде да иштешине жетишүүсү зарыл, бул Казакстан менен Сырдарыя суусунун өткөрүү жөндөмдүүлүгүн кыш мезгилде электр энергиясын иштеп чыгаруу үчүн Арал деңизине кышында 4,5 млрд. куб.м чейин, сууну жайында берүүнү коркунучка калтырбастан көбөйтүү боюнча жүргүзүлгөн иштин натыйжасында мүмкүн болду. Келечекте Камбарата ГЭСтеринин ишке киргизилиши менен Төмөнкү Нарын каскадынын режимдик ишин толук камсыздоо мүмкүндүгү жаралат, анткени Камбарата ГЭСтеринин кыш мезгилде чектөөлөрдөн көз карандысыздыгы алардын артыкчылыгы, анткени станциялардын чыгарылган суу Токтогул суу сактагычына топтолот.

ЕврАзЭстин Мамлекеттер аралык кеңешинин 28.02.2003-ж. Чечим менен бекитилген ЕврАзЭске мүчө мамлекеттердин биргелешкен аракеттерин ишке ашыруу боюнча планды аткаруу үчүн ЕврАзЭске катышкан мамлекеттердин отун-энергетика комплекстерин өнүктүрүүнүн 2020-жылга чейинки мезгилге карата стратегиясы иштелип чыккан. Стратегиянын долбоорун даярдоонун жыйынтыгында ЕврАзЭстин бирдиктүү энергетикалык мейкиндигин түзүүнүн артыкчылыктуу багыттары, этаптары жана ориентирлери боюнча негизделген сунуштар болду. Ал документте жалпы энергетикалык рынокту түзүүнүн, Отун-энергетикалык потенциалдарды сарамжалдуу пайдалануунун жана Шериктештиктеги мамлекеттердин энергетикалык коопсуздугун камсыздоонун жана аларды андан ары өнүктүрүүнүн, Борбордук Азия регионунун жалпы суу-энергетикалык ресурстарын жөнгө салуунун, ошондой эле мамлекеттер аралык мамилелердин нормативдик укуктук базасын өркүндөтүүнүн илимий-техникалык, социалдык, экономикалык жана башка жактары чагылдырылган.

ЕврАзЭстин Мамлекеттер аралык кеңешинин 2006-жылдын 25-январындагы № 103 чечимине ылайык ЕврАзЭске мүчө мамлекеттердин жалпы энергетикалык рыногун түзүү концепциясы иштелип чыгып, анда жалпы энергетикалык рынокту түзүүнүн максаттары, негизги милдеттери, принциптери жана негизги багыттары аныкталган, аларда жалпы электр энергетика рыногун, көмүр рыногун, нефти, газ рыногун түзүү шарттары ж.б. камтылган. Концепциянын жоболору эл аралык келишимдерди жана башка укуктук актыларды иштеп чыгууга, ошондой эле ЕврАзЭске катышкан мамлекеттердин жалпы энергетикалык рыногун түзүү маселесинде мамлекеттер аралык максаттуу программалары иштеп чыгууга негиз болот.

ЕврАзЭстин Мамлекеттер аралык кеңешинин 2006-жылдын 16-августундагы № 314 Чечимине ылайык ЕврАзЭске мүчө мамлекеттердин 2010-жылга чейинки мезгилге карата отун-энергетикалык балансы иштелип чыккан, анда энергия ресурстарынын бирдиктүү рыногун түзүү үчүн мамлекеттер арасында энергия булактарынын негизги соодалык агымдары аныкталат.

Электр энергиясынын рыногун түзүү принциптери маанилүү эл аралык документтерде аныкталган, алар: 1991-жылдын 17-декабрындагы Европалык Энергетикалык Хартия жана Энергетикалык Хартияга карата 1994-жылдын 17-декабрындагы келишим, ал 1997-жылы күчүнө кирген жана энергетикалык сооданы өнүктүрүүнүн, энергетиканы өнүктүрүү тармагындагы кызматташуунун жана айлана-чөйрөнү коргоонун негизги принциптери белгиленген. Бул эл аралык документтерге Борбордук Азиянын беш мамлекети тең кол коюп, үч мамлекети - Казакстан, Кыргызстан жана Өзбекстан ратификациялаган.

Энергетикалык сооданы өнүктүрүү жана энергетиканы өнүктүрүү тармагында кызматташуунун негизги принциптерин сактоо келечекте Борбордук Азия мамлекеттеринин Казакстанда, Өзбекстанда жылуулук электр станция-

ларды, Кыргызстандан жана Тажикстанда ири ГЭСтерди өнүктүрүү жана энергетикалык пул же энергетикалык биржа уюштуруу үчүн шарттарды түзүү боюнча энергетикалык стратегияларын ишке ашырууга мүмкүндүк берер эле. Көз каранды эмес системалык оператордун функциясын "Энергия" ОДЦ аткарса болот, ал өз ишинде объективдүү саясат жүргүзүүгө жана келечекте энергетикалык пулдун өзөгү болууга тийиш.

Кызматташтыкты жөнгө салуунун маанилүү механизми региондун отун-энергетикалык жана суу ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу га, бардык керектөөчүлөрдү энергия жана суу менен ишеничтүү камсыздоого жана узак мөөнөттүк инвестициялык саясат жүргүзүүгө жарактуу мамлекет аралык субъекттерди түзүү болууга тийиш. 2004-жылдын ноябрында мамлекет башчыларынын Дүйшөмбүдөгү саммитинде Борбордук Азия өлкөлөрүнүн жана Россиянын Эл аралык суу-энергетикалык консорциумун (ЭАСЭК) түзүү жөнүндө макулдашууга кол коюлган. ЭАСЭКти түзүү Камбарата-1 ГЭСин курууга жана Токтогул гидротүйүнүндө макулдашылган ирригациялык режимди энергетикалык режимде ишке киргизүүгө байланышкан маселелердин Кыргыз Республикасы үчүн алгылыктуу чечилишин камсыздай алат. Россия Камбарата ГЭСтерин куруунун айрым бөлүгүн өзүнө алуу ниетинде жана Кыргыз Республикасына гидротехникалык жабдууларды берүүгө ынтызар.

ЭАСЭК макулдашууларда каралган суу-энергетикалык алмашуунун туруктуулугун гарантиялачу финансылык жана камсыздандыруучу механизм болууга, чыгарчу чечимдеринин тууралыгын негиздөө үчүн өзүнүн карамагында каражаттары жана инструменттери болууга тийиш. Суу сактагычтардын суу берүү отун-энергетикалык ресурстарды берген сыяктуу эле "мамлекет-консорциум-банк" структурасынын иштөөсүнүн негизинде валюталык өз ара эсептешүүлөр аркылуу ишке ашырылууга тийиш. Валюталык өз ара эсептешүүлөрдү уюштуруу жана финансылык контроль ресурстарды берүү боюнча кабыл алынчу чечимдердин аткарылышынын ыкчамдыгын гарантиялай алат.

Энергетика тармагындагы мамлекеттер аралык иштин маанилүү багыты деп СПЕКА программасынын чегинде Түштүк Азия өлкөлөрү менен кызматташууну эсептөө керек. Электр энергиясын Борбордук Азия багытында сатуу рыногу жай мезгилге туура келүүчү, электр энергиясын өтө керектөө режими менен келечектүү, бул убакта Төмөнкү-Нарын ГЭСтер каскады ирригациялык режимде иштеген жана ага коштонду иштен чыгарылган, Кыргызстан үчүн ашык электр энергиясы Тажикстан аркылуу Пакистанга берилсе болот. Бирок бул багытта электр энергиясын коңшу мамлекеттердин аймактары аркылуу үчүнчү өлкөлөргө дискриминациялуу эмес транзиттөө проблемасын чечүү зарыл.

Ушуга байланыштуу КМШ жана ЕврАзЭс сыяктуу мамлекет аралык уюмдардын улуттук электр өткөрүү тармактарына жеткиликтүүлүктү, энергетика секторундагы транзиттик жана тарифтик саясатты жөнгө салуучу нормативдик укуктук документтерди даярдоо боюнча иштерине катышуу зарыл. Анын үстүнө ЕврАзЭске жана КМШга катышкан мамлекеттер арасында өткөрүлчү электр энергиясын бажылык тариздөөдө бажылык жол-жоболорду бирдейлештирүү жана жөнөкөйлөштүрүү маселесин эки тараптуу негизде максаттуу алга жылдыруу зарыл, анткени анын чечилиши электр энергиясын өткөрүү жана транзиттөө үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүүгө мүмкүндүк берет. Келечектеги ГЭСтерден Түндүк Азия багытына 500 кВ электр өткөрүү линиясын куруу жана электр энергиясын берүү маанилүүлүгү боюнча экинчи орундагы проблема.

Азыркы учурда жана узак мөөнөттүк келечекте гидроэнергетиканы өнүктүрүү жана Кыргызстандан электр энергиясын экспорттоону андан ары өнүктүрүү боюнча кызматташуудагы интеграциялык процесстердин ыктымалдуу катышуучулары болуп: Россия Федерациясы - Камбарата-1 ГЭСин куруу боюнча, жана КЭР-Нарын жана Сарыжаз сууларынын жогорку жана орто агымдарында ГЭСтерди, ошондой эле Кара-Кече ГЭСин куруу боюнча эсептелет.

Инвесторлордо ынтызарлык болсо аларды белгиленген мөөнөттөрдө куруу электр энергиясын экспорттоонун көлөмүн көбөйтөт. Мында суу сактагычтан суу кое берүү менен кошо электр энергиясын Казакстанга жана Өзбекстанга, ошондой эле Россияга, Кытайга жана Пакистанга экспорттоо божолдонууда. 2003-2004-жылдарда ашык электр энергиясын Кыргызстандан

Россияга казакстандын электр тармактары аркылуу транзит менен берүү бул маршруттун келечектүү экенин көрсөттү. Россия келечекте гидроэнергетикалык объектерге жабдуу берүүчү катары эле эмес, электр энергиясын потенциалдуу импорттоочу катары да өнөк боло алат. Ушул себеп боюнча энергетикада мамлекеттер аралык кызматташууну өнүктүрүү Кыргызстандын тышкы энергетикалык саясатында башкы артыкчылыктардын бири болгон жана болууга тийиш.

СПЕКА ЕЭКтин жана БУУнун ЭСКАТО программаларынын алкагында жүргүзүлгөн изилдөөлөр боюнча Борбордук Азиядан электр энергиясын экспорттоого муктаждыгы кВтс үчүн 5-6 цент баада дээрлик 1000 МВт түзгөн Пакистан менен электр энергиясын экспорттоо жөнүндө макулдашууга, ошондой эле Тажикстан менен келечектеги Түштүк Азия багытында курулуучу ЛЭПтер аркылуу электр энергиясын транзиттөө жөнүндө макулдашууга жетишсе болот. Электр энергиясын экспорттоонун мүмкүн болгон көлөмү биринчи сценарий боюнча 4,2 млрд. кВтс жана экинчи сценарий боюнча 2025-ж. карата жылына 6,4 млрд. кВтс көлөмдө болжолдонууда.

Кийинки жылдарда сатуучу электр энергиясына экспорттук баалар төмөндөөдө. Эксперттердин берген баасы боюнча электр энергиясын экспорттоодон албай калган сумма АКШнын оңдогон миллион долларына барабар. Бул тармакта орто мөөнөттүк мезгилдеги саясаттын чаралары экспорттук тарифтин механизмин иштеп чыгууга багытталат, энергиянын өлкөнүн энергетика рыногунда калыптанган өздүк наркынан жана келишим түзүлгөн күнгө карата электр энергиясынын региондук рыногундагы өздүк нарктан төмөн болбоого тийиш.

Келечекте "Газпром" ААК "Кыргызгаз" ААК жана "Кыргызнефтигаз" ААК менен биргелешип Нефти-газ өнөр жайында кыргыз-россиялык биргелешкен ишкана түзүү жөнүндө меморандумга ылайык көмөк көрсөтсө Кыргыз Республикасынын экономикасын импорт табигый газ менен жылына 850-900 млн. куб.м көлөмдө камсыздоо боюнча кызматташууга мүмкүн.

100-200 миң тонна көлөмдө көмүр экспорттоо мүмкүн, бул КЭР менен Кыргыз Республикасынын жана Борбордук Азиядагы коңшу өлкөлөрдүн көмүр ишканаларынын ортосундагы келишимдерге ылайык ишке ашырылмакчы.

Стратегиялык милдеттерди ишке ашыруу сүйлөшүү процесстерин өркүндөтүүнү талап кылат. Суу-энергетикалык ресурстарды пайдалануу жана энергия ресурстарын соодалоо боюнча мамлекеттер аралык көп тараптуу жана эки тараптуу сүйлөшүүлөр биздин өлкө үчүн экономикалык пайда позициясынан жүргүзүлүүгө тийиш. Кыргыз Республикасынын бекем жана так позициясы коңшу өлкөлөргө республиканын кызыкчылыгы менен эсептешүүгө, Токтогул ГЭСтер жана болочок Камбарата ГЭСтер каскадынын ирригациялык жана энергетикалык кызыктуулугун арттырууга мүмкүндүк берет. Жогоруда айтылган ориентирлерге жетишүү үчүн республиканын тышкы саясий ведомстволору узак мөөнөттүк келечекте мамлекеттер аралык энергетикалык байланыштарды өнүктүрүү боюнча дипломатияга тийиштүү көңүл буруулары зарыл.

7. Кыргыз Республикасынын энергия үнөмдөө саясатынын негизги багыттары

Отун-энергетикалык ресурстарды пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатуу жана өлкөнүн экономикасын энергия үнөмдөө жолуна которуу үчүн зарыл шарттарды түзүү - мамлекеттин энергетикалык саясатынын артыкчылыктуу милдеттеринин бири. Бул маселени чечүү болжолдонгон өсүш темпинде калкты жана өлкөнүн экономикасын энергия булактары менен туруктуу камсыздоону гарантиялоого мүмкүндүк берет.

Отунду жана энергияны пайдалануудагы майнапсыздык колдонуудагы технологиялардын, финансылык-экономикалык механизмдердин жетик эместигине байланыштуу. Алар энергия ресурстарын өндүрүүчүлөрдү жана керектөөчүлөрдү энергия булактарына чыгымдарды азайтууга шыктандырбайт.

Энергия үнөмдөөнүн технологиялык потенциалын ишке ашырууда энергия үнөмдөөчү иш-чаралар үч категорияга бөлүнөт, алар:

- чыгымы аз иш-чаралар, алар отунду жана энергияны пайдалануда тартипти орнотуу (ташууда жана сактоодо энергия булактарынын коромжулу-

гун жоюу, энергияны үнөмдөөчү технологиялык режимдерди сактоо, чыгашалуу энергиялык жабдууларды алмаштыруу, керектөөчүлөрдү энергия булактарынын эсептегичтери менен жабдуу ж.у.с);

- орчундуу максаттык инвестицияларды талап кылган жана энергия үнөмдөөнүн натыйжасы кыска аралыктын ичинде аларды ишке ашырууга кеткен чыгымдарды актаган шартта гана орундалчу капитал сыйымдуу иш-чаралар;

- эл чарба тармактарын техникалык кайра жабдуу процессинде аткарылчу, энергия үнөмдөө фактору менен коштолуучу иш-чаралар.

Адистер берилген баалар боюнча республиканын экономика тармактарында энергиянын жалпы керектелиши орчундуу капиталдык салымды талап кылбаган техникалык жана уюштуруу иш-чараларынын эсебинен 13% кыскартылышы мүмкүн, бул 2010-жылга чейинки мезгилде 550 миң т.у.и. үнөмдөөнү камсыздайт. Колдонуудагы энергетикалык жабдууну реконструкциялоонун жана модернизациялоонун, энергия үнөмдөөчү технологияларды ишке киргизүүнүн эсебинен электр энергиясын 25% жана жылуулук энергиясын 15%ке жакын үнөмдөөгө болот, бул 2000 млн. кВт.с жана 800 миң гкал барабар болот.

Орто мөөнөттүү келечекте (2008-2010-жылдар орто мөөнөттүк келечекте чыгымы аз иш-чараларды жүргүзүүнүн эсебинен энергия үнөмдөө боюнча потенциалдын бир бөлүгүн өздөштүрүүнү камсыздоо зарыл.

Энергетикалык ресурстарды натыйжалуу пайдалануу үчүн экономикалык жана уюштуруучулук шарттарды түзүү максатында энергия үнөмдөө жагындагы мамилелерди жөнгө салуучу негизги документ болуп азыркы мезгилде "Энергия үнөмдөө жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы саналат.

Бул Мыйзамга ылайык жакынкы келечекке биринчи кезектеги милдет "2008-2010-жылдарга Кыргыз Республикасында энергия үнөмдөө" максаттуу программасын (мындан ары - Программа) орточо мөөнөткө тарифтик саясат менен бирдикте кабыл алуу болуп эсептелет.

Программанын максаты жана милдеттери:

"Энергияны үнөмдөө жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык энергия үнөмдөө саясатынын негизги жоболорун ишке ашыруу;

- элдин тиричилик шартын жакшыртуу менен экономиканын энергия үнөмдөөчү жолго коюлушун камсыздоо;

- рыноктук механизмдердин жана мамлекеттик жөнгө салуу чараларынын комплексин пайдалануу;

- региондорго отун жана энергия үнөмдөө үчүн бюджеттик дотацияны кыскартуу.

Иш-чаралардын программасы үч блоктон турат:

1. Энергия үнөмдөөнү нормативдик, уюштуруу-методикалык жана кадрлык камсыздоо.

1.1. Тез аранын ичинде энергия үнөмдөө программаларын жана долбоорлорун иштеп чыгууну жана аткарууну камсыздоочу нормативдик укуктук актылардын комплексин түзүү.

1.2. Энергия үнөмдөөнүн өзү жөнгө салынчу системасын түзүү үчүн республикалык, тармактык жана региондук программаларды ишке ашыруунун финансылык-экономикалык механизмдерин каржылоонун төмөнкүдөй булактарын пайдалануу менен иштеп чыгуу, алар:

- энергия үнөмдөө иш-чараларын жана программаларын ишке ашыруучу ишканалардын каражаты;

- энергия үнөмдөө программаларын ишке ашыруучу райондордун жана шаарлардын каражаты;

- энергия үнөмдөө долбоорлорун жана программаларын ишке ашырууга республикалык бюджеттен бөлүнгөн каражаттар;

- бюджеттен тышкаркы фонддордун жана инвестициялардын каражаттары.

Энергия үнөмдөөнү мамлекеттик финансылык колдоо негизинен кайтарылма негизде, жеңилдиктүү шарттар жана чектелген мөөнөткө, долбоорлордун өзүн актоо маанисине жана мөөнөтүнө жараша берилүүгө тийиш.

Каражат жетишпей жаткан шартта долбоорлорду каржылоого мүмкүндүк берүүчү механизмдерди пайдалануу зарыл. Андай механизмдер:

- энергия үнөмдөө долбоорлорун каржылоонун кайтарылма схемаларын пайдалануу;

- энергетикалык майнаптуулукту жогорулатуу үчүн жеңилдиктүү кредиттөөнү пайдалануу;

- бюджеттен каржыланган энергия керектөөчү мамлекеттик ишканаларга жана уюмдарга үнөмдөлгөн энергиялык ресурстарга укук берүү;

- калкка дотацияларды берүү менен энергия үнөмдөөгө шыктандыруу.

Кыргыз Республикасынын ишканаларынын жана администрациялык-аймактык түзүлүштөрүнүн энергия үнөмдөө долбоорлоруна мамлекеттик колдоо чаралары энергетикалык изилдөөнүн жыйынтыгына, энергетикалык паспорттун жана энергия үнөмдөө программасынын болушуна жараша ишке ашырылууга тийиш.

1.3. Энергия үнөмдөө жагында кадрларды даярдоону, кайра даярдоону жана энергия үнөмдөөчү технологияларды киргизүүнү уюштуруу, төмөнкүлөрдү кароо:

- мектепке чейин жана мектепте билим берүүдө жаш муундарда экологиялык жана энергия үнөмдөө аң-сезимин калыптандыруу;

- энергия үнөмдөөнүн технологиялык жактары тармагында жогорку билимдүү адистерди кайра даярдоо;

- ишканаларды жана уюмдарды энергетикалык изилдөө жүргүзүү боюнча адистерди даярдоо;

- энергия менен камсыздоо жана энергия үнөмдөө проблемалары боюнча иштеген ишканалардын жана уюмдардын жетекчи кызматчыларын жана адистерин кесиптик даярдоону өркүндөтүү боюнча курстарды өткөрүү.

1.4. Программанын аткарылышын мамлекеттик жөнгө салуу жана контролдоо системасын иштеп чыгуу.

2. Отун-энергетика ресурстарын өндүрүүнү жана пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатуу.

2 1. Энергия үнөмдөө ресурстарын кылдат изилдөөнүн жана талдоонун негизинде 2008-2010-жылдарга карата жана 2025-жылга чейинки келечекке карата эл чарба тармактары, турак жай-коммуналдык чарба жана республиканын регионду боюнча энергия үнөмдөө программаларын иштеп чыгуу жана кабыл алуу. Регионду энергия үнөмдөө саясатынын концепциясын түзүү жана энергия үнөмдөө тармагында регионду аралык өз ара байланышта иштешүү принциптерин аныктоо.

2.2. Энергия үнөмдөөчү жабдуулардын, энергия ресурстарын жөнгө салуучу жана сарпталышын эсепке алуучу приборлордун киргизилишин камсыздоо.

3. Принциби жагынан жаңы энергия үнөмдөөчү технологияларды, жабдууларды, приборлорду жана материалдарды иштеп чыгуу жана мурдагыларын өркүндөтүү, энергиянын альтернативдүү булактарын түзүү.

3.1. Энергия үнөмдөөдө илим сыйымдуу алдыңкы технологияларды киргизүүнүн, ОЭКте, өнөр жайда, турак жай-коммуналдык сектордо, айыл чарбада, курулушта, транспортто жана экономиканын башка тармактарында Отун-энергетика ресурстарынын дүң керектелишин азайтуунун натыйжалуу шарттарын жана этаптарын аныктоо.

3.2. Кыргыз Республикасындагы жана чет өлкөлөрдөгү энергия үнөмдөөчү натыйжалуу технологиялар боюнча маалыматтык база түзүү.

3.3. Чакан жана салттуу эмес энергетиканын инвестициялык цикли кыскартылган, экономикалык өндүрүштөрдү республиканын аймагы боюнча бирдей бөлүштүрүлүшүн камсыздоочу объекттерин алып келүү жана республикада өндүрүү мүмкүндүктөрүн аныктоо.

3.4. Энергия үнөмдөө боюнча активдүү маалыматтык саясат жүргүзүү, энергия үнөмдөө боюнча компьютердик жарнамалык-маалыматтык программаларды, маалыматтык бюллетендерди жана маалыматтык-жарнамалык мүнөздөгү басылмаларды таратуу.

8. Айлана-чөйрөнү коргоонун стратегиялык милдеттери жана ОЭКте жаратылышты сарамжалдуу пайдалануу

ОЭК өлкөнүн экономикасына зор пайда алып келүү менен бирге айлана-чөйрөгө терс таасир көрсөтүүчү чоң булактарынын бири. ОЭКтин терс таасири иш жүзүндө анын бардык секторлорунда бар:

- углеводород сырьену казууда жана кайра иштетүүдө;
- энергия булактарын ташууда жана сактоодо;
- электр энергиясын жылуулук электр станцияларда да, гидроэлектр станцияларда да иштеп чыгарууда;
- электр энергиясын абадагы жана кабелдик линиялар боюнча өткөрүүдө.

Айрыкча республиканын көмүр жана нефти-газ тармактарында экологиялык абал жакшы эмес. Ишканаларда көмүр казуу жана ачуу жумуштарын технологиялык талаптарды одоно бузуу менен жүргүзүү улануууда. Кендер иштетилип бүткөндөн кийин жерлерди рекультивациялоо дээрлик жүргүзүлбөйт, калдыктарды жайгаштыруу ар тараптуу инженердик иштеп чыгуулар менен камсыздалбайт. Жыл сайын ондогон гектар жаңы жерлер калдыктардын астында калууда. Абаны тазалоочу жана сууну алып чыгуучу курулмалар эскирип, алмаштырууга муктаж. Жабдуулар эскиргендиктен шахталардагы жана разрездердеги экологиялык абал начарлагандан начарлап, кенчилер жана калк үчүн коркунуч жаратууда.

Жылуулук электр станциялардын жана от казандардын зыяндуу заттардын жана саркынды суулардын сыртка чыгарылышын контролдоочу заманбап приборлор менен жабдылышы жетишсиз болгондуктан, бул өндүрүш калдыктарынын сандык жана сапаттык курамын ишенимдүү контролдоону камсыздай албайт. Жагылчу көмүрлөрдүн сапаты жылдан жылга начарлап баратканы байкалат, бул зыяндуу заттардын чыгарылышын кошумча көбөйтүүгө алып келет.

Электр энергетикасында ГЭСтерди, магистралдык электр өткөрүү линияларын жана подстанцияларды куруунун экологиялык кесепеттери толук изилденген эмес. Электр өткөрүү линияларын курууда жаратылышты коргоо боюнча иш-чаралар дээрлик жүргүзүлбөйт жана аларды жүргүзүү үчүн нормативдик критерийлер жетишсиз. Жогорку вольттуу электр өткөрүү линияларындагы жана подстанциялардагы электр магниттик талаанын бийик тоолуу шартта адамдарга зыяндуу таасири жетиштүү изилденген эмес.

ОЭКтеги экологиялык абалды жакшыртуу үчүн төмөнкүдөй иш-чаралардын комплекси жүргүзүлүүгө тийиш, алар:

1. Кыргыз Республикасы ратификациялаган эл аралык макулдашууларды, биринчи кезекте БУУнун Климаттын өзгөрүшү жөнүндө конвенциясын (Нью-Йорк, 1992-ж.) жана БУУнун алкактык конвенциясына Киото протоколун (Киото, 2001-ж.) эске алуу менен айлана-чөйрөнү коргоо боюнча нормативдик укуктук базаны өркүндөтүү жана аны ишке ашыруу механизмдерин иштеп чыгуу. Бул учурда төмөнкүлөр зарыл:
- тоолордо электр өткөрүү линияларын жана подстанцияларды курууда куруу-монтаждоо жумуштарынын уюштурулушун жана кийин рекультивациялоону жөнгө салуучу нормативдик документтерди иштеп чыгуу;
- энергиянын кайра калыбына келүүчү булактарын пайдалануу жөнүндө мыйзам долбоорун иштеп чыгуу;
- нефти, газ жана көмүр казуучу секторлордо мурда булгалган жерлерди рекультивациялоо боюнча иштерди жүргүзүүнүн план-графигин иштеп чыгуу.

2. Экономикалык өсүштүн энергия натыйжалуулугун жогорулатуу, ошондой эле энергияны сактоочу алдыңкы технологияларды киргизүүнүн жана ОЭРдин үнөмдөө боюнча иш-чаралардын жана аларды коротууну азайтуунун эсебинен отундун бардык түрлөрүн жана энергияны пайдалануу.

3. Кыргыз Республикасынын аймагында экологиялык жактан таза НВИЭлерди, биринчи кезекте курорт аймактарында жана коруктарда, ошондой эле салттуу түрдөгү энергетикалык курулуштар айыл чарба жерлерин, жайыттарды жана токойлорду жакырлантууга алып келүүчү жерлерде кеңири пайдалануу.

4. Иштеп жаткан энергетикалык ишканаларда, ошондой эле көмүр жана нефтегаз өнөр жайынын ишканаларында булгануулларды жана айлана-чөйрөнүн абалын башка бузууларды кыскартуу максатында технологиялык процесстерди жана жабдууларды өркүндөтүү.

Ушул багыттагы биринчи кезектеги милдеттер болуп төмөнкүлөр эсептелет:
- Бишкек шаарынын № 1 ТЭЦине бардык от казандардан 300 метрлик

түтүккө жагуучу газдарды чыгарууну аяктоо, бул ТЭЦтин бүркүп чыгарууларынан жанындагы жер катмарынын булгануу деңгээлин 25-30%ке азайтууга мүмкүндүк берет;

- биринчи кезекте БКЗ-160 үч от казандын ордуна БКЗ-420-ЦКС от казандарды орнотуу, бул парник газдарынын бүркүлүп чыгышын 10 эсеге кыскартат, ал эми түтүн газдарындагы азот окистеринин болушу 3-3,5 эсе азаят;

- иштелип чыккан күл калдыктарын андан ары рекультивациялоо менен күлдү жана шлакты өнөр жайлык пайдалануунун натыйжалуу ыкмаларын иштеп чыгуу жана ишке киргизүү;

- Ош шаарынын ТЭЦинин от казандарын жергиликтүү көмүрдү жана нефтепродуктуларды пайдалануу менен отундун экологиялык жактан таза жана экономикалык түрү катары көмүр-мазут (нефти) суу композицияларын күйгүзүүгө которуу жөнүндөгү маселени чечүү, ошондой эле Ош шаарынын ТЭЦине мазутту ташып келүүнүн жана сактоонун бүткүл системасын реконструкциялоо;

- ОЭК ишканаларын чыгуучу газдардын бүркүлүшүн, ыплас сууларды жана башка зыяндуу заттарды контролдоонун заманбап приборлору менен жабдуу, ошондой эле абаны жана сууну тазалоо боюнча өз ресурсун өтөп бүткөн эски жабдууларды алмаштыруу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;

- Каракече көмүрүн атайын алдын ала очоктордо - газ генераторлорунда алдын ала газдаштыруу менен аны жагуунун жаңы технологиясын киргизүү боюнча иш-чараларды иштеп чыгуу. Ушул технологияны ишке киргизүү учуп чыккан күлдүн жана газдын бүркүндүлөрүн 60-80%тен аз эмес кыскартууга мүмкүндүк берет;

- кен казып алуу ишканаларында калдыктарды жайгаштыруу үчүн участокторду тандоодо алдын ала инженердик-геологиялык жана гидрогеологиялык изилдөөлөрдү милдеттүү түрдө жүргүзүү.

5. Жалпы аянты 8455 га, анын ичинен айыл чарба жерлери - 3302 га, анын ичинен - 3297 га жайыт, 36,8 га токой, 428,2 га бадал жерлерди алып коюу менен Нарын суусунун бассейнинде жаңы гидрокурулмаларды Камбарата ГЭСин курууда жаратылыш экосистемасынын аялуулугун кыскартуу, ошондой эле гидроэлектр станциялардын суу сактагычтарынын зонасына туш келген 96 км мал айдоочу жолду суу каптап калышынан сактоо боюнча чараларды иштеп чыгуу.

Экономиканы туруктуу экономикалык өсүш жолуна чыгаруу шарттарында энергия натыйжалуулуктун алкагындагы биринчи кезектеги милдеттердин бири болуп экологиялык коопсуздук проблемасын чечүү эсептелет. Республикада энергиянын калыбына келтирилүүчү булактарын ургаалдуу өнүктүрүүдө жана экономиканын бардык тармактарында энергия сактоочу саясатты жүргүзүүдө жана кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө 1990-жылдагы деңгээлге карата - 23202,53 Гг(*) парник газдарынын чыгышын "CO2 - эквивалентинде 2 эсе же 2025-жылга карата 12000 Гг чейин кыскартуу боюнча "МЧР долбоорлору" Киото протоколунун механизми аркылуу углероддук рынокко катышуу мүмкүнчүлүгү бар, бул эл аралык углероддук рынокто 2,05-24,6 млрд. сом (50-60 млн. АКШ долл.) киреше алууну камсыз кылышы мүмкүн. Парник газын бүркүп чыгаруу үчүн баалар келечекте өсүшүн эске алуу менен кирешелердин өсүү мүмкүнчүлүгү түзүлөт, ал экономиканын энергия натыйжалуулугун жогорулатууга жана өлкөнүн энергетикалык тармагына инвестициялардын булагы катары пайдаланылышы мүмкүн.

9. Илимий-техникалык жана инновациялык саясат, кадрдык потенциалды өнүктүрүү

УЭКти ийгиликтүү өнүктүрүү жана УЭП койгон милдеттерди ишке ашырууча тиешелүү мамлекеттик илимий-техникалык жана инновациялык саясат жүргүзмөйүн мүмкүн эмес.

Азыркы шарттарда 0ЭКте жана анын тармактарында инновациялык ишмердикти ийгиликтүү башкаруунун негизги милдеттеринин бири болуп УЭПтин максаттарын ушул максаттарды ишке ашыруучу уюмдардын жана ишканалардын коммерциялык кызыкчылыктары менен макулдашууну камсыз кылуучу или-

мий-техникалык саясатты башкаруунун мамлекеттик жана рыноктук формаларын рационалдуу айкалыштырууда турат.

Илимий-техникалык саясаттын негизги максаты болуп энергетика жаагында илимий-изилдөө иштерин Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн колдоосу жана ОЭК тармактарынын иштөө натыйжалуулугун олуттуу жогорулатуу максатында илим менен техниканын соңку жетишкендиктерин ишке киргизүү эсептелет. Ал үчүн мамлекеттик илимий-техникалык жана инновациялык саясаттын төмөнкүдей артыкчылыктарын бөлүп көрсөтүү зарыл;

- ОЭКтин иштеп жаткан объекттерин реконструкциялоо жана техникалык жактан кайра жабдуу;

- илимий уюмдардын эксперименттик базасын жаңылоону, приклалдык иштеп чыгууну жана илимий-техникалык маалыматтар системасын кошкондо илимий-техникалык потенциалды жаңылап түзүү жана өнүктүрүү;

- ОЭКтин өндүрүштүк технологиялык базасын түп тамырынан жаңыртууга, ресурсту сактоого жана продукциянын керектелүүчү касиеттерин жакшыртууга багытталган инновациялык ишмердикти өнүктүрүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүү;

- инновациялык процесстин бардык стадияларын өркүндөтүү, илимий ишмердиктин натыйжаларын керектөөнү жана пайдалануу натыйжалуулугун жогорулатуу;

- мыкты дүйнөлүк жетишкендиктерди колдонуу жана ата мекендик иштеп чыгууларды кыйла жогорку деңгээлге чыгаруу үчүн эл аралык кызматташтыктын потенциалын пайдалануу;

- өлкөнүн жогорку окуу жайларында кадрдык потенциалды сактоо жана өнүктүрүү, илимди жана билим берүүнү интеграциялоо.

Илимий-техникалык жана инновациялык саясаттын айтылган артыкчылыктарына жетишүү үчүн төмөнкүлөр зарыл: мамлекеттик максаттуу илимий-техникалык жана түрдүү инновациялык программалар жана долбоорлор аркылуу илимий-техникалык жана инновациялык ишмердиктин келечектүү багыттарын аныктоо жана экономикалык жактан колдоо; энергетикалык чөйрөдө илимий-изилдөөлөрдүн жана эксперименттик иштеп чыгуулардын натыйжаларын ишке ашырууга мамлекеттик эсепке алуу жана контролдоо системасын уюштуруу, илим, билим берүү жаатында натыйжалуу маалыматтык инфраструктураны жана ОЭК тармактарындагы технологияларды түзүү; энергетикалык чөйрөдө илимди каржылоо; өздүк булактарды артыкчылыктуу пайдалануу менен отун-энергетикалык ресурстарды казып алуу, өндүрүү, өзгөртүп түзүү, ташуу жана комплекстүү пайдалануну жаңы натыйжалуу экологиялык жактан коопсуз технологияларын иштеп чыгууга жана ишке киргизүүгө көмөктөшүү.

Каралып жаткан мезгилге илимий-техникалык жана илимий-экономикалык иштеп чыгуулардын башкы багыттары жана милдеттери болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- ОЭКтин бүткүл тизмеси боюнча иштеп жаткан энергетикалык объекттердин иштөө ишенимдүүлүгүн камсыз кылуу жана жогорулатуу: энергия булактарын өндүрүштөн, жеткирүүдөн жана сактоодон электр жана жылуулук энергияларын бөлүштүрүүгө чейин;

- жоготууларды азайтуунун жана өндүрүштүк базаны, технологияларды жана экологиялык коргоону өркүндөтүүнүн эсебинен иштеп жаткан ОЭКтердин натыйжалуулугун жогорулатуу;

- отун менен камсыздоонун гидротранспорттук системаларын жана кыргыз көмүрүн жагуунун экологиялык жактан таза, жогорку натыйжалуу технологияларын иштеп чыгуу жана өнөр жайлык өздөштүрүү;

- ОЭК объекттеринин долбоорлорун иштеп чыгууда жана курууда Кыргыз Республикасынын кызыкчылыктарын коргоону камсыз кылуучу мамлекеттик нормативдерди иштеп чыгуу жана киргизүү;

- электр жана жылуулук тармактарын, электр станцияларды, нефти жана газ өткөргүчтөрдү жана отун-энергетика комплексинин башка объекттерин долбоорлоо, куруу жана пайдалануу үчүн Кыргыз Республикасынын шарттарына туура келген мыйзамдык жана нормативдик документтерди иштеп чыгуу;

- жергиликтүү шарттарга жана заманбап эл аралык деңгээлге жакшылап көнүктүрүү максатында колдонулуудагы Курулуш нормаларына жана эрежеле-

рине (СНиП), Электр орнотмолорду орнотуу эрежелерине (ПУЭ) жана башка нормативдерге толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү негиздөө жана киргизүү;

- жабдуулар жана электр техникалык буюмдар боюнча стандартташтыруу жаагында иштерди аткаруу, жаңыларын иштеп чыгуу жана эл аралык стандарттарды жергиликтүү шарттарга көнүктүрүү;

- көмүрдү, нефтини жана газды казып алуу, ташуу жана сактоо процессинде алардын коромжуга учурашын азайтуу боюнча мыйзамдык жана нормативдик документтерди, ошондой эле башка чараларды иштеп чыгуу;

- отун өнөр жайына жаратылышты коргоочу ишмердик боюнча нормативдерди иштеп чыгуу;

- жабдууларды долбоорлоонун, куруунун жана сатып алуунун бардык түрлөрүндө белгиленген тартипте бекитилген нормаларды жана эрежелерди милдеттүү аткарууну, анын ичинде эл аралык стандартка салыштырганда кыйла жогорку талаптарды камтыса, Кыргыз Республикасынын стандарттарынын артыкчылыгын сактоону камсыздоочу чараларды иштеп чыгуу.

ОЭКте илимий, илимий-техникалык жана инновациялык ишмердикти мамлекеттик жөнгө салууну ишке ашыруунун механизмдери болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- каржылоонун бардык булактарынын эсебинен жаңы технологияларды жана жабдууларды иштеп чыгуу үчүн экономикалык шарттарды түзүү;

- максаттуу илимий-техникалык жана инновациялык программаларды түзүү;

- ОЭКке инновациялык ишмердиктин жана жаңы технологиялардын артыкчылыктуу багыттарын аныктоо жана ишке ашырууну контролдоо системасын иштеп чыгуу, анын ичинде түрдүү өлкөлөрдө кыйла кеңири колдонулган технологиялык өнүктүрүүнүн тармактык карталарын пайдалануу менен;

- илимий-изилдөө жана тажрыйба конструктордук иштерди каржылоонун консолидацияланган тармактык булактарын чыңдоо жана өнүктүрүү, ири инновациялык долбоорлорду ишке ашыруу максатында бюджеттик жана бюджеттен тышкаркы каражаттарды концентрациялоо;

- кыйла келечектүү технологияларды иштеп чыгуу жана ишке киргизүү менен байланышкан илимий жана жогорку технологиялардын республикалык борборлорун ОЭК системасында уюштуруу;

- интеллектуалдык менчик объекттерин жана илимий-техникалык ишмердиктин башка натыйжаларын ОЭКке чарбалык жүгүртүүгө тартуу системасын иштеп чыгуу.

ОЭКке илимий-техникалык саясаттын артыкчылыктарын ишке ашыруу максатында төмөнкүлөрдү каруу зарыл:

- республикалык максаттуу программаларды иштеп чыгууда жана ишке ашырууда мамлекеттик кызыкчылыктарды сактоону контролдоону жана мамлекеттик финансылык колдоону күчөтүү, аларды ОЭКти өнүктүрүүнүн стратегиялык милдеттерин камсыз кылууга кайрадан багыттоо;

- жаңы прогрессивдүү илим сыйымдуу технологияларды, материалдарды жана жабдууларды экономикалык жактан стимулдоо принциптерин иштеп чыгуу;

- энергетикалык сектордо илимий уюмдарды инвентаризациялоону жүргүзүү;

- авторлордун жана интеллектуалдык менчиктин укук ээлеринин укуктарын коргоо маселелерин, ошондой эле ата мекендик инновациялык чөйрөгө чет өлкөлүк инвестицияларды тартуу маселелерин кошкондо энергетикада инновациялык ишмердиктин бүтүндөй нормативдик укуктук базасын түзүү;

- инновациялык инфраструктура объекттерин түзүү жана өнүктүрүү.

ОЭК тармактарында илимий-техникалык саясаттын көрсөтүлгөн багыттарын ишке ашыруунун зарыл шарты болуп илимий жана илимий-техникалык ишмердиктеги кадрдык потенциалды сактоо жана өнүктүрүү эсептелет. Ал үчүн илимий-техникалык ишмердиктин кадыр-баркын жана кызыктыруучулугун жогорулатуу камсыздалууга тийиш; илим чөйрөсүнө жаңы кадрларды тартуу жана калтыруу үчүн шарттарды түзүү; мамлекеттик маанидеги маанилүү инновациялык долбоорлорду ишке ашырууда илимий кадрларды даярдоонун өз ара байланышын камсыздоо; жогорку квалификациялуу илимий кадрларды даярдоо сапатын жогорулатуу, ОЭКтин бардык звенолорунда жетектөөчү кадрлардын жа-

на инженердик-техникалык кызматкерлердин квалификациясын системалуу жогорулатуу.

Рынок экономикасынын жаңы, тез өзгөрүп жаткан шарттарында тармактын жетекчилери, алардын ишканалары жана түзүмдүк бөлүмдөрү менеджмент жана маркетинг жагында дагы, тейленүүчү сектордогу соңку техникалык жетишкендиктер жаатында дагы жаңы билимдерди алуусуз жана дайыма өркүндөтүп туруусуз жетекчиликтин зарыл болгон деңгээлин камсыздай алышпайт. Жетектөөчү кадрларды кайра даярдоонун колдонулуудагы системасы, анын ичинде түрдүү программалардын жана фонддордун жардамдары жеткиликсиз болуп эсептелет. Абалды жакшыртуу үчүн жетектөөчү кадрларды милдеттүү түрдө системалуу түрдө кайра даярдоо зарыл, ал үчүн Кыргыз Республикасынын жана башка өлкөлөрдүн жетектөөчү адистерин окутуу үчүн тартуу менен ОЭКтин жетектөөчү кадрларын кайра даярдоонун жана квалификациясын жогорулатуунун дайыма иштөөчү окуу курстарын уюштуруу керек.

Кайра даярдоо процесси төмөнкүдөй негизги багыттарды камтууга тийиш:

- энергияны сактоо жана стандарттарды сактоону контролдоо программаларын иштеп чыгуу, аткаруу жана натыйжалуулугун жогорулатуу максатында энергетикалык жана өнөр жайлык ишканалар үчүн топ-менеджерлерди даярдоо;
- рынок шарттарында ОЭК ишканаларына экономикалык талдоо жүргүзүү;
- тармактын ишканаларын мамлекеттен ажыратуу жана менчиктештирүү шарттарында баа түзүү;
- атаандаш рынок экономикасындагы инновациялар;
- ОЭК ишканаларында лицензиялоо методикасы;
- жаңы формаларда жана ишканалардын түзүмдөрүндө башкаруу методикасы жана экономика;
- өз учурундагы маалыматтык технологиялар жана компьютердик даярдоо;
- квалификацияны кесиптик жогорулатуу, отун жана электр энергетика жаатындагы соңку жетишкендиктер;
- чет тилдерге окутуу.

Илимий-техникалык саясатты каржылоо негизинен илимий түзүмдөр менен контракттык (келишимдик) негизде тармактык түзүмдөрдү каржылоонун эсебинен ишке ашырылат. Техникалык жана экологиялык коопсуздук жаатында жарым-жартылай каржылоо, ченемдик укуктук жоболорду иштеп чыгуу жана мамлекеттик маанидеги башка маселелер тиешелүү мамлекеттик түзүмдөр аркылуу бюджеттик каражаттардын эсебинен жүргүзүлүшү керек. Каралуучу мезгилге ОЭКке илимий-техникалык иштен чыгууларга ар жылкы эң аз зарыл болгон сарптоолордун жалпы суммасы жылына 6 млн. сомго, анын ичинде бюджеттин эсебинен 1 млн. сомго бааланат. ОЭК продукцияларынын өздүк наркынын эсебинен прикладдык илимий иштерди каржылоо көлөмдөрүн кошуу жөнүндөгү маселе нормативдүү чечилүүгө тийиш.

10. ОЭКти өнүктүрүүнү камсыздоонун инвестициялык саясаты

ОЭК тармактарын туруктуу өнүктүрүүнү камсыздоо мүмкүндүгү, керектөөчүлөрдү отун энергия менен ишенимдүү камсыздоо жана энергетиканы кризистен чыгаруу комплекстин тармактарын түзүмдүк кайра куруунун жана өлкөнүн бүткүл экономикасынын алкагында жеткиликтүү түрдө катуу жүргүзүлүүчү инвестициялык саясат менен аныкталышы керек. Инвестициялык саясатка таасир этүүчү негизги фактор болуп ОЭК тармактарынын эң чоң инерциялуулугу, фонд сыйымдуулугу жана капитал сыйымдуулугу эсептелет, бул комплекстин өндүрүштүк потенциалын сактоо жана байытуу боюнча бир жолку жана кыска мөөнөттүү чараларды жүргүзүү мүмкүн эместигин алдын ала аныктайт.

Өндүрүштүк потенциалды бузуу коркунучу барган сайын сезилип барат, бул өлкөнүн энергетика секторуна капиталдык салымдарды өздөштүрүү динамикасы менен ырасталат. Салыштырылуучу бааларда каржылоонун бардык булактарынын эсебинен капиталдык салымдардын көлөмү акыркы 5 жылда бир нече эсе кыскарды, энергия компанияларында ремонттук калыбына келтирүү

иштеринин көлөмдөрү 60%ке, ал эми капиталдык салымдар - 35% деңгээлинде гана аткарылат.

Жаңы кубаттуулуктарды киргизүү үчүн электр энергетикага инвестицияларды тартууга аракеттер Камбарата ГЭС-2 курулушун колдоо үчүн ар жылкы бюджеттик каражаттарды жана өндүрүштүк базаны өнүктүрүүгө компаниялардын өздүк каражаттарын жана мамлекеттик инвестициялар программаларынын алкагындагы капиталдык салымдардын анча чоң эмес көлөмдөрүн кошпогондо кааланган натыйжаларды бербейт.

ОЭКтеги инвестициялык кризистин негизги себептери төмөнкүлөр болуп эсептелет: өздүк жана карыз финансылык ресурстардын өтө тартыштыгы; мамлекеттин бюджетинен капиталдык курулушту каржылоонун кыскарышы; өздүк каражаттардын эсебинен жана чет өлкөлүк инвестицияларды тартуудан өндүрүштү өнүктүрүүгө ишканаларга дем берүүчү экономикалык механизмдин жоктугу; энергия пайдалануучулардын дебитордук карыздарынын өсүшү жана анын натыйжасы катары өндүрүүчү, берүүчү жана бөлүштүрүүчү энергетикалык компаниялардын ортосундагы өз ара төлөмдөрдүн кризиси; өлкөнүн бюджетине карыздарды төлөө жана кредиттер боюнча, анын ичинде эл аралык финансы уюмдары жана жеке чет өлкөлүк инвесторлор бергендер боюнча энергетикалык ишканалардын карыздарынын өсүшү.

Биринчи сценарий боюнча энергетикалык секторду өнүктүрүү үчүн инвестицияларга муктаждык 3,02 млрд. АКШ долл. көлөмүндө бааланат, анын ичинен:

төмөнкү мезгилдерде жаңы кубаттуулуктарды киргизүүгө:

2008-2010-жылдары - 280 млн. АКШ долл.;

2011 -2015-жылдары - 720 млн. АКШ долл.;

2016-2020-жылдары - 1620 млн. АКШ долл.;

Реконструкциялоого: 2008-2010-жылдары - 75 млн. АКШ долл.

- тармактарды жана подстанцияларды өнүктүрүүгө: 2008-2010-жылдары - 325 млн.АКШ долл.

Экинчи сценарий боюнча 5,570 млрд. АКШ долл., анын ичинен:

- төмөнкү мезгилдерге жаңы кубаттуулуктарды киргизүүгө:

2011-2015-жылдары - 1620 млн. АКШ долл.;

2016-2020-жылдары - 2120 млн. АКШ долл.;

2021-2025-жылдары - 1000 млн. АКШ долл.;

- тармактарды жана подстанцияларды өнүктүрүүгө: 2011-2015-жылдары 300 млн. АКШ долл.;

2016-2025-жылдары - 250 млн. АКШ долл.

- чакан ГЭСтерди жана НВИЭлердн өнүктүрүүгө: 315 млн. АКШ долл., анын ичинен төмөнкү мезгилдерге:

2008-2010-жылдары - 45 млн. АКШ долл.;

2011-2015-жылдары - 80 млн. АКШ долл.;

2016-2020-жылдары - 90 млн. АКШ долл.;

2021 -2025-жылдары - 100 млн. АКШ долл.

ИДПсы 100 млрд. сомдон бир аз гана көбүрөөк болгон Кыргыз Республикасынын бюджети ушундай олуттуу каражатты бөлүүгө алы келбейт.

Кырдаалды жакшыртуу үчүн төмөнкүлөр зарыл:

- өз ара төлөмдөрдү четтетүү энергия компаниялардын ортосунда, фискалдык органдардын алдындагы салыктар жана кредиттер боюнча карыздар боюнча карыздарды реструктуралаштырууну жүргүзүү;

- энергия булактарына баалардын ашыкча болушун четтетүү жана энергия ресурстарын чыгаруу, керектөөчүлөргө берүү жана жеткирүү боюнча энергия компанияларынын жана ишканаларынын сарптоолорун жабуучу баалаарга жана тарифтерге өтүү;

- тездетилген амортизация практикасын киргизүү менен энергетикалык ишканалардын негизги фонддорун кайра баалоону жүргүзүү;

- менчик жана чет өлкөлүк инвестициялык ресурстарды конкурстук жайгаштырууда же жетишилген мамлекеттер аралык келишимдерге ылайык инвестициялык долбоорлордун санын кеңейтүү;

- колдонулган электр энергиясы үчүн бартердик өз ара эсептешүүлөрдү жоюу, толук масштабдуу реструктуралаштыруу, чыгымдарды, энергия булактарынын коромжулуктарын жана уурдоолорду кыскартуу аркылуу

энергетикалык компаниялардын финансы-экономикалык жакшырышын тездетүүгө багытталган чукул чараларды көрүү;

- баалуу кагаздардын экинчи рыногун жана фондулук рыноктун инфраструктурасын өнүктүрүү;

- иштеп жаткан жана келечектүү ГЭСтерден электр энергияны экспорттоо үчүн инфраструктура объекттеринин курулмаларын өз учурунда камсыздоо менен ЕврАзЭСке, ошондой эле Борбордук жана Түштүк Азиядагы электр энергиянын мамлекеттер аралык дүң рыногун өнүктүрүүгө активдүү катышуу;

- энергетикалык секторго жеке инвестицияларды тартуу боюнча ДБ, МВФ, АБР, ЕБР ж.б. эл аралык финансы институттарынын ортомчулук катышуусун пайдалануу.

Жеке инвестицияларды тартуу боюнча биринчи кезектеги чаралар төмөнкүлөр болууга тийиш:

- бир катар иштеп жаткан жана келечектүү генерациялоочу кубаттуулуктарды менчиктештирүү боюнча мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизүү;

- электр энергетика секторун менчиктештирүү программасынын IV этабын бекитүү;

- 2008-2011-жылдары Кыргыз Республикасынын Орто мөөнөттүү тарифтик саясатын иштеп чыгуу жана кабыл алуу;

- жеке инвесторлор үчүн келечектүү инвестициялык долбоорлордун тизмесин түзүү;

- инвесторлор менен иштөө үчүн энергетикалык ишканалардын финансы-экономикалык көрсөткүчтөрүнүн ачык-айкындуулугун камсыздоо.

Жеке инвестицияларды, анын ичинде стратегиялык азыркы учурдагы болжолдонгон инвесторлор (Интер РАО ЕЭС; Ага Хан фонду; AES Корпорациясы (США); КЭР компанияларынын тобу; "Ренова" компанияларынын тобу (РФ); Татарстан Республикасынын компанияларынын тобу (РФ) жана башкалар) тартуу жөнүндө маселе кыйла курч турат.

Орто мөөнөттүү мезгилде (2008-2010-жылдарга) иштеп жаткан генерациялоочу кубаттуулуктарды реабилитациялоого жана жаңыларын курууга инвестициялар талап кылынат. Жаңы курулуштун артыкчылыктуу объекттерине Камбарата ГЭС-2 кирет, наркы 11,48 млрд. сом (280 млн. ДКШ долл.), реабилитация боюнча объекттерге - Бишкек ТЭЦ-1, Үчкоргон ГЭСи жана Атбашы ГЭСи кирет. Баалоочу инвестициялар төмөнкүлөрдү түзөт: ТЭЦ-1 үчүн 2,05 млрд. сом (50 млн. АКШ долл.), Үчкоргон ГЭСи үчүн - 615 млн. сом (15 млн. АКШ долл.) жана Атбашы ГЭСи үчүн - 410 млн.сом (10 млн. АКШ долл.). Ушул объекттерге карата капиталдык салым мамлекеттик инвестициялар программалар алкагында өздүк каражаттардын, гранттардын жана инвестициялардын эсебинен камсыздалышы керек. Бишкек ТЭЦ-1 жана Бишкек ТЭЦ-2 жылуулук станцияларына карата эки станцияны бириктирип, мамлекетке тиешелүү "Кара-Кече" көмүр кенинин бөлүгүн жана Бишкек шаарындагы жылуулук энергияны бөлүштүрүүчү компанияларды бириктирип стратегиялык инвесторду тартуу менен альтернативалык ыкманы кароо керек.

Узак мөөнөттүү келечекте (2011-2025-жылдар) Камбарага ГЭС-1ди курууга, наркы 83,2 млрд. сом (1,9 млрд. АКШ долл.); Жогорку-Нарын ГЭСи: Акбулуң ГЭСи - 8,2 млрд. сом (200 млн. АКШ долл.), Жыланарык ГЭСи - 90,2 млрд. сом (220 млн. АКШ долл.) курууга инвестициялар керек. Кара-Кече ТЭСин курууга инвестициялардын көлөмү 45,1 млрд. сом (1,1 млрд. АКШ долл.) менен бааланат.

2010-ж. чейинки мезгилге улуттук система түзүүчү тармактарды өнүктүрүү үчүн белгиленген инвестициялардын көлөмдөрү болжол менен 13,74 млрд. сом (335 млн. АКШ долл.), анын ичинде: ЖЛ 500 кВ Түндүк-Түштүк ПС 500/220 кВ куруу үчүн - 10,5-10,25 млрд. сомду (245-250 млн. АКШ долл.); Түштүк тармагын өнүктүрүү үчүн (ПС 500/220 Датка жана ЖЛ 220 кВ) - 2,05-2,25 млрд. сомду (50-55 млн. АКШ долл.), ЖЛ 500 кВ "Датка-Худжанд" болжолдуу түрдө 20 млрд. сомду (570 млн. АКШ долл.) жана "Баткен облусун энергия менен жабдууну жакшыртуу" долбоору үчүн - 410 млн. сомду (10 млн. АКШ долл.) түзөт.

Табигый жаратылыштык жапа техногендик таасирлердин коркунучун болтурбоо үчүн болжол менен 300 млн. сом инвестициялардын көлөмүндөгү электр берүү линияларынын трассын чыңдоо боюнча коргоочу чаралардын

комплексин жүргүзүү зарыл. Жогорку вольттуу электр тармактарын техникалык жактан кайра жабдууга багыттоо үчүн зарыл болгон инвестициялардын көлөмү 2,1 млрд.сом өлчөмүндө бааланат. Бөлүштүрүүчү тармактарды жаңылоого жана техникалык жактан кайра жабдууга багытталган инвестициялардын жалпы өлчөмү 10,25 млрд. сом (250 млн. АКШ долл.) чоңдугунда бааланат. Реконструкциялоону этабы менен жүргүзүү ар жылкы инвестициялык жүктөмдү азайтууга мүмкүндүк берет.

Чакан ГЭСтер жана НВИЭ. 2010-жылга чейинки мезгилде убактылуу токтотулган чакан ГЭСтерди техникалык жактан кайра жабдуу жана калыбына келтирүү, ошондой эле республиканын түрдүү райондорунда суммалык кубаттуулугу 178 МВт жана орточо жылдык иштеп чыгуусу жылына 1 млрд. кВтс болгон жаңы чакан ГЭСтерди куруу болжолдонууда. Ушул иш-чараларды жүзөгө ашыруу үчүн 8,36-11,02 млрд. сом (220-290 млн. АКШ долл.) көлөмүндөгү инвестициялар зарыл. НВИЭни өнүктүрүүгө инвестицияларды тартуу үчүн республиканын өнөр жай ишканаларынын күн коллекторлорун жылдык өндүрүүнү - 100-150 миң кв.м чейин, шамал агрегаттарын - 250 МВт чейин, чакан ГЭСтерди - 2-2,5 МВт чейин, фотоэлектрдик өзгөртүп түзүүчүлөрдү 2-3 МВт чейин жылына 520-950 млн. сом (13-25 млн. АКШ долл.) жалпы суммасына көбөйтүү мүмкүнчүлүгүн пайдалануу зарыл. Электр энергияга тарифтердин пландалган өсүшү чакан ГЭСтерди жана НВИЭлерди өнүктүрүүгө белгиленген натыйжалуулукту жана атаандаштыкты өнүктүрүүнү камсыз кылат. Инвестициялардын өзүн-өзү актоосун тездетүү ата мекендик жана чет өлкөлүк инвесторлорду тартууга дем берет.

Нефтегаз өнөр жайында 2008-2010-жылдар үчүн нефтини жана газды казып алууну көбөйтүүнү ишке ашыруу пландарын жүргүзүү үчүн 868,7 млн. сом жана геофизикалык изилдөөлөрдү жүргүзүүгө кошумча - 315 млн. сом (90 млн. АКШ долл.) керектелет. Ушул иштерди аткаруу чет өлкөлүк инвестицияларды тартуу менен каралган, мында "Кыргызнефтегаз" ААКы жыл сайын 120 млн. сомго чейин капиталдык салым белүүгө ниеттенет.

Газ менен жабдуу чөйрөсүндө заманбап технологиялык жабдуулар, эсепке алуу жана контролдоо приборлору менен кайра жабдууга инвестициялар 20 млн. АКШ долл. түзүүгө тийиш. "Кыргызгаз" ААКнын газ бөлүштүрүүчү тармактарын жаңыдан курууга - 70 млн. АКШ долл. керек. "Казтрансгаз" ААКнын газ транспорттук системаларын ремонттоого жана модернизациялоого - 10 млн. АКШ долл., газ түтүгүнүн экинчи тарамын курууга - 200 млн. АКШ долл. керек.

Көмүр өнөр жайында иштеп жаткан ишканаларга казууга жардам берүү үчүн жылына 70 млн. сом өлчөмүндөгү инвестициялар; 2008-2010-жылдар мезгилине - 210 млн. сом зарыл. Кара-Кече разрезин өздөштүрүүгө 81,4 млн.АКШ долл. өлчөмүндөгү инвестициялар талап кылынат.

Жалпысынан отун өнөр жайын өнүктүрүүгө инвестицияларга муктаждык 2008-2010-жылдарда төмөнкүлөрдү казууга жардамдашууга жана көбөйтүүгө керектелет:

- иштеп жаткан шахталардагы жана разрездердеги көмүр - 210 млн. сом;

нефти жана газ - 868,7 млн. сом, анын ичинде "Кыргызнефтегаз" ААКнын өздүк каражаттары - 36,0 млн. сом;

нефти жана газга геофизикалык изилдөөлөрдү жүргүзүүгө - 90 млн. АКШ долл.;

- газ транспорттук системаларды ремонттоого жана модернизациялоого - 10 млн. АКШ долл ("КырКазТрансГаз" БИ);

- газ менен жабдуу системаларын модернизациялоого жана жаңы курууга - 20 млн. АКШ долл ("Кыргызгаз" ААКы).

- 2011-2025-жылдарга:

- "Көмүр" МИ Кара-Кече көмүр кенин өздөштүрүүгө - 81,4 млн АКШ долл.;

- "Кыргызгаз" ААКы, "КазКырТрансГаз" БИ газ түтүгүнүн экинчи тарамын курууга - 130 млн АКШ долл.;

- "Кыргызгаз" ААК газ менен жабдуу системаларын модернизациялоого жана жаңы курууга - 70 млн. АКШ долл.

2008-2010-жылдар, 2011-2015-жылдар, 2016-2020 жылдар,

2021-2025-жылдар мезгилине энергетикалык объекттерди өнүктүрүүнү каржылоо үчүн зарыл инвестициялардын көлөмү 10.1-таблицада келтирилген.

10.1-таблица

2008-2025-жылдар мезгилине Кыргыз Республикасынын ОЭКте жаңы курулуш объекттерин жана реконструкциялоону каржылоо үчүн зарыл инвестициялар(*)

Аталыштары	Орнотулган кубаттуулугу, МВт	Курулуштун мөөнөтү	Сметалык наркы, млн. АКШ долл.	2008-2010 жж.	2011-2015 жж.	2016-2020 жж.	2021-2025 жж.
Электрэнергетика							
Жаңы курулуш							
Камбарата ГЭС-2	360	2007-2010	280	280			
Камбарата ГЭС-1	1900	2011-2020	1900	-	500	1400	
Жогорку-Нарын ГЭСи	200	2011-2015	220		220		
Ак-Булуң ГЭСи	200	2010-2015	220			220	
Жыйынтыгы 1-сценарий		2008-2025 жж.	2620	280	720	1620	
Сарыжаз ГЭСи	1200	2010-2025	1200			200	1000
Кара-Кече ТЭСи	1200	2008-2015	1200		900	300	
Жыйынтыгы 2-сценарий		2008-2025 жж.	5020	280	1620	2120	1000
Чакан ГЭСтер	176	2008-2020	290	40	70	80	100
НВИЭ		2008-2020	25	5	10	10	
Бардыгы		2008-2025 жж.	5335	325	1700	2210	1100
Реконструкция							
Бишкек ТЭЦ-1	688	2007-2010	50	50			
Уч-Коргон ГЭСи		2007-2010	15	15			
Ат-Башы ГЭСи		2007-2010	10	10			

Кемин подстанциясы ЛЭП 500 кВ		2007-2012	250	120	130		
Датка подстанциясы ЛЭП 220 кВ	360 км	2007-2012	55	55			
Баткен облусун электр менен жабдуу		2007-2010	10	10			
Техникалык кайра жабдуу							
Жогорку вольттуу ЛЭП		2007-2010	60	60			
Бөлүштүрүүчү электр тармактары		2008-2015	250	80	80	90	
Отун өнөр жайы							
Нефтегаздык:							
Нефтини казууну колдоого		2008-2010	15	15			
Геофизикалык изилдөөлөр		2008-2015	90	45	45		
Кыргызгаз:							
модернизация жана жаңы курулуш		2008-2020	600	150	150	150	150
Жыйынтыгы			705	210	195	150	150
Көмүр өнөр жайы:							
Казууну колдоого							
Кара-кече разрезин өздөштүрүүгө, млн. АКШ долл.		2008-2015	81,4	40	41,4		

(*) Зарыл инвестициялар болжолдуу, алар сунушталган объекттер боюнча ТЭОну даярдоого жараша такталат.

Улуттук энергетикалык
программанын долбооруна
тиркеме

Улуттук энергетикалык программанын текстинде

пайдаланылган кыскартуулардын жана белгилөөлөрдүн
ТИЗМЕСИ

ЦАР - Борбордук Азия репюну
ЕврАзЭС - Европа-азиялык экономикалык шериктештик
БАЭК - Борбордук Азиялык экономикалык шериктештик
ОЭК - отун-энергетикалык комплекс
ОЭР - отун-энергетикалык ресурстар
ОЭБ - отун-энергетикалык баланс
БЭС - бириккен энергетикалык система
УЭП - улуттук энергетикалык программа
СРС - өлкөнү өнүктүрүү стратегиясы
КМШ - Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештиги
КФД - квазифискалдык дефицит
ЧЖТ - чыгымдарды жапкан тариф
ЭЭС - электр энергетикалык сектор
"ЭС" ААКы - "Электр станциялары" ачык акционердик коому
"Кыргызстандын УЭТи" ААКы - "Кыргызстандын улуттук электр тармагы" ачык акционердик коому
"Көмүр" МИ - "Көмүр" мамлекеттик ишканасы
БИ - биргелешкен ишкана
ЖЧК - жоопкерчилиги чектелген коом
ИДП - ички дүң продукт
ИИИ жана ТКИ - илимий-изилдөө иштери жана тажрыйба-конструктордук иштер
ЭЭК жана ЭАС (АСКУЭ) - электр энергияны контролдоо жана эсепке алуунун автоматташтырылган системасы
ШГБП - шкафтык газ бөлүштүрүүчү пункт
БГР-ТБА - Бухара газ чыгуучу район - Ташкент-Бишкек-Алматы
ЭСЭК - Эл аралык суу-энергетикалык консорциум
НВИЭ - энергиянын салттуу эмес калыбына келтирилүүчү булактары
ИӨК - ири өнөр жай керектөөчүлөр
ЛЭП - электр берүү линиясы
СНиП - Курулуш нормалары жана тартиби
ЭТТ - Электр орнотуу түзүлүшүнүн тартиби
ДБ - Дүйнөлүк банк
ЭВФ - Эл аралык валюталык фонд
АӨБ - Азия өнүктүрүү банкы
ЕБРР - Европалык реконструкция жана өнүктүрүү банкы
"Энергия" КИТБ - "Энергия" энергетика боюнча Кыргыз илимий-техникалык борбору